ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ



# Жакып Алдашов

ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ

# ТЕҢИР-ТООНУН «МИЧУРИНИ»

*(Даректүү баян)*

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
Д 71

**Дөлөев Өмүрбек.**
Д 71 **Теңир-Тоонун «Мичурини».** – Б.:
«Улуу тоолор», 2017. – 160 б.

ISBN 978–9967–477–08–7

Д 4702300100–17
ISBN 978–9967–477–08–7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

© Дөлөев Ө., 2017.

«Күлүк күнүндө, тулпар тушунда» дегендей, адам каруу-күчтүү күнүндө, өз мезгилинде канчалык эл-журтка жугумдуу каарман эмгеги менен таанылып турса да, ошол жөнөкөйлүгү, ошол жерге жакындагы менен да мезгил мерчеми, улам кийинки муундардын келиши менен унутула баштайт окшобойбу. Ошондой орошон адамдын бири Жакып Алдашов Үркүндө Кытайда байга жалданып иштеп жүрүп, андан Нарын чөлкөмүнө келген. 1929-жылдан Таш-Рабат чек ара комендатурасында (1929–1938-ж.ж. же 9 жыл), андан Кыргызстан дыйканчылык боюнча илимий изилдөө бирикмесинин Нарындагы таяныч пунктунда практик-агроном же тубаса агрономдукта (1938–1987-ж.ж. же 49 жыл), дааналап айтканда жалпысы 57 жыл же 86 жашка чыккыча Теңир-Тоодо маңдай терин жерге алтындай чачкан. 86 жаш курагынан кийин да 5 жыл бою ошол канча жылдап өмүр кечир-

ген, жашоо-турмушун өткөргөн, бакты тапкан таяныч пунктуна барып-келип турган. 1991-жылы, 92 жашында дүйнө салган.

Өмүрү өрнөк адам чыныгы күжүрмөн эмгектин үлгүсүн бийик адамгерчилиги, жердин даана сырдашы, кыйбасы катары көрсөткөн. Анын көмөгү, чаалыкпаган, күн-түн дебей кыймылдаган теңдешсиз эмгеги менен таяныч пунктунан П.Я.Крячков сыяктуу бир катар окумуштуулар чыккан. Ал мөмө жемиштердин, жашылча жемиштердин, мөмө дарактарынын, жыты буркураган ар түркүн гүлдөрдүн неченделен жаңы сортторун тоолуу жергенин табиятына ыңгайлаштырып өстүргөн, чоң сыноолордон илимий негизде жогорку сапатта өткөрүүгө өзүнүн эбегейсиз салымын кошкон.

Автор унут калып бараткан улуу адамдын өмүр издерин көптөгөн аракеттер менен изилдеп, сурамжылап, топтоп, алгылыктуу эстелик кылып жазып чыккан. Китеп окурмандардын кеңири катмарына арналып, алп эмгек адамды сөзсүз жакшылыкка жеткирип, бактыга бөлөөрүн шарданалайт.

## ТЕҢИР-ТООНУН «МИЧУРИНИ»

## ЖЕР СООРУСУ ЖЕТИ-ӨГҮЗ

Өлкөбүздүн көркү көздү тарткан, укса кулактын кумарын кандырып, жүрөктү сүйүнткөн «Жер соорусу – Жети-Өгүз!» – деп суктандырган, ажайып коозлукка бөлөнгөн, касиеттүү аймагында «Нарындын Мичурини» аталган Алдаш уулу Жакып (Бугунун Тынымсейит уруусунан) жарык дүйнөгө келген. Жергенин керемети анын балдай ширин балалыгына, бозочок өмүрүнө жуурулушкан. Ал ушул өрөөндө кулундар менен кубалаша ойноп, козу-улактары менен тең жарыша чуркап, көпөлөк кууп, кыр-кырдан түшүп келип тескейлерден ышкын терип жеп, тай минип, куштай зымырылган сууларын бойлоп өскөн. Анын жашоо-турмушуна ушул касиеттүү жергенин көркү, ата-бабасынын нарк-салты, каа-

дасы, акыл кенчтери сиңген. Жакыптын ошол кут жергеси тууралуу эң оболу кеп салуу ага таандык нерсе деп ойлойбуз. Албетте, октябрь ыңкылабынан кийинки гана фактылар менен. Ал эми, ага чейинкиси санжыраларда, эл оозунда, тарыхый булактарда так жана болжолдуу түрдө аздыр-көптүр белгилүү.

...Кыргыздын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караган кооз бул **ЖЕТИ-ӨГҮЗ ӨРӨӨНҮ** Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында, Жети-Өгүз суусунун алабында, Пржевальск шаарынан 22–45 километр түштүк-батыш тарапта жайгашкан.Токой чарбасынан (кордондон) тартып өрөөндүн башына чейинки аралык – 28, 5 километр, орто туурасы 11 километр, аянты 63 километр квадрат. Басымдуу бийиктиги 2000–3000 метр. Рельефи тоолуу, каптал өрөөндөрү көп. Капчыгай оозунда анча бийик эмес (1800–2000м) бөксө тоо (5–15 градус), андан жогору капталдары жантайыңкы (10–30 градус) орто бийик (2200–2800 м) тоолор, улам жогорулаган сайын капталдары тик

(30–50 градус) бийик (3000 м. жогору) тоолор жатат. Жети-Өгүз курортунун аймагы палеогендик кум, конгломерат, чопо, Көк-Жайыктан жогору көбүнчө палеозойдун гранит тектеринен турат. Климаты мелүүн континенттик, июлдун орточо температурасы 14,8 С. Жылдык жаан-чачыны 500-600 мм. Капчыгай аркылуу Жети-Өгүз суусу агат. Анын жээктеринде чырганак, тал, жылгын, карагат, итмурун жыш токой болуп өсөт.

**Жети-Өгүз суусу** Ысык-Көлгө куят. Узуну 52 километр, алабынын аянты 387 км. квадрат. Баш жагында кууш капчыгай менен, Жети-Өгүз кыштагына жакын кең өрөөн аркылуу агат. Негизинен мөңгү жана жер алдындагы суудан куралат. Апрелде кире баштап, сентябрда тартылат. Жети-Өгүз суусунун жалпы узуну 110 километрге жеткен 36 куймасы жана анын алабында 18 майда көл бар.

Жети-Өгүз өрөөнүндө жер астынан чыккан минералдуу суулар бар. (**Жети-Өгүз минералдуу суусу**). Ысык булактар Жети-Өгүз брахиантиклинал-

дуу бүктөлүүнүн чегинде чыгат Анын борбордук бөлүгү (ядросу) протерозой заманында пайда болгон метаморфизмделген сланецтердин жана гранит интрузияларынан түзүлгөн. Капталдарында карбон мезгилинин аки таш теги, кумдук жана алевролиттери, юранын конгломераттары жана палеоген-неогендин кум-чополуу тоо тектери жатат. Минералдуу суулар 2-даражадагы антиклиналдардын борбордук бөлүктөрүндө жайгашкан аки таш тектериндеги тектоникалык жаракалар аркылуу жер бетине булак түрүндө чыгат. Ошондой эле, суу бургуланган көзөнөктөр менен 150 метрге чейинки тереңдиктен агып чыгат. Тоонун тескей беттерин карагай токою ээлейт.

**Өрөөндүн табияты** (токой чарбасынан тартып) өтө кооз. Асыресе, Жети-Өгүз курортунун (2200–2400 м. бийикте) аймагы көрктүү. Анын түндүк жагынан орун алган кызыл чополуу «Жети-Өгүз аскасынын» панорамасы өзүнүн табигый кооздугу менен бүткүл элге маалым. Ал 1968-жылы Кыргыз-

станга арналган советтик почта маркага жана көп сандаган китеп-журналдарга басылган. Асканын аймагын жергиликтүү эл **«Кызыл-Үңкүр»** деп аташат. «Жети-Өгүз» деген аттын келип чыгышы жөнүндө эл оозунда бир нече уламыш бар, көбүнчө ал Кызыл-Үңкүрдөгү жети аска менен байланыштуу. Асканын түндүк капталы (ортосунан жарылган) жүрөк формасын элестеткендиктен, аны **«Жарылган жүрөк»** деп аташат. Курорттон жогору капчыгай 3–4 километр аралыкка кууш тартып, андан чыга беришинде шиберлүү **Көк-Жайык** түздүгү жайгашкан. Ал Жети-Өгүз өрөөнү боюнча эң кеңири жана тегиз, дем алууга ыңгайлуу жай. Бул түзөңдө эзелтен бери майрамдар, тойлор өткөрүлүп турат. Анын тегерегин чер карагайлуу токой ээлейт. Көк-Жайыктан жогору капчыгай кууш тартып, каптал өрөөндөрү (Ат-Жайлоо, Асан-Тукуму, Бай-Төр, Өөн-Төр, Кыр-Кыя, Телити, Аюу-Төр, Ашуу-Төр ж.б) көп. Алар карагай, арча, кайың, тал, четин, долоно, ыргай, шилби, итмурун, карагат аралаш өскөн чытыр-

ман токойлуу. Мында элик, кашкулак, түлкү, тыйын чычкан, субальп жана альп тилкелеринде аюу, илбирс, суур, тоо эчки, канаттуулардан кекилик, улар, көгүчкөн ж.б. бар.

Токой байлыгын көбөйтүү максатында Жети-Өгүздө көп түрдүү жыгач көчөттөрү олтургузулган. Жапайы жаныбарларды коргоо жана көбөйтүү максатында 1958-жылы **Жети-Өгүз заказниги** уюштурулган. Жай айларында жана дем алыш күндөрү Жети-Өгүзгө эс алуучулар, туристтер, жүргүнчүлөр жана экскурсанттар келип турушат.

Заказник токой фондусунун аймагында уюштурулган. Аянты 30 миң гектар. Жери тоолуу болгондуктан, өсүмдүк дүйнөсү алкактардан турат. Заказниктин бөксөсүндө шалбаа чөбү өсүп, утур жогорулаган сайын токой алкагы, субальп, альп шалбаа кездешип, тоо чокусун мөңгү каптап жатат. Заказникте аюу, илбирс, сүлөөсүн, карышкыр, суур, кашкулак, тоо теке, элик, доңуз ж.б. мекендейт. 1940-жылы алынып келинген тыйын

чычкандар байыр алып, саны улам көбөйүүдө. Жапайы айбандардын санын көбөйтүү максатында ар кандай биотехникалык чаралар жүргүзүлөт: шор жалатуу, кошумча тоюттандыруу, тоют даярдоо ж.б. Аймагында Жети-Өгүз курорту жана табият музейи бар. Заказникти токойчулар жана егерлер тейлейт.

**Жети-Өгүз курорту** – бийик тоодогу бальнеологиялык курорт. Пржевальск шаарынан 28 километр түштүк-батыш жана райондун борбору Покровкадан 30 километр түштүк-чыгыш тарапта. Бишкектен 410 километр аралыкта, деңиз деңгээлинен 2200–2400 м. бийиктикте, Тескей Ала-Тоонун түндүк капталындагы Жети-Өгүз капчыгайынын карагай токойлуу кооз жеринде жайгашкан. Мындагы минералдуу суулардын дарылык касиеттери жергиликтүү элге эзелтеден бери белгилүү. Биринчи курулуштар 1910-жылдан башталган. Деңиз деңгээлинен бир канча бийик тургандыктан, атмосфералык басым төмөн, күндүн радиациясы жогору, абасы таза. Жайы

салкын, кышы анча суук болбойт. Жылдык жаан-чачын 300 мм. Дарылоо негизинен радондуу, хлорид натрий – кальцийлүү жана азоттуу ысык арашан булак сууларынын ваннасы жана бассейндерине түшүрүү жолу менен, о.эле тоо абасынын таасирин тийгизүү менен жүргүзүлөт. Курортто муундун, нерв системасынын жана гинекология ооруларын дарылоочу бөлүмдөр иштейт.

Курорттон бир километр чыгыш тарапта Жети-Өгүз кени – марганец рудасы бар. Кен 1954–59-ж.ж. Тескей Ала-Тоодо геологиялык сьемка жүргүзүү мезгилинде табылган. Кен запасы аз болгондуктан, иштетилбейт.

Ушундай жаратылышы эң кооз аймак **Жети-Өгүз районун түзөт.** Ал Ысык-Көл облусунун түштүк чыгышындагы 1930-жылы уюшулган административдик район. Түндүгүнөн Ысык-Көл, чыгышынан Ак-Суу району жана КЭР, батышынан Тоң жана Нарын райондору, түштүгүнөн Ат-Башы району менен чектешет. Аянты 14 миң километр квадрат. Калкы

70 миңге чамалайт. Союз мезгилинде 7 колхоз, 2 совхоз, 2 тажрыйба станциясы, бардыгы 54 элдүү пункту болгон. Борбору Покровка (Кызыл-Суу). Райондун аймагында кезегинде союзга белгилүү Жети-Өгүз курорту, Тамга, Ысык-Көл санаторийлери ж.б. эс алуучу жайлары бар. Аймакта тарыхый Барскоон (7–13-к) шаарчасынын урандылары сакталып калган.

## АНЫ ЖЕТИ-ӨГҮЗ ЖЕРГЕСИ ЖАРАТКАН

Мына ушул райондун партия доорундагы Жети-Өгүз сельСоветине караштуу Жети-Өгүз кыштагы (илгерки колхоздошуу мезгилиндеги «Үлгү» колхозунун аймагындагы) же эң баштапкы аты Жети-Өгүз айылы райондун борбору Кызыл-Суудан (Покровкадан) 25 чакырым чыгыш тарапта, Рыбачьедеги темир жол бекетинен 207 километр аралыкта жайгашкан. Эки миңдей калкы бар, орто мектеби, оорукана, клубу, китепканасы бар орто айыл.

Жети-Өгүз суусунун (алабындагы радиоактивдүү радон булактары өлкөбүзгө белгилүү) жээгиндеги Жети-Өгүз айылында 1899-жылы, Алдаштын үй-бүлөсү перзенттүү болуп, уулунун атын азан чакыртып Жакып койгон. Жер-жерге жакшы санаалаштарына, дос-тамырына ат чаптырып сүйүнчүлөтүп, той берип бешикке салдырып, аксакалдардан бата алган.

## ДОҢУЗ ЖЫЛЫНДА ТУУЛГАН

Чыгыш Гороскобуна ылайык Жакып Алдаш уулу Кара кийик же Доңуз жылында туулган. Гороскопто ар бир жыл өзүнчө мүнөзгө ээ. Доңуз жылы да өзүнчө өзгөчөлүк менен белгиленет. Мүчөл эрежеси боюнча ар бир мүчөл жылдын февраль айынан башталат. Башкача айтканда, кишинин мүчөлү мурунку жыл боюнча аныкталат. Японияда, Чыгыштын жана башка өлкөлөрүндө календарга ылайык кабыл алынган, белгилүү тигил же бул жылда туулган адам автоматтык түр-

дө тубаса касиетке ээ болот жана анын келечек тагдыры белгилүү болот.

Доңуз жылы туулгандар өз сапаттары боюнча Ян тобунун белгилеринен да куру эмес. Себеби, тынчтыкты жана тазалыкты жактырышат, жаман иштерден чочушат, оолак болушат жана алардын алдын алып, токтотууга аракеттенишет. Иште анчалык көбө түшпөй, жакшы жана даамдуу тамактарды сүйүшөт. Ургаачылары адептүү, жакшы тарбияланган болушат.

Кытайда Доңуз тууралуу ар кандай ырым-жырымдар сакталып калган. Доңуз түшкө кирсе, жакшылыкка жорушат. Эгер чепке Доңуз башын тиребесе, ал жердеги кошуун жеңилет экен. Доңуз багылбаган короо анчейин касиеттүү болбойт имиш. Доңуз менен Маймыл бир эле учурда сүйкүмдүү да, эң жаман айбандар катары да эсептелишет.

Уламыштарга караганда, бул мүчөлдө туулгандардын мамилеси туугандардай болот экен-бирде камыр-жумур, бирде араздашуу, алысташуу, жарашуу.

Кара кийик жылында туулгандар баатыр мүнөзү менен айырмаланат. Жөндөмдүү, эмне жасагысы келсе бардык күчүн сарптайт. Алар бир гана түз жолдо жүрүшөт. Артка чегинишпейт. Булар кужурмөн, ак ниеттүү адамдар болушат.

Эгер, сиздин досуңуз Доңуз жылында туулган болсо, сизге бакыт келгени. Ал сизди эч качан жамандыкка калтырбайт. Аз, бирок татыктуу сүйлөшөт, көп окушат. Кимди сүйсө, ага көп көңүл бурушат. Үй-бүлөлүк иши ойдогудай боло бербей калган учурда, аны көпкө создуктурбайт. Алардын алдында кандай татаал проблемалар турса да алар курал колдонушпайт, минут аралыгындагы таасирден улам кыйынчылыктан чыга алышат.

Демек, Жакып акенин жашоо-турмушунда, өмүр жолунда, ишмердигинде Доңуз жылынын белгилүү мүнөздөмөлөрү сөзсүз бар жана туура келет. Андай жогорку сапаттар аны туулгандан өмүрүнүн акырына чейин аны коштогон.

## МҮЙҮЗДҮҮ ЭНЕ ЖЕ БУГУ УРУУСУ БАЯНДАРЫ

Тарыхый уламыштарда, санжырада Бугу кыргыздагы чоң уруулардын бири. Жакыптын атасы Алдаш ошол Бугу тегинен. Атап айтканда Тагай, андан Кылжыр, анан Орозбакты. Орозбактыдан беш уул: Арыкмырза, Асанмырза, Карамырза, Мырзакул, Токочмырза. Мырзакулдан Тынымсейит, Алсейит төрөлүп, Мүйүздүү эне тукумун жаратып, андан бүтүндөй Бугу уруусуна тийиштүү санжыраны жараткан. Тынымсейиттен Мортук, Шалтак, Кабели (Азан чакырганда Жалбек, Калбек экен). Мортуктан Жаманак, Токтогул. Шалтактан Кабак, Бактыгул. Кабелиден Бешбала. Алдаш Тынымсейит уруусунан. Атап айтканда Тагай – Орозбакты – Мырзакул – Тынымсейит – Меңдибек – Алдаш – Жакып.

57047 сбо

Уламышка караганда Орозбактынын беш уулунун улуусу Арыкмырза инилерине баш-көз болуп, акыл-насаатын айткан, кажарлуу киши экен. Кадыр-

Кара кийик жылында туулгандар баатыр мүнөзү менен айырмаланат. Жөндөмдүү, эмне жасагысы келсе бардык күчүн сарптайт. Алар бир гана түз жолдо жүрүшөт. Артка чегиништпейт. Булар кужурмөн, ак ниеттүү адамдар болушат.

Эгер, сиздин досуңуз Доңуз жылында туулган болсо, сизге бакыт келгени. Ал сизди эч качан жамандыкка калтырбайт. Аз, бирок татыктуу сүйлөшөт, көп окушат. Кимди сүйсө, ага көп көңүл бурушат. Үй-бүлөлүк иши ойдогудай боло бербей калган учурда, аны көпкө создуктурбайт. Алардын алдында кандай татаал проблемалар турса да алар курал колдонушпайт, минут аралыгындагы таасирден улам кыйынчылыктан чыга алышат.

Демек, Жакып акенин жашоо-турмушунда, өмүр жолунда, ишмердигинде Доңуз жылынын белгилүү мүнөздөмөлөрү сөзсүз бар жана туура келет. Андай жогорку сапаттар аны туулгандан өмүрүнүн акырына чейин аны коштогон.

## МҮЙҮЗДҮҮ ЭНЕ ЖЕ БУГУ УРУУСУ БАЯНДАРЫ

Тарыхый уламыштарда, санжырада Бугу кыргыздагы чоң уруулардын бири. Жакыптын атасы Алдаш ошол Бугу тегинен. Атап айтканда Тагай, андан Кылжыр, анан Орозбакты. Орозбактыдан беш уул: Арыкмырза, Асанмырза, Карамырза, Мырзакул, Токочмырза. Мырзакулдан Тынымсейит, Алсейит төрөлүп, Мүйүздүү эне тукумун жаратып, андан бүтүндөй Бугу уруусуна тийиштүү санжыраны жараткан. Тынымсейиттен Мортук, Шалтак, Кабели (Азан чакырганда Жалбек, Калбек экен). Мортуктан Жаманак, Токтогул. Шалтактан Кабак, Бактыгул. Кабелиден Бешбала. Алдаш Тынымсейит уруусунан. Атап айтканда Тагай – Орозбакты – Мырзакул – Тынымсейит – Меңдибек – Алдаш – Жакып.

57047 сб0

Уламышка караганда Орозбактынын беш уулунун улуусу Арыкмырза инилерине баш-көз болуп, акыл-насаатын айткан, кажарлуу киши экен. Кадыр-

барктуу, мал-жандуу, көл кылаасындагылар сыйлаган адам болгон дешет.

Асанмырза менен Карамырза эл четинде көп жүрүп, мергенчиликти өнөр көрүшчү экен. Көлдүн сыртынан тартып, Теңир-Тоонун ичи-койнуна чейин сүңгүп, далай кайберендерди атып келишчү. Сүлөөсүндөрдү алып, сыйга тартуулап, Арыкмырза агасынын байышына көп салым кошушкан.

...Жаздан жайга өткөн мезгил болсо керек, Асанмырза, Карамырзалар Аалам шайыктын (Нарындагы Ала-Мышыктын) тоосуна мергенчилеп келишет. Тоонун Жан-Булак тарабындагы Аалам шайыктын мазар булагы жер жарып чыккан коктусун өрдөмөк болушуп, мандайдагы асканы көздөй багыт алышты. Калың өскөн бадалдарды аралап келатышып, бир кызыктай добушту угуп калышты. Бул чөлкөмдө бир дагы айыл жок эле. Кичинекей балдардын үнүндөй. Аттарын коктунун этегине байлап коюшуп, өйдөнү көздөй өңүп жүрүп олтурушту.

Булактын бир аз такыр болгон көзүнүн жээгинде эки бала жүз чайып

жатышыптыр. Эки мырза аң-таң калышты. Бири 11–13 жаш чамасындагы кыз өңдөнөт. Бири андан кичине эркек бала өңдөнөт. Кармап алмакчы болушту. Алар буларды карай желе чуркап жөнөгөндө балдар бадал аралап качып беришти. Асанмырза бараң үнүн укса коркуп токтоор деген ойдо, астыларын болжоп милте түтөттү. Кыз бадал-черге чалынып жыгылып калган экен, кармап алышты. Эркек бала мерт болуптур, жерге жашырышты. Кызды агасы Арыкмырзага «бала кылып алыңыз» деп, алпарып беришти.

Ай айланып, жылдар өттү. Кыз сүйкайып, келишимдүү селки болуп өстү. Кыз бой жетип калды. Кабарын уккандар жуучу түшүп, Арыкмырзага келе турган болушту. Мырзакул Алсейит, Тынымсейит аттуу эки уулдуу болуп, балдары үйлөнүп калган эле. Кызды Алсейитке күңү аялдыкка алып берди. Мезгил өтүп, жаш келиндин боюна бүтүп, Бугунун сүтүнө талгак болуп, сары оору боло баштаганда, мергенчи акелеринин аялдарына

айтып, «Бугу атышса, желинин алып келип беришсинчи» деген экен. Айтса алар болбой коюшат. Алар бир куну ууга кеткенде өзүн баккан энесине айтат, «атама айтсаңыз» деп. Арыкмырза туура кабыл алып, инилеринин артынан жөнөп, Бугу атканынын үстүнөн чыгып шыралга сурайт. «Мага төшүн гана, желини менен кесип бергиле» дейт. Инилери аны орундатышат. Келип, байбичесине «Төштү керегенин башына илип, желининде сүт бар экен, аны бир аз өйдөлөтүп байлап койгула. Билгизбей сыртынан байкагыла» – дейт. Ошондой кылышат

Араң турган келин чөгөлөй калып, желинди ээмп кирет. Эки уурттунан сүт көбүктөнүп, жерге чубуруп турат. Карап турган аялдар «Бул кайберендин кызы го» деп шыпшынышат. Ошентип, Бугу аял, Бугу эне деп аталып кетет.

Бугу байбичеден Жамангул, Бапа деген эки уул көрдү Алсейит. Кайниси Тынымсейиттин балдарына да ак эмчегин эмизген мээрбан болуп, Мырзакулдун тукуму, ал гана эмес башка

кайнага, кайнилеринин балдары Бугу уруусу аталып калды.

Дагы бир айтымда Асан менен Кара мырза Ат-Башы менен Нарындын арасындагы Ала-Мышыктын тоосунан бир өзгөчө, сулуу өңдөгү бугуга кездешишет. «Ак бугуну атпайт дечү эле, атпайлы, башка кийик табылат», – деп, Асанмырза айтканына болбой, Карамырза өңүп барып атып жиберет. Бугу жыгылганда 12–13 жашар секелек кыз чуркап келип, «баланды ат, ботоңду ат!» – деп, чуркап келип бугуну чаңырып кучактап калганда тигилер кызды кармап алышат.

Аны алып келе жатканда Мырзакул соогалап, Акжелке деген айгырын үйүрү менен берип, кызды Алымсейитке алып берген. Кыздын башында эки-үч эли мүйүзү болуп, ар жылы бугунун мүйүзү куураган кезде кубаргансып, көктөмдө жашарып турган. Бугу эне өлгөнчө мүйүзүн элден жашырчу экен.

Осмонаалы Сыдык уулу: «Орозбактынын балдары Бугу аталды. Бугу дегени энесинин башында бармак

башындай мүйүзү болгон. Аны кыз кезинде Ала-Мышык тоосунан, таш арасынан кийикчилер таап келген. Ошондо мүйүзүн көрүшүп, кайберендин тукуму экен дешкен. Айтымга караганда адамдан башкача болгон. Сууга көрүнбөй түшкөн. Көрүп калгандар айтчу эле дейт: «тунук боюнан өпкөсү көрүнүп турчу эле» дешип.

Негизи, Бугу эне касиеттүү болгонун, айтканы айткандай, дегени дегендей келгенин эл аңазалашат. (*Сулайман Мамбеталиев.* Жашоо чыйырлары. 2010-жыл. Бишкек. 6–10-беттер. Автор Тынымсейит уругунан)

Дагы бир уламышта («Кыргыз санжырасы», Бишкек. «Ала-Тоо» журналынын редакциясы. 1994-жыл), кадимки Ала-Мышыктын тоосу бир кездерде «Аалам Шайыктын тоосу» деп аталчу. Анткени, кайберендердин олуясы, тилин, дилин билген, анын эсебин жүргүзгөн адам кайберендерди кыдырып жүрүп, ушул «Аалам Шайыктын тоосуна» келип ооруп калып, каза болот. Анын бир уулу, бир кызы ушул жерде кыштап калышат. Эми,

жаз чыга кетели деп турган кездеринде Асанмырза, Карамырзалар аңчылык кылып жүрүшүп, ушул тоонун боорунан сызылып, бийикке созулуп чыгып жаткан көк түтүндү көрөт. «Бул соо түтүн эмес» дешип, мергендер абдан сактык менен баягы чубалып жаткан түтүнгө жакын келишет. Дем чыгарбай аңдып жатышып, түтүн үңкүрдүн ичинен сызылып чыгып жатканын, үңкүргө маралдардын тынымсыз кирип-чыгып жаткандарын көрүшөт. Карамырза үңкүргө карай мылтыгын сундуруп, «бурт» дегенде теребелдин жым-жыртын бузган барандын үнү менен бирге адамдын ачуу үнү угулат. Заркырап, улуп-уңшуп боздогон үн чыккан жерге аңчылар жакын келсе, маралдын терилерин кийишкен бири кыз, бири улан экен. Эркеги окко учуп, жан бериптир, кызы өлгөн бир тууганын кучактап ыйлап жаткан экен. Аңчыларды көрүп, кыз бала «киминер аттыңар» деп жандап сураган экен. Карамырза өзүн-өзү көргөзүүгө аргасыз болгон. Ошол замат кыз чөк түшүп олтура калып, Карамырзаны

карап, алаканын тескери жайып, кү-бүрөп-шыбырап, тескери бата кылып, Карамырзаны биринчи жолу каргаган имиш. Мергендер өлүктү ташка корумдап, кызды атасакалы Арыкмырзага алып келишет. Арыкмырзанын аялы акылдуу, айлакер адам «Кокустан Арыктын көзү түшүп, көңүлү бузулуп кетпесин» деп, кызды Арыкмырзага көргөзбөй, аялы ит багып кеткен Алсейитке көргөзүп, өз-ара сөздөштүргөн экен. Бир жума убактан кийин Арык кармалган кыздын тагдыры жөнүндө туугандары менен маектеше турганын аялы билип, алдын-ала, «уулдун уулу Алсейит, дээрлик бой калды. Катыны туруп жесил калды дешип, эл ичинде кеп көп, ошону баарыңыздар тең ойлосоңуздар болмок экен» деп кейиген болду. Аялынын сөзүн кыя албаган Арык баса чын эмеспи деп муюп калат да, туугандар менен болгон маекте кара кылды как жарган калыс Арык кызды-келечек Мүйүздүү энени, өлуя энени, кут энени, бак-дөөлөт энени, бүт туугандарынын макулдуктарын алып, Алсейитке нике кыйган.

Нике кыйдырган соң Мүйүздүү эне Алсейиттен үч нерсени сураган экен. Биринчиси: «Мен сизден өтүнөм. Жуунуп жатканда үйдөн чыгып кетсеңиз. Ошол убакта үй жакка кылчайып карабаңыз». Экинчиси: «Турмуш миң кырлуу, көп сырдуу, эрди-катын катары урушуп калсак, менин башыма кол тийгизбеңиз. Сыйкырым качаар». Үчүнчүсү: «Мен киммин, кайдан келдим, кайда тургам, эмне кылгам, ата-энем, урук-тууганым ким экенин эч качан, эч убакта сурабаңыз» деген экен.

Алсейит аялынын биринчи суроосун бузуп, бир жолу үйгө кайрылып, шыкаалап коёт. Бийдин ал кылыгын Мүйүздүү эне билип, «бекер кылдыңыз, тукумумдун көзү кароо болуп калбадыбы» – дептир. Алсейиттин иши Мүйүздүү энеге үйлөнгөндөн кийин оңолуп, даражасы өскөн.

Жунгарлык башкаруучулар кыргыздын бий-кандарын өз ордосуна алып кетип турган. «Ак эшикке» Алсейитти алып кетишип, аны амал менен өлтүрүп, касиеттүү Мүйүздүү энени эки баласы менен аял кылып

алууга ниеттенгенин төрөнүн кызы Чежимжан айтат. Мүйүздүү эне аны алдын ала билгенин түшүндүрөт. Аны Алсейитке айтып, качырып, артынан Чежимжан экөө азык-түлүгүн көк дөнөнгө артып, качып кетишет.Алсейит өлүмдөн калат.

Чежимжан Мүйүздүү эненин киринген сууларын талаага төгүмүш болуп, бети-колун, бутун жууп, боюна куюп жүргөн экен. Аны байкаган Мүйүздүү эне аны жанындай жакшы көрөт, «Чежимжан карадан ак болду, мунун тукуму мыкты болот, буган тезирээк нике кыйдырып алгын» деп, Алсейитти кыйнайт. Акыры айыл карыларын чогултуп, ак сарбашыл карматып, иштин чоо-жайын түшүндүрүп, «Бүгүн нике кыйдырбасак, эртең кеч болуп калат. Казак Телкозу баатыр бийдин кыйышпаган досу. Тогуздарын айдатып келе жатат. Ал Чежимжанды алып кетет, биз жакшы тукумдан куру калабыз» – деп, нике кыйдырып, Чежимжанды синди кылып, ынтымактуу жашашкан. Чежимжан Туума-Кашканы төрөп берет.

Андан Ак козу, Аккүп (тукумдары Дарканда), Каракозу (Желдең, Базарчы, Жүдөмүш, (Качынай байбичеден).

Мүйүздүү эне Алсейитке өзүң Жамангулга, мен Бапага аял алып берейин дейт. Суранып алып бир жума жоголуп кетип, бой тарткан белгисиз бир кызды ээрчитип келип, Бапага алып берет. Бапа андан 9 балалуу болуп, Олуят байбиче экөө элге-журтка маалым болушат. Мүйүздүү эне болгон сырын Олуятка айтып жүрөт.

Алсейит мурда каза болуп, кийин Мүйүздүү эне дүйнө салат. Чийдин ары жагына сөөгүн коюшуп, аза күтүп олтурушат. Эртең коёбуз деген түнү өлүк жок. Мезгил кеч күз экен, сөөк жаткан үйдөн жылаң аяк аялдын изи чыгып, жаңы жааган кыламык карга 4-5 кадам аттаптыр да андан ары изи жок.

Андан кийин Жамангул бий ооруп калат. Бир тууган иниси Бапа 9 баласын ээрчитип алып, мойнуна буурчак салып, үч ирет тегеренип жатканын көрүп, «анчалык эмне болдуң, тукумумда эмне жазык, бул эмне кылга-

алууга ниеттенгенин төрөнүн кызы Чежимжан айтат. Мүйүздүү эне аны алдын ала билгенин түшүндүрөт. Аны Алсейитке айтып, качырып, артынан Чежимжан экөө азык-түлүгүн көк дөнөнгө артып, качып кетишет.Алсейит өлүмдөн калат.

Чежимжан Мүйүздүү эненин кирилген сууларын талаага төгүмүш болуп, бети-колун, бутун жууп, боюна куюп жүргөн экен. Аны байкаган Мүйүздүү эне аны жанындай жакшы көрөт, «Чежимжан карадан ак болду, мунун тукуму мыкты болот, буган тезирээк нике кыйдырып алгын» деп, Алсейитти кыйнайт. Акыры айыл карыларын чогултуп, ак сарбашыл карматып, иштин чоо-жайын түшүндүрүп, «Бүгүн нике кыйдырбасак, эртең кеч болуп калат. Казак Телкозу баатыр бийдин кыйышпаган досу. Тогуздарын айдатып келе жатат. Ал Чежимжанды алып кетет, биз жакшы тукумдан куру калабыз» – деп, нике кыйдырып, Чежимжанды сиңди кылып, ынтымактуу жашашкан. Чежимжан Туума-Кашканы төрөп берет.

Андан Ак козу, Аккуп (тукумдары Дарканда), Каракозу (Желдең, Базарчы, Жүдөмүш, (Качынай байбичеден).

Мүйүздүү эне Алсейитке өзүң Жамангулга, мен Бапага аял алып берейин дейт. Суранып алып бир жума жоголуп кетип, бой тарткан белгисиз бир кызды ээрчитип келип, Бапага алып берет. Бапа андан 9 балалуу болуп, Олуят байбиче экөө элге-журтка маалым болушат. Мүйүздүү эне болгон сырын Олуятка айтып жүрөт.

Алсейит мурда каза болуп, кийин Мүйүздүү эне дүйнө салат. Чийдин ары жагына сөөгүн коюшуп, аза күтүп олтурушат. Эртең коёбуз деген түнү өлүк жок. Мезгил кеч күз экен, сөөк жаткан үйдөн жылаң аяк аялдын изи чыгып, жаңы жааган кыламык карга 4-5 кадам аттаптыр да андан нары изи жок.

Андан кийин Жамангул бий ооруп калат. Бир тууган иниси Бапа 9 баласын ээрчитип алып, мойнуна буурчак салып, үч ирет тегеренип жатканын көрүп, «анчалык эмне болдуң, тукумумда эмне жазык, бул эмне кыяга-

ның?» – деп, Олуят акыркы, эң артындагы эки кичинесин тегеретпей жула качып кетет. Жамангул бий айыгып, Бапа жана тегереткен 7 баласы өлүп калат. Олуят Бапага таарынып, Олуя-Ата жакка, казакка күйөөгө чыгып, андан 6 бала төрөп, тукуму өсүп, азыр дээрлик бир район эл имиш деп айтылат. Жанагы Олуят байбиче тегеретпей калган эки баланын тукуму Жети-Өгүз районундагы Барскоон айлындагы эки ата бапалар дешет.

## КАЛЫГУЛ ОЛУЯНЫН БУГУ ЭНЕ БАЯНЫ

*(Э.Турсуновдун «Балбай» романынан)*

Жуңгорлордун күчөп турган кезинде калың чер арасында Ак марал чаар музоосу жана Ак бугу менен беймарал турган кезинде аңчы жуңгорлор туш тараптан чыга калышып, музоону атып салышат. Ак бугу дарыяны кече качканда ок тийип, жээкке жыгылат. Ак марал аман калат

Жуңгорлор айылдарды чаап, андан ары Ала-Мышык тоосуна жеткенде дорбого салып бараткан канжыгадагы кыз караңгыда түшүп калат. Атчандар аны байкамакпы, кете берет, алдыга зуулдап.

Кыз ыңаалап ыйлап жатканда Ак марал туш болот. Аядыбы, тумшугу менен түртүп, наристе кызды чылк токойго алып кетет. Кыз жөрмөлөп, там-туң басып, сүт издейт. Музоосу

өлүп, булкагы чыңалып, желиндери тирелип, ак сүтү агып турган Ак марал ийип кетет. Тизелеп чөгүп, кызга эмчегин тосуп берет. Ал балкылдата соруп, эки ууртунан сүт агып, тойгончо эмет. Кыз ошентип торолуп, балтыр эти толуп, багалчагы катып, чоңоюп калат.

Ошол кезде Асанмырза менен Карамырза Ала-Мышык тоосуна аң уулоого чыгып, арчалуу бетте кызды эмизип турган Ак маралды көрүшөт. Атып коёрдо Ак марал ордунан атып кетет. Кыз үңкүргө кире качат. Кармап алышат. Аны Арыкмырзага беришип, ал Алсейитке алып берет. Мурдагы айтылып жүргөндөй эле Арыкмырза маралдын желинин алып келип берет. Эмет, эки ууртунан буртулдата ак көбүк чыгарып, жанталаша соруп.

– Менин кайберен тукумуман сиздики кем болбосун, бугулар мекендеген жер колдосун! Биз аккан суу, чыккан чөптөн башкага зыяныбыз жок, ыйык болобуз, бизге катылган кыйык болот, жер сорот! – деген экен Арыкмырзага ыраазылыгын билдирип.

Мына ошол касиеттүү Бугу эненин тукуму Алдаш жана анын уулдары.

## ҮРКҮНГӨ ЧЕЙИНКИ ТУРМУШ

Касиеттүү Көлдү ээлеп, анда жашоо өткөрүп турган Бугу эли беймарал жашоонун жакшы күндөрүн өткөрүп, өнүп-өсүп турса да Сарбагыштар менен болгон өз ара чатакташуулар, андан мурдагы калмактар менен болгон чабыштары дайыма элдин тынчтыгын бузуп келген. Эки чоң уруунун (Сарбагыш, Бугу) бири-бирине үстөмдүк кылууга, бири-бирине бийлик бербөөгө ортого ынтымак бербеген чабыштары, Ормондун өзүн хан шайлатып жибериши, андан кийинки Бугуларга карата жасаган иштери акыры Ормондун өлүмү менен (1791–1854) аяктаган. Андан кийинки өч алуу кармаштары, карапайым элдин кыргынга, бүлгүнгө учурашы, анан падышалык Россиянын оторчулук саясаты калкты чоң бушайманга салган.

Орусия империясы жаңы каратып алган жерлерине жаңы башкаруу тар-

тибин киргизген. Административдик аймактык жаңы бөлүнүүлөрдү уюштурган. Чөлкөмдү башкаруунун жаңы Жоболорун (1867–1886-ж.ж.) иштеп чыгышкан. Аймактар Түркстан облусуна карап турган. 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу болуп түзүлүп, Ысык-Көл (кийин Пржеваль) жана Токмок (кийин Пишпек) уездерине караштуу болгон. Атайын иштелип чыккан Жобого ылайык уездер болуштуктарга, алар айылдарга бөлүнгөн. Баштагы уруу башчылардын, манаптардын кадыр-баркын эл алдында төмөндөтүү үчүн, чоң урууларды болуштуктарга бөлүп, аларды башкаруу үчүн болуштарды шайлоону киргизген. Натыйжада Кочкор, Жумгал эли Пишпек уездине, Ички Теңир-Тоонун калган бөлүктөрү Пржевал уездине караштуу болгон.

Элди бөлүп-жарып, болуштарды шайлоодо эки тарапты каршылаштырып коюп, падышалык төбөлдөр империялык саясатты тымызын ишке ашыра беришкен. 20-кылымдын башында падышачылыктын колония-

лык саясаты Көлдө да күчөгөн. Жерге элдин өздөштүрүлгөн мыкты жерлерин тартып алып, көчүп келген орус дыйкандарын отурукташтыруу саясаты уламдан-улам ачык көрүнгөн. Көчүп келишкен орус келгиндери сугат жерлерди, жолдун бойлорун ээлешип, мал айдаган кыргыздардын жол акысын доолап турушкан. Мыкты жайлоолор тартылып алынган. Кыргыздардын жерлерин тартып алуу, өзүлөрүн тоо арасына сүрүп чыгаруу, басмырлоо өкүм сүрө берген.

1855-жылы Бугу менен Сарбагыш урууларынын согушунда Бугу уруусу өзүн коргоо үчүн Россияга багынды. 1864-жылы Россия өзүнүн оторчулук саясатын түштүк кыргыз райондоруна чейин кеңейтүү үчүн Ысык-Көлдүн жээгинде Ак-Суу чебин салып, ал жерге аскерлерин жайгаштырды. 1866-жылы орус аскерлери Сарбагыш уруусунун уруштарын ырайымсыздык менен басты.

1914-жылдагы Россия катышкан биринчи дүйнөлүк согуштун падышалык Россиянын карамагындагы кыр-

гыз букараларына тийгизген таасири күчтүү болду. 1916-жылдын 25-июнундагы Россия өкмөтүнүн 19 жаштан 43 жашка чейинки адамдарды аскерге алуу буйругу кыргыз элине катуу наразылыктарды алып келген. Падышалык Россиянын оторчулук зордук-зомбулугун тарткан кыргыз эли согушка жана аскер алууга карата каршы көтөрүлүштөрдү жасоосуна шартталган. 1916-жылы Пржевальск уездинин 21 пайызын түзгөн орус калкына бардык айдоо аянттарынын 67,3 пайызы туура келген. Кыргыз эли өз жерлерине ээлик кылуу үчүн ар кандай жолдор менен күрөшүп келишкен. Ал аз келгенсип, падышалыктын жарлыгы менен кыргыз эркектери согушуп жаткан орусиянын ооруk иштерине мобилизацияланууга тийиш болгон. Бул багытта оторчул орустардын өздөрү кыргыздарды коркутушуп, «силер оорук иштерине барсаңар, чочконун этин жейсиңер, окопко тыгылып өлөсүңөр» деген сөздөрдү жайылтышкан. Натыйжада элдик толкундар башталып, ал падышачылыктын оторчул

саясатына каршы боштондук кыймылга айланган. 1916-жылы 17-июлда падышачылык Россия тарабынан Түркстанда аскердик абал киргизилген. 10–12-августта Көлдүн айланасындагы эл да көтөрүлгөн. Көтөрүлүшкө чыгышкан эл колдоруна курал алышып, орус кыштактарын курчоого алышкан. Айрым жерлерде орус аскерлеринин курал-жарактарын тартып алышып, жазалоочу аскерлерге катуу каршылык көрсөтүшкөн.

Жети-Суу областынын согуш губернатору Фольбаум, генерал Куропаткин кыргыз калкынын тукумун курут кылуу үчүн стратегиялык план иштеп чыгышкан. Ал планга ылайык үрккөн адамдар качып кетиши мүмкүн тоо өткөөлдөрүн жана ашууларын тосуп таштоо алдын ала каралган. Жазалоочу отряддар кыргыздарды кекиликтей кууп жүрүп атышкан. Эркиндик үчүн күрөш август айынан октябрга чейин созулган. Күрөшкө чыгышкан элге каршы Жети-Суу облусундагы орустар, андан сырткары Орусиянын борбордук бөлүгүнөн эки ат-

чандар полку, атчандар батареясы, 35 рота, 240 атчан чалгынчылар, 16 замбирек, 47 пулемет бөлүнгөн. Атайын түзүлгөн жазалоочу орус аскерлери начар куралданышкан элди ырайымсыз кыргынга алышып, айылдарды өрттөшкөн. Жан сактоо үчүн кыргыз эли Кытайды көздөй качууга аргасыз болушкан. Кытайга качкан жылдары Бишкек, Пржевальск уездинен 100 миңдей адам набыт болгон. Качкан кыргыздар жапырт ачарчылыкка, жугуштуу ооруларга кабылышып, көпчүлүгү бөтөн жерде, бөлөк элде каза табышкан (Кыргызстан. Энциклопедия. Бишкек-2001. 137–138-б.) Кытайга үркүп кетүүнүн, жазалоочу отряддардын аракеттеринин натыйжасында болжол менен кыргыздардан 150 миңдей адам чыгым болгон.

Буга карабастан Түркстандагы падышалык администраторлор дыйканчылык министрлигинин уруксаты боюнча кыргыз жерлерин орус келгиндерине берип, кыргыздарды бир таман жерсиз калтыруу боюнча өздөрүнүн долбоорлорун жүзөгө ашыра

беришкен. Келгиндерге мурда келген орус поселогундагылар жардам беришкен. Алар кыргыздар кытайга кетишкенден кийин кыргыз калкынын жерлерин басып алышып, өз бет алдынча поселокторду курушкан.

## КЫТАЙДАГЫ КЫЙЫНЧЫЛЫК ЖАШОО

1916-жылы Россияга багыныңкы эки жүз миң казак, кыргыздар Кытайга качып барышкан. Алар Ак-Чий, Үч-Турпан, Ак-Суу, Абат, Бай, Кучар сыяктуу одандарынан убактылуу жай таап, көрбөгөн азаптарды көрүп турушкан (Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 2-китеп. «Учкун» концерни. 1992. 118–124-беттер).

Чек арада үркүп баргандарды кытай-калмактар ок атып тосуп алып, кыргыздарды талап-тоной башташкан. Келте оорусу да башталып, андан да эл кырылган. Кыргыздардын көпчүлүгү аялдарын жана кыздарын сатып күн көргүдөй абалда калышкан.

Сарбагыш, Бугу ич ара чабыштары, уруулар ортосундагы кызыл кыргындар, падышачылык оторчулуктун элге эбегейсиз таасири, ага удаа улуттукбоштондук көтөрүлүш, жазалоочу отряддардын ченсиз кордуктары Алдаштын үй-бүлөсү, урук-туугандары үчүн да оңойго турбаган. Эмне кылышмак эле, эл көргөндү көрүп, эл ичинде болушкан. Анан каардуу Үркүн шамалы Ысык-Көлдү каптап, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы отто байкуш эл күйө баштаганда, эптеп жанды аман сактоонун айла-амалдарын кылышып, Кытайды карай сапар алышкан.

Жолдогу кыйынчылыктар, ач бел куу жондогу катаалдыктар, орус аскерлеринин жол тосуп ок жаадырышканы, чапкан чөптөй сулаган, окко учкан кайран эл, көмүлбөй калган өлүктөр, чымчым талкан, ун көздөн учкан күндөр, тамчы суу таппай, алдан кетип көз жумгандар, жолдон кол салып, жара тартып кеткен карышкырлар, акыркы талканын, пулун көз көрүнө зордоп алган каракчылар, уурулар, сөз жетпеген таш боордук-

тар, кытай-калмактардын чектен ок менен тоскону, анан кытай жергесиндеги батпаадай турмуш, басмырланган кыргыз өмүрлөрү, кулга айланткан жокчулук...

Сегиз балалуу Алдашты Кытай жергеси «келегой» деп эле эркелете тосуп алган жок. Бели майышып, жону кайышып, өлбөстүн күнүн көрө, сүлдөрү гана барды. Башкысы-бардыгынын ал бөтөн жерге аман-эсен жетишкендиктери болду.

Жүрүп-жүрүп олтурушуп, Ак-Суу шаарынан жай табышты. Буга чейин ар кайсы айылдарда көр оокаттын камын көрүштү. Оңдой берди болбой, улам арылап, «дурусураак жашоо өткөрсөк» деген тейде жүгү жок көчтөрүн улашты. Кайрат, намыстары, эзелтеден келаткан, кандай учур болсо да «ыраак карап, узун санаган» пейил үмүт отун тутантып, алга жетеледи.

Жакып (Тагай – Орозбакты – Мырзакул – Тынымсейит – Меңдибек – Алдаш – Жакып) 1916-жылдагы үркүндө 17 жашка чыгып калган. Жигиттик эрк, намыс ойгонуп, кадыресе ал-күч-

кө толгон убагында үй-бүлөсү менен жол азабынын жоон жүгүн көтөрүштү, ачына айланып, тогуна толгонуп, өлбөй-житпей Кытайга барууларына өз салымын кошту. Ажал коштогон кыйын кезең сапарда эч кимге сезилбеген, туюлбаган эрдиги менен улам жол узартты. Үй-бүлөнү өлүмдөн ар кандай чаралар, этияттык, өтө аярлык, зор акыл калчоочулук менен сактап калуунун жолдорун салды. Ачты, арыды, санаасы санга бөлүндү, нечен күн, нечен түн көрбөгөн азаптарды көрдү, чыдады, жеңди. «Сабырдын түбү-сары алтын» болуп, ноюбай, баарынын өтөлүнө жакшы чыкты

## ЭМГЕК ЖОЛУ-ЭРЕЗЕГЕ САПАР

Ак-Суу чоң шаар. Быкпырдай кайнаган эл. Анын базарында күн сайын качкындардын самсаалап жүргөндөрү жыртылган кийимдеги жамаачыдай сезилет. Жакып күн сайын ар кимди акмалап, ар кандай жумуштарды жасап, болоор-болбос акча же курсак кампайтаарга азык-түлүк таап ата-

энесине, бир туугандарына алып келет . Алар да ошондой жалданма бирдемелер менен алектенишет. Туруктуу жумуш жок. Ошондой оопасыз күндүн биринде уйгур байы мээримдүүлүк менен жолугуп, өзүнө иштеп берүүнү сунуштады. Матилахун аттуу уйгур улутундагы чоң бай, соодасы жалаң жашылча-жемиш менен болот экен. Көрсө, күнүгө Жакыпка көз салып, ар кимге ар кайсы жумуштун майын чыгара иштеп берип жүргөнүн өз көзү менен көрүп, кексе соодагер анан көөнүн толтурган окшойт.

Малайлык турмуш башталды. Бардык ишти бай көргөзүп берген. Аны бир-бирден көргөзгөнүндөй жасап, акырындык менен бул жаңы ишти өздөштүрө баштады. Курсагы ток, кийими өтө мыкты болбосо да бүтүн. Байга абийири, ыймапы, кара күчү, кара мээнети менен таза иштеди. Бара-бара жашылча-жемиштерди өстүрүүнүн жол-жобосун мыкты өздөштүрдү. Жыл айланды. Ишенимге кирди. Жашоосу малайчылыкта бир тилкеде өтүп жатты. Белгилүү деңгээлде Ма-

тилахунга жакты. Жер сырын билди. Бою да, ою да өстү. Жылдар өттү, адегенде өтпөөчүдөй сезилгени менен. Бай да бир да ирет катуу айтып, ага кабагын бүркөгөн жок. Жасаган ишине мактоо гана айтып, «сенин ишиң дайыма илгери болот, сен жакшы адамсың, чоң жашылчачы болуп калдың» – деп, ар убак алкышын аябайт. Себеби, Жакып келгенден бери анын иши да илгерилеп, жашылчасы базарда баа болуп, кардарлары улам жанын койбой сурап, үйүнөн да алып кетип турушат.

Дүнүйө артынан кубалаган, «байыгандын үстүнө байысам экен» деген сүткор адамга жагуу оңойго турбайт. Бала күнүнөн куудуң-шумдугу, калпы, оюнан, кеп-сөзүнөн жаза баскан тайгалагы жок, мунайым, бир калып, токтоо, убадага бекем, эмнени беттесе башын көтөрбөй мээнеттенип, кайсы жумуш болбосун башоту менен киришкен бул жигитке оңой менен адамга ишенбеген, кырт, арамзаа бай дилин берди. Анын үстүнө бул качкын анын байлыгына байлык ко-

шуп, опурталдуу коомдо, опол тоодой ишин арзан, бекер жасап берип жатса ыраазы болот да. Жигиттик куракка толуп, тепсе темир үзчүдөй кубаттуу жаштык баралына келсе да Жакып мурда чечкиндүүлүк кылып, жаштык жалындуу кезине салып байына бир да ирээт каяша берип же кайрып сөз айтпаган.

Ошентсе да тууган жер, ата-бабасы өскөн туруктуу элине жетүү ичин сыздатып, кетээр күнгө кусадар. Тоо суусун канча тоссоң да бир учурда асканы да болсо жарып чыгып, аккан шарын баштайт эмеспи. Өзү ыңгайлуу деп сезген бир маалда, байынын да көңүлү жаркын кезинде Жакып акырын сүйлөп, бек таштап, адамгерчилик жолунда оюн билдирди.

-Ата, «Эл сагынбас эр, жер сагынбас тулпар болбойт» дегендей, менин сизге келгениме да туура он жылдан өтүп баратат. Он жети жашымда, балгын курагымда келдим эле. Кагылдым-согулдум, боконо сөөгүм катып, балтыр этим толду дегендей 28 жашка карап баратам. Бала болуп келдим

эле, эми кудая шүгүр, киши болдум. Мында сиздин чоң үлүшүңүз бар. Үй-бүлөм да «эл-жерибизге кетели» деген сунуштарын айтышууда. Ушунча мезгил ата-баладай болуп, жакшы жашадык. Сиздин куттуу үйүңүздө өз үйүмдөй эле жүрдүм. Мен сиздин жашылча өстүрүүдөгү өнөрүңүздү бүтүндөй өздөштүрдүм. Сиз мага турмуштук да, эмгектик жактан да чоң насаатчы болуп калдыңыз. Сиздин мага үйрөткөн бул өнөрүңүздү мен өмүр бою аздектеймин. Ал мага кесип болуп калды. Ак батаңыз менен жолго чыксам деген ойдомун,- деди.

Матилахун ойлуу, телмирип турду да, сөзүн баштады.

– Уулум! Сени ушундай атасам жарашат. Карачечекей балаң да он жылда бир жолу атасы менен сөз талашат, наразылык ортодо өтөт. Сенин айкөл пейилиң, жаркын, ачык маанайың, «иш» дегенде аны бүтүрмөйүн тынбаган намыскөй, кайраттуу, намыс-чыл мүнөзүң мага ушунчалык жакты. Сени төрөгөн апаңа, тарбиялап өстүргөн атаңа рахмат. Сендей адам эч

качан кор болбойт. Өзүм да ойлонуп жүргөмүн, «Жакып уулум бир күнү мекенине кетиш керек да» – деп. Ошол кыялымдагы күн бүгүн келип олтурат. Ак жолуң ачылсын! Кем болбо! Өмүрүң узун, өрүшүң жайык болсун! Мекениңе үй-бүлөң менен аман-эсен жетип ал. Менин сага, сенин ак эмгегиңе белегим, сага тартуум, сен жакшы билген, өзүм гана салтанаттарга минүүчү жакшы көргөн аттарымдын бири Кер кашка күлүктү минип кет! Мен да сага ыраазымын! – деп, колун жайып, ак батасын тартуулады.

Ээр-токулгасы жарашкан күлүктү Матилахун бай астына тартып мингизди. Кытайдагы кыргыз уулу өз жергесин карай жол алды.

## КӨКСӨГӨН ЭЛИ-ЖЕРИНДЕ

Баягы эл кырылган, өлгөндөн калганы эптеп тагдыр буйругу менен Кытай жерине келгендер убашып-чубашып, көптөн бери бирин-экиндеп, алдарына жараша кыргыз жерине сапар тартышкан. Алардын бири Алдаш

байдын үй-бүлөсү эле. Кытайга качкан элдей болуп байлыгы тээ кулак угуп, көз көргүз жакка качкан Алдаш бай айласы жогунан, «жан соога болор бекен, тукумум калаар бекен аман» деген тилек тилеп, сегиз баласы менен Кытайга үрккөн.

Эми кудай жол берип, ата конушуна кайрадан жол алышты. Баштагыдай жан кейиткен кыйынчылыктар анчалык болбосо да, «жол азабын, көр азабын» тартып дегендей мүнөздө Ала-Тоосуна жетишти. Бул жолу Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз кыштагына кандайдыр барышкан жок. Көчүн Нарын облусуна бурушуп, Нарындын башындагы Ак-Булуң колхозунан конуш алышты. Жакып, Ысмайыл ж.б. Жумалы, Абылмажин, Тойтукенин баласы Темирбектер болуп эл катары көртирликтерин башташат. Бул жакта да тынымсейит уруусундагы бооркордоштору болгон. Алар менен алыс, жакындан катташышат.

Ар кимдин сүйгөн иши, кесиби бар да. «Атаганат, туулуп-өскөн кыргыз жеринен туз кайрадан буйуруп, кар-

чыга куштай кайрылып барсам, Матилахун байдан, Кытайдан үйрөнгөн жашылчачылык, бакчачылык өнөрүмдү өз элиме көрсөтүп, жемиштерин тартууласам» – деп кыялданган, көктөн да, кудайдан да мындай учурду тиленген Жакып эми тилегине жетип, туулган жер туурунда. Баштагы учур түшкө кирбей, эми эл-журт да башка. «Бай» деген түшкө кирбей калган. «Ким иштесе, ал тиштейт» деп калышкан экен эл. Кедей-кембагалдардын көксөгөнү келип, бардыгы бирдей жашоого умтулушуп, дале болсо эски заманды көксөгөндөр «басмачы» аталып, аларга каршы жаңы өкүмөт жаасын катуу койгон учур экен. Жаңы коомду ал жүрөгүнөн жактап, эми баягы багвачылыгын улагысы келди. Жакшы эмгектенгенге ошончо артыкчылыктар берилээри, калыстык, адилеттик жосундары, элге болгон акыйкат милдеттер ага майдай жакты.

Адам өз бактысын издейт, акыры табат. Кытайдагы багвачылыгы ага капысынан жолуккан илме кайып бакты болгон. Ал өнөрү өмүрүн ээлеп,

байдын үй-бүлөсү эле. Кытайга качкан элдей болуп байлыгы тээ кулак угуп, көз көргүз жакка качкан Алдаш бай айласы жогунан, «жан соога болор бекен, тукумум калаар бекен аман» деген тилек тилеп, сегиз баласы менен Кытайга үркөн.

Эми кудай жол берип, ата конушуна кайрадан жол алышты. Баштагыдай жан кейиткен кыйынчылыктар анчалык болбосо да, «жол азабын, көр азабын» тартып дегендей мүнөздө Ала-Тоосуна жетишти. Бул жолу Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз кыштагына кандайдыр барышкан жок. Көчүн Нарын облусуна бурушуп, Нарындын башындагы Ак-Булуң колхозунан конуш алышты. Жакып, Ысмайыл ж.б. Жумалы, Абылмажин, Тойтукенин баласы Темирбектер болуп эл катары көртирликтерин башташат. Бул жакта да тынымсейит уруусундагы боордошторy болгон. Алар менен алыс, жакындан катташышат.

Ар кимдин сүйгөн иши, кесиби бар да. «Атаганат, туулуп-өскөн кыргыз жеринен туз кайрадан буйуруп, кар-

чыга куштай кайрылып барсам, Матилахун байдан, Кытайдан үйрөнгөн жашылчачылык, бакчачылык өнөрүмдү өз элиме көрсөтүп, жемиштерин тартууласам» – деп кыялданган, көктөн да, кудайдан да мындай учурду тиленген Жакып эми тилегине жетип, туулган жер туурунда. Баштагы учур түшкө кирбей, эми эл-журт да башка. «Бай» деген түшкө кирбей калган. «Ким иштесе, ал тиштейт» деп калышкан экен эл. Кедей-кембагалдардын көксөгөнү келип, бардыгы бирдей жашоого умтулушуп, дале болсо эски заманды көксөгөндөр «басмачы» аталып, аларга каршы жаңы өкүмөт жаасын катуу койгон учур экен. Жаңы коомду ал жүрөгүнөн жактап, эми баягы багванчылыгын улагысы келди. Жакшы эмгектенгенге ошончо артыкчылыктар берилээри, калыстык, адилеттик жосундары, элге болгон акыйкат милдеттер ага майдай жакты.

Адам өз бактысын издейт, акыры табат. Кытайдагы багванчылыгы ага капысынан жолуккан илме кайып бакты болгон. Ал өнөрү өмүрүн ээлеп,

жашоосу ансыз өтпөөчүдөй болуп калган. Кыргыз жерине, тоолуу Нарынга келгенден бери өзүнө так ошол кесибин издей баштады. Жерди иштетүү чоң байлык, эбегейсиз табылга экенине анын көзү түбөлүктүү жеткен. Элден иликтеп, тигил-бул жактарга барып, сурамжылап жүрүп, Нарын шаарындагы аскер комендатурасынан өзүнө ылайыктуу, шайкеш жумушту кабылдай алды. Жер менен иштей турган жумуш экен. Ал жердин жетекчилери менен жонунан макулдашып, айылына келип, ага-тууганда рына ал тууралу айтты.

– Сен Кытайда андай жумушту айла жоктон, өлбөстүн күнүн көрүш үчүн иштедиң. Ал сендей кыргызга эмес, Матилахундай кытайлык дунганга жагат. Алардын жашоосу ошондой. Тоолук кыргыз мал багат байыртадан, эми колхоздошуп, дале ошол сыяктуу иштерди иштейт. Жер тыткан өнөрүң бизге жакпайт. Бул ата-бабабызга жат кесип. Дунгандарга эле жарашпаса, эр жигит кылаар иш эмес. Тил ал да, мал баккын. Андан деле үзүрүн көрөсүң, –

дешти туугандары, Жакыптын «жаңы иштейм» деген ишин жээришип.

Жер сырдашы көгөрдү да калды. Оюн эч кимге бербеди. Акыры, туугандары тажагандан «макул» болушту. «Эми жаш эмессиң, өзүң эле билчи, кыйналсаң да өзүң кыйналасың да, кийин бизге кайыр-доон болбосун, ошондон эле баар таап кетсең, бизге деле жакшы эмеспи, көзүң жетсе барып иштей бер» – дешти, бир ооздон, ак тилектерин ыроолошуп. «Туугандын топурагы алтын» да. Бир боорлору «катуудан катуулашып, дегеле болбой коюшабы. Анда канттим, же аларды кыя албасам» деген ойго бушайман болгон Жакып, эми жеңилдей түшүп, эркин дем алды. Эртеси эле Нарын шаарына жол улады. Бул жол анын түбөлүк бактысы болуп калды.

## ТАШ-РАБАТ ЧЕКАРА КОМЕНДАТУРАСЫНДА

Нарын комендатурасынан 1929-жылдын башында Ат-Башы районунун Таш-Рабат чекара комендатура-

сына жиберилди. Жаратылыш шарты татаал, аба ырайы кескин өзгөрүп турган жайы салкын, кышы ит өлгөн суук жайда иштөө өзгөчө кайратмандыкты талап кылат. Бардыгына бел байлаган Жакып эч нерсеге кабатыр болгон жок. «Көктөн тилегени, жерден табылып», өз оюндагы иши колуна тийгенине гана өзгөчө кубанды. Талаачылык боюнча бригадир болду. Аскерлер менен бирдикте өз ишине кам урду. Жаз алдынан тийиштүү жерди пландап, аны бел чечпей иштетүүнү колуна даана алды. Комендатуранын жетекчисине жерди иштетүүнүн негизги жолдорун айтып, түшүндүрүп, өз оюндагыдай жасоого өттү.

Башкысы картошка, сабиз, капуста өстүрөт. Бат эле ишенимге кирип, баштагыга салыштырмалуу болуп көрбөгөндөй таза түшүм алып, комендатуранын өздүк чарбасын алдыга жылдырып, бардыгынын жакшынакай көңүл бөлүүлөрүнө тушугат. Жыл сайын иши илгерилейт. Кабагым-кашым дебей, башоту менен тапшырылган ишти тынымсыз, сапаттуу аткарат. Күнбү,

түнбү ал өз иши менен гана алек болуп, чыныгы дыйкандыгын, кажыбас кайраттуу кара мээнеттигин, кандай татаал жумуш болсо да кайра тартпас зор эмгекчилдигин көрсөтөт. Чаалыкпас, чарчабас дулдулдай күжүрмөндүгү менен чек арачыларды таң калтырат жана аларга эмгектенүүнүн тарбиялык да жолун тартуулайт. Сүйкүмдүү, жөнөкөй бул киши, «адам эмгеги менен даңктуу» деген айтымга эң эле туура келет. Ошол эле убакта аба ырайынын кандай мезгилинде айдоо-себүүнү, түшүмдү жыйноону элдик тээ байыртадан келаткан жол-жосуну менен жасайт.

Жакыптын бала күнүнөн баамчылдыгы, ар нерсеге жатык мамиле кылып куйма кулактыгы менен башкалардан айырмаланып, улуулардын жыл мезгили, Айдын жүрүшү боюнча айткандарын ар дайым жадында сактаган. Кытайдагы кожоюнун да айдоо-себүүнү, жашылча-жемиштерди эгүүнү айга, күнгө карап жүргүзгөнүн так үйрөнгөн.

Ала-Тоо аймагын мекендеген кылымдап жашап келген кыргыз эли

асмандагы Айдын жазгы айдап-себүү мезгилине тийгизген таасирин эзелтеден бери эле билишкен. Болжолдоп айтканда бериси эле 5–6-кылымдан тарта өзүбүздүн ирettүү жыл санагыбыз болгон. Мезгил-бул, тарыхтын мерчем нокоту. Ал нокоттор жыл саноо менен шөкөттөлөт. Илгерки эсепчилерге (азыр деле бар) кыргыздын туш тарабынан атайылап сурап келишкендер кийинки жылдын кандай болоорун билип кетишчү экен. Жыл саноонун башатында жердеги турмуш менен толук шарттaшкан, жылдыздарды окуунун, мезгилге тогоштуруунун системасы жатат. Кыргыздын жыл санагындагы жыл аталыштары байыркы Кытай жана байыркы парсы, түрктөрдүн календарларындагы аталыштарга маани жагынан далма-дал келиши-алардын түпкү теги бир календарлар экендигинин белгиси. Мисалы, Кытайда б.э.ч. 2400-жылда эле биздикиндей эле 12 жаныбар-зодиак атындагы жылнамэ болгон. Өткөн мезгилде элибиздин кат-сабаты жок болсо да алар астрология илиминен кабар-

дар болгондугун алардын так жыл саноосу далилдеп турат. Бүгүнкү күндө астрология илими аң-сезимибизден орун алып турган чак. Жазгы айдоосебүү мезгилинде астрологиянын жетишкендиктерин колдонулуучу эреже катары элибиз эми азыноолак колдоно башташты.

Өзүнүн түшүмүн тамырынан эмес, тамырынан жогорку сабагынан, кылда башынан берүүчү дан эгиндеринин катарына арпа, буудай, сулу, конок, тару, жүгөрү, мисте жана башкалар кирээрин биз жакшы билебиз. Так ушул дан эгиндерин Ай жаңырып, эки-үч жаңысы болгондон кийин баштап, Ай толуп, он беш жаңысы болгонго чейин айдап-сээп бүтүрүүгө үлгүрө албай калса, анда бул эгиндерди айдап-себүүнү убактылуу токтотуу өтө зарыл.

Себеби, Айдын фазасын эсепке албай, он беш жаңысынан кийин деле айдап-себилген дан эгиндеринен ошол жылы ойдогудай мол түшүм ала албай калабыз.

Айдын он беш жаңысынан кийин, фазасы кичирээ баштап, түнкүсүн

корголоп тие баштагандан тартып, түшүмүн тамырынан берүүчү, азык-оокатка жумшалуучу өсүмдүктөрдү-картошканы, жер-жаңгакты, сабизди, кызылчаны, чеснокту, пиязды ж.б. олтургузуу керек. Мына ошентип, жаз жарыш, күз күрөш дегендей, биз баары бир ишсиз, түйшүксүз калбайбыз. Айдын он беш жаңысы болуп-толгондон кийинки он эки, он үч күндүк аз убакытта түшүм тамырынан берген өсүмдүктөрдү Ай жаңыдан жаңырганда отургузууга катуу тыюу салынат. Анткени, жерди семиртип, кык чачып, кыраатын келтирип терең айдасак деле бул өсүмдүктөрдөн түшүм алуу кем болуп калат. Муну эсибизден чыгарбашыбыз зарыл. Ай жаңыра турган күнү эч качан айдап-себүү, отургузуу иштерин жүргүзбөш керек. Себеби, ушул числодо Айдын көзгө илинээр да фазасы жок болот. Себилген эгиндер чыкпай калышы да мүмкүн. Ошондуктан, Ай жаңыра турган күнү огородду отоо чөптөрдөн арылтуу, жегенелөө катарында аралыктарды иштетүү, бак-дарактарды керексиз

бутактардан кыйып таштоо иштери жүргүзүлөт.

Өзгөчө христиан динидеги өлкөлөрдө- Германияда, Францияда, Канадада ж.б. өлкөлөрдө асмандагы Айдын фазасына кылдат көз салышып, жазгы айдап-себүү эрежесин эзели бузушпайт экен. Ошондуктан, бул өлкөлөрдө түшүм өзгөчө жогору экендин, түрктөрдөн өйдө түмөндөгөн мол түшүмдү жаратып жаткандыгы баарыбызга белгилүү.

Асмандагы Айдын үстүбүздөгү жыл үчүн ай мезгилдеринин графигин да так өздөштүрүп алып, жазында жаздык эгиндерин себебизби, күзүндө күздүк буудайын себебизби, иши кылып, жаратылыштын закон ченемдүүлүгүн даңазалаган эрежени үйрөнүп алышыбыз керек.

Бул эрежени так өздөштүрүп алып үчүн ушул эле үстүбүздөгү жылга таандык болгон ай мезгилдеринин графигин, асмандагы Ай кайсы числодо жаңырып калат жана жаңырган Айдын он беш жаңысы кайсыл числодо болоорун ар бир ай боюнча өзүнчө так билип алышыбыз өзгөчө зарыл.

Эгер биз жаратылыштын бул закон ченемдүүлүгүнө маани берип, Айдын жазгы айдоо-себүү мезгилине тийгизген таасирин так өздөштүрүп алсак, трактор колго тийсе эле жер тытып кире бербей, айдайт десе эле айдап-себе бербей бул эрежени эзели бузбоо жакшы натыйжа берет. Анда биздин түшүмдөр деле мол болуп, кыр-кыр үйүлүп, токчулук келмек.

Байыркы бабаларыбыз көчмөн турмуштун баштарынан өткөрүп келишкени маалым. Түйшүктүү көчмөн турмуштун өзү кыргыз элин айлана-чөйрө менен эриш-аркак, табигаттын татаал сырлары менен тамырлаш, жаратылыш менен жамаатташ болуп жашоого үйрөткөн. Жаратылыш деген адам баласына баш ийбеген эң ыйык, эң түбөлүктүү нерсе экенин кыргыз эли байыркы замандан бери эле билген. Бабаларыбыз күн-түн көчмөн турмушта жүрүп, айланага, жаратылышка көз салган. Айманда Айдын, жылдыздардын табигатка тийгизген таасирин таразалап өзгөчө так билишкен. Ата-Бабаларыбыз сан жылдыздардын ичинен

жападан жалгыз үркөр топ жылдызынын табигатка, өсүмдүктөр дүйнөсүнө, жан-жаныбарлар дүйнөсүнө, адамга тийгизген таасирин өзгөчө так билген.

Эми ошол турмуштук тажрыйбасы ийгилигин берүүдө.

Жакып комендатуранын экономикалык жактан чыңдалышына, материалдык жактан бекемделип, чыгымдарынын азайышына өз салымын кошот. Өңгөдөн да алынган түшүмдү сактоону жүзөгө эң сонун ашырып, жазга үрөндүк тукумду даярдайт. Кыш бою чек арачылар анын мыкты даярдалган азык-түлүгү менен, ага ыраазылыкта жашап-иштешет.

Мезгил учкул. Кытайдан келгенден бери да куштай учуп беш жыл өтөт. Ал талаачылык боюнча бригадирликке көтөрүлүп, алдында иштегендерди өзүндөй иштемчилдикке үйрөтөт. 1932-жылы артелдик чарбанын огородунда иштегендердин үлгүлүү жетекчиси катары «Коммунисттик эмгектин ударниги» болот. Жыйындарда ага рахмат айтылган алкоолор, материалдык белектер берилет. Октябрдын 18 жылды-

гына карата огородчулуктагы эпкиндүү эмгеги үчүн буйрук менен айлыгынын өлчөмүндө сыйлык ыйгарылат. Бул 1935-жылдын 3-октябры эле.

Комендатурага эмгек сиңирип, үлгү көрсөтүп, «жакшы адам « деген кандай болоорун табыгый өзүнүн туруму, пейили, ниети, сүйлөгөн-турганы, жүрүм-туруму, чынчылдыгы, адамгерчилик бийик сапаты менен кимге болбосун тартуулай алды. Канчалык эбегейсиз жумушту бел ийе жасаса да бир да ирет «мен анттим, мен минттим» деп төш каккан жок. Ал тургай Кытайдан жерди иштетүүнүн эң сонун ыкмаларын жаанга жатып, күнгө күйүп, ичээрге суу, кийээрге кийим таппай, ач-жылаңач күн көрүп, мээ кайнаткан ысыкта таңдайы кургап, тамчы сууга зар болуп жүрүп, ошондо да бир «кыйналдым» дебей үйрөнгөнүн эч кимге мактаныч кылбаган. Тогуз жыл бою ал жерде өз үйүндөгүдөй талааны гүлдөтүп, жашылча-жемишке чек арачыларды карк кылып аракеттеген. Жашоосуна, эмгегине зор канааттануу менен өмүрүн өткөргөн.

## ИЛИМИЙ ӨНДҮРҮШТҮК БИРИКМЕДЕ

Чек ара комендатурасында огородчулукта түйшүк тартып, бригадирликке чейин көтөрүлүп, иштеген ишинен убай таап калганда 1938-жылы Кыргызстан дыйканчылык илимий өндүрүштүк бирикмесинин таяныч пункту Нарын шаарында ачылат. Жаңы нерсенин элге жетиши, иштин өр алып кетиши анын башынан жакшы уюштурулушуна, атына заты төп келишинде эле. Мында бирикмени уюштуруучу Петр Яковлевич Крючков көп убара тартып, татыктуу адамдарды издеп, акыры Жакыптын даңазалуу дайынын шаардыктардан угуп, комендатурага атайын издеп барып жолуккан. Ишин көрүп, өзү менен кеңкесири сүйлөшүп, алгач көргөндө эле аны аябай жактырган. Таяныч пунктунда иштөөгө чын көңүлү менен үндөп, анын келечегин, элге пайдасын. шарты катаал Нарын өрөөнүндөгү илимий иштеги ордун жаны калбай түшүндүргөн. Чынында дароо жакты-

рып, «Жакып болбой койсо эмне кылам» деген бушайман ойго түшкөнүн кийин өзүнө айткан. Тубаса агрономго кунту түшүп, жогорку органдарына да «Мен мындай жашылча менен сүйлөшө билген табыгый талантуу адамды көргөн да, уккан да эмесмин» – деп таңданганын өмүр бою айтып жүргөн.

Жакып жаңы ишке эзелтеден эле иштеп жүргөн адамдай сүйүнүч менен келген. Бул дыйканчылыкта иш эң эле келечектүү, чоң жана ар тараптуу болчу. Жакып ишке бел чечпей белсене киришкен. Мында таанышып, үйрөнчү эч нерсе жок эле. Бирок, бүт илимий негизде, талаачылыктын маданияты, агротехникалык эрежении негизинде гана жогорку түшүмдү алуу максатталган. Албетте анда агротехникалык билим жок, болгону мыкты иштөө менен, аба ырайынын шартына жараша жашылча-жемишти түшүмдүү өстүрүү эле.

1939-жылдын 1-январынан 20-мартка чейин же үч айга жакын убакытка Куланак районунун Куланак селосундагы агрономдук участкасында жа-

шылча-жемиш өстүрүүчү бригадирлердин окуусу илимий өндүрүштүк таяныч пункту тарабынан өткөрүлдү. Кыскартылган программадагы мазмундуу бул программада жашылча жана жемиш бактарынын колхоздо өстүрүп, түшүм алуудагы эмгектин уюштурулушу, күнөскананы жана анда көчөттөрдү өстүрүүнүн уюштурулушу, колхоздордо картошканын өстүрүлүшү, Тянь-Шанда жашылчанын жана жемиш бактарынын өстүрүлүшү, Тянь-Шанда жашылча-жемиштердин сакталышы окутулган. Курста Жакып чындап дитин коюп, лекцияларын кунт коюп угуп, конспектилеп жазып, сабактарга бир минута да кечикпей катышып, тартиптүүлүгүн, зээндүүлүгүн көрсөткөн. Экзамендерин жалаң «5» бааларына тапшырып, башкаларга өрнөгү менен үлгү болгон. Курстун уюштуруучу жетекчиси Ж.Алдашов жөнүндө угуучуларга арачолодо айтканында алар жомоктогудай таң калуу менен кабыл алышкан. Жаратылыш, жер өз жанына айланып калган, өз өмүрүндөй аны баала-

ган Жакыптан бош убактарында белгилүү деңгээлде сабак алышкан. Бул аларга курста теориялык айтуу болсо, Жакыптан практикалык татынакай жолду үйрөнүшкөн. «Жашоодо жакшы менен болгонуң- чоң бакты» деген ушул да. Курстун жыйынтыктоо жыйыны менен Ж.Адашовго «Колхоздун жашылча-жемиш өстүрүүчү бригадири» деген наамы берилген, күбөлүгү менен. Бул анын төбөсүн көккө жеткирип, дагы чоң нерселерди жасоого, таяныч пункт үчүн каны-жанын аянбай иштөөгө шыктандырган.

Эми ишти илимий өндүрүштүк бирикменин илимий кызматкерлери, айрыкча жетекчиси П.Я.Крючков менен бирдикте практикасын илим менен байланыштырып, жаңы мекеменин өрүшүн кеңейткен. Жыл өткөн сайын бирикменин кадамы арбып, жашылча-жемиштерди Тянь-Шандын шартында өстүрүүнүн, андан илимий жолдор менен мол түшүм алуунун жакшы натыйжалары акырындык менен көрүнө баштаган. Таяныч пунктка атайын аянттар бөлүнгөн, мамлекет тарабы-

нан уруктар берилген, жер семирткичтер менен камсыздалышкан. Башкы максат – аларды илимий негизде пайдалануу болчу. Андай милдеттерди, эрежелерди булар ар дайыма так аткарышкан. Аракеттер натыйжасын бере баштаган. Жамаат ийгиликтин изине түшүшүп, Нарын жергесине Кыргызстан дыйканчылык илимий өндүрүштүк бирикмесинин таяныч пункту бекеринен ачылбаганын иш жүзүндө көрсөтө алышкан. Жан аябаган күндүр-түндүр маңдай тер төккөн мээнет, агротехникалык эрежени өз жолунда пайдалануу, минералдык жана органикалык жер семирткичтерди өз нормасына ылайык берүү, сууну маалында жаюу, суук, ысык мезгилде жакшылап кароо, отоо жумуштары, түшүмдү коромжусуз, өз маалынан өткөрбөй жыйноо, баарыдан да аны жакшы сактоо алардын башкы милдетине айланган. Жогорку көрсөткүчтөрдү жаратууда пункттун бүткүл кара жумушу, болгондо да аны кынтыксыз, бир да кемчилик кетирбей жасоо Жакыптын гана мойнунда болгон. Жетекчиси көрсөтмө

берип, ишти кандай аткарууну, мөөнөтүн, убагын тапшырган, керектүүлөрдү колдонуунун жолдорун айткан. Тубаса агроном аларды-толгон-токой түйшүктөрдү жүзөгө ашырган, так аткарган. Ошон үчүн пункт республикада таанылa баштаган. Жети ай суук, кыш өкүм сүргөн, «түү» деген түкүрүгүң жерге түшкүчө тоңгон аймакта жашылча-жемишти ошол шартына ылайык өстүрүүдө бирикме жамааты чындыгында жеңишке жетишишкен. Улам алдыга адымдоодо Жакыптай жанын таштап иштебеген, жер сырын билбеген, арамзаа, эптеп айлыгын алып, күн өткөрүү менен гана чектелген, «Кылоо-кылоо» иштеген адам болсо мүмкүн, пункт акыры жабылмак.

Таяныч пункт тоолуу жерге Теңир-Тоо үчүн жашылча-жемиштерди, башка дан жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн негизги чордонуна айланган. Төрт жыл бою (1938-1942) талбай алектенип, Петр Яковлевич Крячковдун илимий ишине да чоң таяныч болгон.

Ооругта эмгекке жарактуу адам калбай, жетим балдар, жесир аялдар,

кары-картаңдар көбөйүп, Жакып Алдашовду да майданга жөнөтүү мезгили алка жакадан алып келген. Крячков канчалык аракет жасаса да аны бул апаатка жибербей коё албаган. Бир боор тууганындай кыйылып узатып, аман-эсен келүүсүн каалап, аргасыз кала берген.

## СОГУШТА ДА ЭРДИК КӨРСӨТКӨН

Жакып баш-аягын жыйып, бир жерде агарып-көгөрүүгө белин бек байлап калган кезде согуш башталган. Жаш курагы 42ден өтүп калса да фронтко жөнөтүшкөн. Карапайым, ыр-чыр менен дегеле иши жок бул адам Улуу Ата Мекендик согушка дароо жөнөй берген. Бир нече такшалуулардан, сыноолордон өтүп, анан Манчжурияга жиберилген. Мында оңой эмес аскердик кармаштар, нечендеген кыйналуулар, күн-түнү дебей аянбаган кан кечүүлөр жүрүп турган. Ага да Жакыптай көптү көргөн, бардыгына бышкан, ачка-токко кайыл болуп,

эртеңки жакшылыгын күткөн адам керек эле. Аны ошон үчүн жаш аскерлерге да баш-көз, кеңешчи болсун деп, алыскы Манжур жерине тандап жиберсе керек.

Манчжуриянын тарыхына кайрылсак, ал СССР үчүн кыйла катаал шарттарды нечен жылдан бери даярдап келаткан, гитлердик баскынчылардын СССРге каршы кол салышы аларга чырагына май тамызгандай болгон. Абал оор болучу. Бул Япон империалисттери тарабынан Түндүк Чыгыш Кытайда-Манжур аймагында 1932-жылы түзгөн мантай мамлекети 1945-жылга чейин жашаган. 1945-жылы Жакып катышкан Советтик Армия түп оту менен экинчи баш көтөргүс кылып талкалаган. Буга чейин манжур мамлекети колониалдык эзүүдө болуп, Кытайдын калган аймагына, СССРге жана МЭРге каршы согуш плацармы катары пайдаланылган. 1931-жылы 18–19-сентябрда Япония Шэньян (Мукден) районунда Кытайды Түштүк Манжурга тиешелүү темир жолду буздуң деп шылтоолоп,

Кытайдын түндүк чыгыш аймагына аскерлерин кийирип, ошол жердеги үч провинцияны (1934-жылы Жэхэ провинциясын да) каршылыксыз ээлеген. Япон чалгындоо уюму менен байланышкан Цин Пу И 1934-жылы 1-мартта Маньчжоу-Гого императорлукка (Манжур Цин династиясынын акыркы императору) дайындалган. Бирок, ал түзүлгөн башынан эле Маньчжоу-Гону негизинен япон империалисттеринин өкүлдөрү башкарган. Япон милитаристтери Маньчжоу-Годо Квантун армиясынын санын 12 миңден 780 миңге, Маньчжоу-Гонун армиясын 170 миң адамга чейин жеткирип, СССРдин чек арасына жакын жерлерге бекемделген стратегиялык курулуштарды, ар кандай жол түйүндөрүн, аэродром ж.б. согуштук обьектилерин курган. Маньчжоу-Го аймагынан Япония 1933–1939-жылдары бир нече жолу СССР жана МЭРге каршы (Хасандагы 1938), Халхин – Голдогу (1939) согуш чагымдарын уюштурган. Эл аралык аренада ал кезде аябагандай дуу болуп, дүйнөгө дүңгү-

рөгөн ар кандай маалыматтар жайылгандыгы элге белгилүү.

Жергиликтүү калкты ырайымсыз эзүү эл каршылыгын күчөткөн. 1932-жылы көптөгөн партизандык отряддар түзүлүп, алар 1935-жылдан коммунисттердин жетекчилиги менен бирдиктүү аракеттенишкен. Бирок, ал отряддардын көбү 1941-жылы япондуктардан талкаланган. Советтик Армия Түндүк-Чыгыш Кытайды япон баскынчыларынан бошоткон соң (1945-ж. Август) Маньчжоу-Го жоюлган.

«Өлбөгөн адам, алтын аяктан суу ичет». Жакып Япондук милитаристтер менен жан аябай кармашууда канчалаган куралдаштарынан айрылды. Ал пулёметчик катары душмандын неченддеген өкүлдөрүн жер менен жексен кылды. Оозунан ажал бүрккөн согуштук куралы аны сыймыкка, каарман эрдиги, тактыгы, тез арада жеткен согуштук тажрыйбасы, командасындагы өзгөчө баатырдыгы сыйлыкка бөлөдү. Улуу Жеңиш келгенден кийин да ал ошол согуш талааларында кыйлага чейин аскердик кызматында кала бер-

ген. Согуш аяктаган кезде, Октябрда анын төшүнө «Японияны жеңгендиги үчүн» медалы, андан мурда алган «Эрдиги үчүн» жана «Улуу Ата Мекендик согушта 1941–1945-ж. согушта Германияны жеңгендиги үчүн» медалдарынын катарына тагылды. Бул медаль Япондук империалисттердин согуштук аракеттерине каршы күрөшкө түздөн-түз катышкан 1-Ыраакы-Чыгыш, 2-Ыраакы-Чыгыш жана Забайкал фронтторунун, Тынч океан флотунун жана Амурдук флотилиянын курамындагы, кошулмалардагы жана мекеме-ишканалардагы өз эрки менен жалданышкан инсандар: Аскер-Деңиз Флотундагы жана ички иштер, наркоматтык коргонуунун башкаруу борборунун аскер кызматкерлери, советтик аскер күчтөрүнүн Ыраакы-Чыгыштагы согуштук аракеттерин камсыз кылууга катышкандар сыйланышкан. Жогоодо айтылып тургандай Японияны жеңүү оңой маселе болбогон. Мында Жакып кажыбас кайратын, жигиттик жигерин көрсөткөндүгү сыйлыгы аркылуу эле билинип турат десек болот.

1945-жылдын аягында Теңир-Тоого Жакып Жеңиш менен келет. Эми баштагыдан да ардактуу, кан майдандын эр жүрөк катышуучусу, эрдик көрсөтүп келген кыргыздын азамат уулу катары бааланып калды. Аны Кыргызстан Компартиясынын Тянь-Шань райондук комитети менен Эл депутаттарынын Тянь-Шань райондук Советинин аткаруу комитетинин 9-май – Жеңиш күнүнө карата куттуктоосунан билсек болот. Анда мындай деп айтылат:

## УРМАТТУУ ЖАКЫП АЛДАШОВ АТА!

**Көп улуттуу элибиздин эркиндиги үчүн 1941–1945-жылдардагы алаамат согушта нечен эр азаматтар башын канжыгага байлап, атуулдук парзын өтөштү. Сиз да ошолордун бири катары колуңузга курал алып, кан күйгөн казатка аттангансыз. Кырчын курак кезиңиз Улуу Ата Мекендик согушта чыңалып, бүгүнкү бакубат турмуш үчүн күрөшкөндөрдүн катарында жан**

аябаган салгылаштардын нечени ба-шыңыздан өткөрдүңүз.

Элибиздин тилеги кабыл болуп, кас-ташкан душмандын канаты кайры-лып, таш- талканы чыкты. Ошол кара жолтой согушта киндик каны тамган туулган жеринин тузу буюрбай, бөлөк эл, бөтөн жерде түбөлүккө ал майдан талаасынын топурагын жазданып калган Советтик жоокерлерге таазим кылып, башыбызды ийебиз. Бейпил заманыбыз үчүн курман болгон жоо-керлерди эскерүү тирүүлөрдүн, биздин адамгерчилик ыйык парзыбыз.

Сиз абдан бактылуу адам экенсиз! Эңсеген жериңизге аман-эсен кайтып келип, тынчтык күндөрдө да эртеңки муундун келечеги үчүн кажыбас кай-ратыңыздан жазбай, ак эмгегиңизди жумшоодосуз. Эми минтип кадырман карыя болуп, ардагерлик ардактуу наам менен жашоодосуз.

Анда эмесе, Сизге бекем ден-соо-лук, дагы көп жыл өмүр сүрүүңүздү каалоо менен бала-бакыраңыздын ур-мат-сыйын көрө беришиңизге ак дил-ден тилектешиз!

**9-Май-Жеңиш күнү Майрамыңыз менен ак дилден куттуктайбыз!**

Бул Жакып Алдашовго эл-журттун актай дил сыйы.

## КАЙРАДАН КАНДИМ ИШИНДЕ

Үркүн, андан кийинки турмуш, анан согуш. Бул мезгилдер Жакып үчүн системалуу бир өңчөй жашоо ыргагын түзбөгөн. «Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет» дегендей, үйлүү-жайлуу болууга, бала күтүп, базарга айланып, бапырап жашоого кандайдыр шартталбай келген. Эми баарын ойлоого, баарына жетишүүгө туура келген учур. Себеби, жашы да 50нү карай «зуу» коюп бараткан.

Ал ушундай келечек үчүн толгон ойлор менен майдандан келип, эң алгач көнгөн ишине кайрадан барды. Эски, жаңы адистерден турган жамаат чоң кубаныч менен тосуп алышты. Баштагы демилгелүү эмгеги кайрадан өз ордун тапты. Ал чарбаларда жашылча-жемиштерди өстүрүү боюнча эмгек-

ти уюштурууну, колхоздордо күнөскана чарбаларын ошондой эле аларда (күнөсканада) көчөттөрдү өстүрүүнү уюштурууну, колхоздордогу башкы жашылча-жемиштерди, мөмө-жемиштерди айрыкча картошканы өстүрүүнү колго алууну, эң башкысы – Тянь-Шанда-тоолуу, суук өрөөндө жашылча-жемиштерди өстүрүүнү жана аларды сактай билүүнү беш колундай өздөштүргөн. Буларды өз колу менен өстүрүп, чарбаларда практикалап, илимий жолдогу ролун адистер аркылуу бекемдеген.

1939–1942-жылдары жашылча-жемиштерди өстүрүү боюнча бригадир болсо, эми согуштан келээри менен агроном-практик кесиби менен жашылча-жемиштерди, жемиш бактарын, мөмө-жемиштерди, бакчадагы ж.б. өсүмдүктөрдү өстүрүп, түшүмүн алуу боюнча эң тажрыйбалуу, өсүмдүктөрдүн «тилин» беш колдой билген тубаса адис болуп чыга келди.

Улам жыл, мезгил өткөн сайын Кыргызстан дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикмесинин

Нарындагы таяныч пункту алманын эле 14 сортун, өрүк, карагат, помидор, бадыраң, капуста, кызылча, сабиз, ал тургай жусай, тоо ышкыны, тоо гүлдөрүнүн түрлөрүн улам жаңыртып, улам Нарынга туруктуу өскүдөй байыр алып өстүрүштү. Илимий кызматкерлер А.Столярова, Асылтай Сыдыкова, жумушчулар Батима Эсеналиева, Мария Жолчубаевалар ар дайым деңиз деңгээлинен 2100 метр бийиктиктеги өрөөндө аксакалы Жакыптын жана окумуштуу П.Я.Крячковдун жетекчилигинде талбай эмгектеништи.

Иши илгерилеп, кызматы элдик таанууга улам ээ болгон Жакып үйлөнүүгө үлгүрдү. «Бала» дегенде ак эткенден, так этти. Эмнегедир перзенттин «баа» этип ыйлаган үнүн төрт жыл бою уга албады. Жаш болсо 50нү сёрпти. Эч нерсени сыртына чыгарбаган, терең ойго ичинен чырмалган агроном Жакып бир күнү сырын жубайына чыгарып, дегеле «сен, мен» дешпеген өмүршериктер маселени туура түшүнүшүп, бири-бирине жакшылыктарды каалашып, «сен жакшы, мен жакшы»

менен, тынч ажырашышты. Бул да анын адамдык чоң паразаты, бийик адамгерчилиги эле.

## ЖАҢЫ ТУРМУШ, ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕК

«Жакшы тилек, жарым ырыс» дегендей, согуштан келип, кызматы да жакшы жүрүп, очор-бачар үй-бүлө курууну көздөп, Нарын шаарынын Жайлообак көчөсүнө жакшынакай там салган. Жалгыз бойчулук эми аны коштоп алып, өзүнө тең жар издей баштаган. Ошол кезде таяныч пунктуна Жданов атындагы колхозунан Масен аттуу адам дайыма келип, Жакып менен баарлашып, анын андагы каарман эмгегине суктанып, аны кеңири билип калат. Бир жолу сөздөн сөз чыгып олтуруп, Жакып өзүнүн бой адам экендигин, курагынын да улам жогорулап, бала көрүү максаты күндө өңүнөн, түндө түшүнөн кетпей турган нерсе болуп калганын чын дилинен айтат. Көптү көргөн, көп нерсеге көзү жетик Масен, Жакыпка таанышкан-

дан мурда эле ал жөнүндө укканбы, бул мээнеткеч кишиге жакындап, сырын угуп, өз боюна тартып, жакшы көрүп калат да акыры анын ак дилин угуп, өзүнүн да оюн ортого салат.

Какеш Сыдыгаалы кызы Нарын районунун Орто-Нура айылынан, аттуу-баштуу киши Сыдыгаалынын кызы болот. Сыдыгаалынын эжеси Жданов атындагы колхозундагы Масен аттуу адамга турмушка чыгып, бирок, бала көрбөйт. Себеби, төрөгөн балдары токтобойт. Сыдыгаалы өз кызы Какешти ырым кылып, эжесине тырмактайында төрөлгөндө эле этек астынан берет. Кудайдын парманы менен Какешти багып алгандан кийин Масен Зуура деген кыздуу, Сүйүндүк аттуу уулдуу болот. Ошентип, Какеш Масенова аталып, жездесине кыз болуп калат.

УАМ согуш аяктап, тирүү жоокерлер эл-жерине кайтышат. Алардын бири Чүйдүн Күн-Туу айлынын кулуну Курманов Шакир аттуу адам болот. Ал кан күйгөн чоң казатка катышып, андан бутуна ок тийип, жарадар болуп, ошол каргашадан аксап келет

майдандан. 1946-жылдан Нарын өрөөнүндө кызматта иштейт. Какеш Масеновага үйлөнүп, Ак-Талаа, Куланак райондорунда сот болуп турат. Какеш 1947-жылы 7-июлда уулу Дубанбекти, 1949-жылы, 20-июлда кызы Жумагүлдү төрөйт. «Эл сагынбас эр, жер сагынбас ат болбойт» дегендей Шакир туулуп-өскөн жерине көчүп кетет.

Кайын журту менен да күйөө бала катары анча кабары болбой, алар да кызы Какеш жөнүндө бушайман болушат. Сыдыгаалы да өзүнчө сарсанаа, Масен да катташпай калганга өзүнчө кападар. Ошол опурталдуу кезде Сыдыгаалынын кызматта иштеген, тиги-буга көзү жетик иниси Султанаалы Фрунзе шаарына жыйналышка барат. «Кыздан кабар ала кел, барып» деген бир тууганлык аманат тапшырманы так аткарат. Күн-Тууга жетип барат. Май айынын орто чени болсо керек. Шакирдин үйүн сурап, таап барса, Какеш жүдөгөн кейипте, жыланайлак бойдон талаада кызылча отоп жүрөт. Кудалары да жакшы мамиле жасабайт. Ким келгенин этибарга албаган-

дай таасир көрсөтүшөт. Ачуусу келген Султанаалы «кой-айга» болбой, карындашын бир жашка толуп-толбогон кызы менен алып кетет. Үчкө чыгып калган уулу Дубанбекти Какештин кайненеси чыркырап атып бербей, алып калат.

Масен бул жөнүндө Жакыпка чыпчыргасын коротпой айтат да, «көңүлүң болсо, кызымды сага беремин» – дейт. Аркы-беркиге көзү жетик Жакып, Какештин төрөп-түшүп турган аял экенине көзү толук жетип, ошол эле жерден макулдугун берет. «Кайната болуп бериңиз, мен сиздин ишенимиңизди актаймын. Сизге ак дилим менен ыраазымын!» – дейт чын жүрөгүнөн берилүү менен.

1951-жылы, Жакып 53 жашында, мурда күйөөдөн чыккан, эки баланын энеси Какешке үйлөнөт. Жаркын келечеги эми колуна келгенсип, кошуна-колоңуна ак тилек менен той берип, элден бата алат. Үмүтү алоолоп жанып, кудайдан алдыдагы жакшылыгын тилейт.

## ҮМҮТҮ АКТАЛЫП, ҮЙҮ БАЗАР БОЛДУ

«Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна» дегендей, Жакып ишке да, үй-бүлөлүк турмушуна да эки эселенген жигер менен киришип, жашоосуна «шүгүрчүлүк» келтирүү менен карайт. Келинчегинин улам чоңоюп келаткан ичин карап, ага айрыкча камкордук көрүп, аман-эсен көз жарып алуусун кудайдан тиленет.

1952-жылдын 7-октябры ага чоң бактыны тартуулайт. Какеш жүгүнөн бошоп, балканактай кыз төрөйт. Таяныч пунктка атчан барып- келип иштеген Жакыпка сүйүнчүлөшөт. Кошо иштешкендерине жана жолдо атчан келатканда учураган тааныштарына «мен кыздуу болдум, кудай боосун бек кылсын!» – деп чөнтөгүндөгү акчаларын жентек катары бере берген, жетине албай. Тун тукумунун атын азан чакыртып, Калыйман коёт.

Ал бул учурда ого бетер шыктанып мээнеттенип, бардык күчүн элге арнаган. «Нарындын Мичурини» аталып,

иштеген жерине гана эмес, өз үйүнөн тартып, шаардын булуң-бурчтарына да анын ак эмгеги жайылат. Карыбы, жашпы, жетекчиби же катардагы жөнөкөй адамбы, жашылча-жемиш, гүлдөрдүн не бир сонун түрлөрүн, сиренди, алмурут, карагат, кара өрүк, шалгам ж.б. өстүрүүгө кеңеш сурагандарга таза оюн, аларды жакшылап өстүрүүнүн так жолдорун айтып, ал гана эмес айрымдардын үйүнө чакыруу менен барып, күнбү-түнбү бош боло калганда убактысын эч бир аябай жардамын берген, өз колу менен жасап, көрсөткөн. Ошонун баары Жакыпка алкыш, рахматы менен Теңирден чоң жакшылыкты алып келген. Ал баккан, мыктылап өстүргөн көчөттөр, тукумдар ар дайым Жакыптын мандай терин, жердин даана сырдашы экендигин кайсы жерде болбосун өздөрү мол түшүмүнөн айтып турган, сездирген. Ким болбосун «бул Жакып багбандын эмгеги» дешкен. Анын аты ал кезде Нарын шаарында жомоктой аңаза болуп турган. «Атаңдын көрү, бири кем дүйнө да... Агрономия боюн-

## СҮРӨТТӨР – ӨЧПӨС ӨМҮРЛӨР



Алдашов Жакып, 1980-жылдар.



Алдашов Жакып, 1990-жылдар.



Алма бактын арасында.




Какиш кыздары, неберелери менен,
Жумаалы аялы менен.



Жакып Какиш экөө.



Какиш Каликан кызы неберелери менен.



Какиш Каликан кызы неберелери менен.



Жакып кыздары менен. Фрунзе шаары, 1971 ж



Какиш Каликан кызы неберелери менен.



Жакып кыздары менен. Фрунзе шаары, 1971 ж



Жакып иш үстүндө.



Москва шаары, ВДНХда.



Партиялык жана айыл чарбасынын жетекчилери менен, солдон экинчи Акималиев Жамин, үчүнчү Жакып.



Балдары, неберелери менен
1990 жылдар



Дубанбек Айымбүбү жеңе менен, Жумагүл, Каликан уулу кызы менен.



Жакып, Какеш, Сыдыгаалы, Жумагүл,
Калыйман жана Калыйкан (1954-ж.)



Жылаңбаш турган Алдашов Жакып
Москвада ВДНХда.



Жакып, аялы Какеш, кызы Калыйман менен.



Жакып уулу Нарынбек менен.



Нарынкүлдүн жолдошу Нурдиндин ата энеси, бир туугандары.



Фрунзе шаары, айыл чарба көргөзмөсү,
1960-жылдар.



Опорный пунктта изилдөөчү менен.
1950-жылдар.




Нарынбектин үй-бүлөсү, Каликан.




Нарынбектин уулдары, кыздары, балдары менен.



Нарынкүл жолдошу Нурдин балдары менен.



Дубанбек, аялы Алтынбүбү жана Жумагүл.



Калыйман, анын күйөөсү Таалайбек, Калыйкан, Нарынбек, Нарынкүл жана Дубанбек кызы Света.



Жумагүл уулу Манас, кызы Чолпондун балдары менен.



Калыйкан уулу Дамир, кызы Жылдыз менен.



Жумагүл уулу Манас, кызы Чолпондун
балдары менен.



Калыйкан уулу Дамир, кызы Жылдыз менен.



Жумагүлдүн кызы Жылдыз перзенти
Аяна менен.



Жумагүл, Калиман, Каликан, мектеп убагы.



Жумагүлдүн кызы Жылдыз жана небереси.



Жумагүл кызы Чолпон менен.




Жумагүл сиңдилери менен, 1979-жыл.




Жумагүл, 2017-жыл.



Каликан.



Нарынбек жолдошу Замира менен.



Жумагулдун уулу Манас келинчеги менен.



Каликан женеси Замира менен.



Калиман жолдошу Таалайбек менен.

# САКТАЛЫП КАЛГАН ДОКУМЕНТТЕРИНЕН






‹ К предыдущему результату поиска   К следующему результату поиска ›

## Алдашев Жакып

Год рождения: __.__.1899
место рождения: Киргизская ССР, Тянь-Шаньская обл., г. Нарын
№ наградного документа: 190
дата наградного документа: 23.12.1985

Орден Отечественной войны II степени



№ записи: 1510307423

—.—.1910 / / Орден Отечественной войны II степени.

66 Алдашев Джумакадыр

—.—.1915 / / Орден Отечественной войны I степени.

67 Алдашев Джура

—.—.1923 / / Орден Отечественной войны II степени.

68 Алдашев Ескалий

—.—.1923 / / Орден Отечественной войны II степени

69 Алдашев Жакып

—.—.1899 / / Орден Отечественной войны II степени.

70 Алдашев Жамал

—.—.1906 / / Орден Отечественной войны I степени.

71 Алдашев Зот Николаевич

—.—.1905 / / Орден Отечественной войны II степени.

72 Алдашев Касым

Месткому Союза

Председателю сов-Бригады

Рабочих Огорода Арт. Хозяйст.

Погран. Части ОГПУ тов. Карп.

Адамцев Яков за сезон 1933 г

проявил себя хорошим

работником и ударником

просим Вас провести его

ударником за его хорошую

работу

Отв. Арт. Хоз.

Погр. [illegible]

[illegible] 33 г

Место штамп
26/X 1936г.
№ 18/А.

Справка.

Выдана гр-ну Юлдашеву Джакубу в том что он работал при колхозе Позанкомиссарова в должности бригадира полеводства с 1929 года по 25-е сентября 1938 года освобожден по сокращению штата.

Председатель подпись

Старший бухг. подпись

и печать.

Копия верна зав. [illegible]

Выписка из приказа № 17

по Отдельному х-у отд. Ташбалорский погран комендатуры г.

от 3 ноября 1935 г.

§ 3

Ядашев Ахун за удачную работу по службе премируется месячным окладом ко дню 18-й годовщины Октября.

Коменданта по Х/У Королев

Верно:

Ст. делопроизв.

[illegible]

УДОСТОВЕРЕНИЕ.

Выдано Алдашеву Джакубу в том, что он в 1939 году с 8-го Января по 20 Марта прослушал курсы бригадиров плодоовощеводов организованные при опытном участке колхоза Куланак Куланакского района.

За это время Алдашев Джакуб прослушал по сокращенной программе следующие дисциплины:

1. Организацию труда по овощным и плодово-ягодным культурам в колхозах.
2. Организацию парникового хозяйства и выращивание рассады в парниках.
3. Выращивание картофеля и главных овощей в колхозах.
4. Выращивание ягодных и плодовых культур в Тянь-Шане.
5. Хранение овощей в Тянь-Шане.

По всем перечисленным дисциплинам тов. Алдашев Джакуб показал хорошие знания, выдержал экзамены и ему присуждается звание колхозного бригадира плодоовощевода, что и удостоверяется.

10 Апреля 1940 года

Зав. Курсами
Ст. научный работник. [signature] /П.Я. Крянов/

Л-2, Характеристика

Выдана Алдашеву Джакубу в том, что он за время работы под моим руководством на Нарынском Опорном Пункте Киргизской плодоовощной опытной станции с Марта 1939 года по Октябрь 1949 года проявил себя как вполне опытного и знающего дело по выращиванию плодово-ягодных и овощебахчевых культур и картофеля.

В первые годы своей работы Алдашев Джакуб работал в качестве бригадира плодоовощевода, а с 1945 года в качестве агронома практика по выращиванию овощей и садов.

Он хорошо знает природно-климатические условия Тянь-Шаня и вполне овладел техникой выращивания овощей, картофеля, ягодников и садов и получения высоких ~~сортов~~ урожаев этих культур.

Под руководством знающего работника он также может проводить научно-исследовательскую работу по выращиванию этих культур.

Октября 1949 года

Зав. Нарынским О.П.П.
кандидат с/х наук, доцент /П.Я. Крапов/

# А К Т

1964 года октября 3-го дня, мынижеподписавшиеся кандидат с/х наук Крячков П.Я. агроном практик Тянь-Шаньской межрайонной госплемстанции Алдашов Джакуб сего числа составили настоящий акт в том, что он опытном поле произведен отбор и копка селекционного картофеля.

Всего выкопано 105 форм из которых отобрано как наиболее урожайных и выровненных по форме клубней, окраске кожура к устойчивости к вредителям и болезням 68 форм.

Все отобранные 68 форм превышают стандарт, сорт Берлихинген по урожайности на 15-30 %. Клубни у них крупные выровненные, различные по форме, окраске и сроку созревания.

Каждая новая форма весом от 3 до 7 кг храниться отдельно в мешочках, в подвало Госплемстанции под наблюдением агронома практика Алдашева Джакуба.

В 1965 году будут продолжены работы по дальнейшему изучению отобранных форм в сравнении со стандартном сортом Берлихинген.

Кроме того на площадя 0,8 га убран урожай смеси гибридов сеянцев картофеля общим урожаем двенадцать тонны клубной, которые будут использованы в хозяйстве для репродукции.

Кандидат с/х наук:- (Крячков. П.Я.)

Агроном практик:- (Дж.Алдашов)

Акт заверен директором
Тянь-Шаньской госплемстанции:-

(Д.МОЛДОБЕКОВ)

# П Л А Н.

Посадки гибридного картофеля на территории госплемостанции.

Счет форм идет с Юга на Север.Границей с Востока служит арык.

I.С номера первого по двадцать восьмой включительно т.е. двадцать восемь фирм двух рядковых т.е. 56 рядков.

II.С номера двадцать девятого по 67(шестьдесять седьмой) включительно т.е.39 форм однорядковых. Всего рядков 67-ми форм составяет 95.

Последяя 68-ая форма двух рядковая с белыми клубнями расположение на север.

3-м а я 1965 г. Крячков.В.Я.

# Акт

29-го апреля 1965 года мы нижеподписавшиеся директор [illegible] Жур[illegible] Т. Я. и агроном [illegible] и зав. [illegible] составили настоящий акт в нижеследующем:

1. Журавлев Т. Я. отобрал и размножил из семян [illegible] свободного опыления посева 1947 года 21 форму отличающихся высокой зимостойкостью, с крупными плодами, различной окраски и с хорошими вкусовыми качествами. [illegible] материал [illegible] в возрасте [illegible] в количестве 168 штук (по 8 экземпляров формы) ~~[illegible]~~ во [illegible] в [illegible] Кирг. ССР [illegible] на [illegible].

2. Все отобранные семенцы 21-ой формы высажены на территории госплем-[illegible] на участок со [illegible]. Всего посажено 168 деревьев. [illegible] посадки [illegible]

3. На зиму молодые деревья будут защищены от потрав [illegible] колючей [illegible] и за ними организована охрана.

В чем и составлен настоящий акт.

[illegible signatures]

А К Т

Мынижеподписавщиеся Крячков П.Я. кандидат с/х наук, агроном практик Алдашов Джакуб составили настоящий акт в том,что с 7-го по 9-го октября 1965 года произвели уборку сеянцев картофеля на территория Тянь-Шаньской госплемстанции и получили следующие результаты:

I.Из выкапанных 68 новых фирм картофеля, посаженных на площадки 0,20 га,оказалось наиболее урожайных(превышающих стандарт сорт Берлихинген на 20-25 % ) только 28 форм.Они доволбно спороспелые,имеют раскакую кожуру и без всяких признаков варождения.Которая фирма восем на 70 кг хранится отдельно внешках в подвале госплемстанции под ответственностью Алдашова Джакуба. В 1966-году они будут высажены для далвнейщего изучения.

2.Сорок фирм картофеля,как позднеспелы,но очень урожайные вибракован и в размножение не будут допушены.

3.Общий урожай сеанцев картофеля составил 3400 кг, что в пересчете на гектар составляет 170 ц,а урожай стандарта сорта Берлихинген составил 100 центнер за га.

В чем и составлен настоящий акт.

Кандидат с/х наук:- Крячков.П.Я.

Агроном практик:- Алдашов.Дж.

# А К Т

1966 года I4-го мая мянижеподписавщиеся кандидат с/х наук Крясков В.Я. и общевод Тянь-Шаньской госплемстанции Алдашов Д. произвели посадку сеянцев картофеля селекции прошлых лет на землян госплемстанции площадью 0,20 га. На этой площадьи высажено 25 ферм отобранных в прошлом году от семян свободного опыления сорта Берлихинген.По которой ферме высажель I-2 рядка длиной 65 м, а всего 39 рядков. Контролем служит исподней сорт Берлихинген.На посадку израсходовано 800 кг.(восемьсот кг).Жрезанным клубней в чем и составлен настоящий акт.

Кандидат с/х наук:- (КРЯЧКОВ В.Я.)

Агроном общевод:- (ДЖ.АЛДАШОВ)



Ежегодно Нарынский плодоовощной опорный пункт выращивает хорошую рассаду капусты, которой снабжаются жители Нарына и соседних колхозов.

На снимке: (слева направо) работницы опорного пункта Батима Есеналиева и Марья Джолчибаева за прополкой рассады. На заднем плане агроном опорного пункта т. Алдашев проверяет парники.

Фото Н. Денисова.

## Озеленение сел и аилов

Жители села Чолпон еженедельно выходят на воскресники по благоустройству улиц и дворов села. Они очищают арыки и ведут посадку деревьев на улицах и на приусадебных участках.

**Дж. Мааткалымов.**

Учащиеся и учителя средней школы им. Сталина Акталинского района высаживают деревья во дворе школы. Уже посажено сто декоративных деревьев и 30 яблонь.

Более 200 деревьев и 50 яблонь посадили воспитанники Акталинского детского дома.

**Дж. Абдиев.**

Все жители Куланака принимают активное участие в озеленении улиц. Уже высажено свыше тысячи деревьев.

Учащиеся средней школы им. 8 марта посадили много деревьев на пришкольном участке.

**А. Омурзаков.**



## ФОТОРЕПОРТАЖ

Кыргызстан дыйканчылык боюнча илимий институтунун бөлүмчөсүнүн Нарындагы тажрыйба пункту жыл сайын жашылча — жемиш өсүмдүктөрү боюнча көптөгөн жаңы [illegible] жаратууда.

Мында иштеген илимий кызматкерлер өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун табышууда. Азыркы кезде мында [illegible] 14 түрү жана карагат, помидор, бадыран, капуста, кызылча жана жашылча өсүмдүктөрү өстүрүлүүдө.

СҮРӨТТӨ: (жогоруда) [illegible] терүү учурунда. (төмөндө): (ортодо) [illegible] Нарын агроному Алдашев Жакып кызылчанын өсүшүн текшерүүдө, (солдо) бакча илимий кызматкер Сыдыкова Асылтай [illegible] алынган түшүмдүн сорттуулугун текшерүүдө.

О. БАБАЕВдин фоторепортажы.





Нарынский плодоовощный опорный пункт Киргизской плодоовощной опытной станции на высоте 2100 метров над уровнем моря выращивает и собирает хорошие урожаи овощей и плодов. Здесь выращиваются и рассылаются по всей стране семена картофеля, капусты, моркови, томатов, лука, огурцов и других овощей. В саду успешно развиваются и приносят плоды в стелющейся и свободной форме груши, яблони, сливы.

На снимке: старший научный сотрудник опорного пункта А. Столярова и агроном Д. Алдашев на отборе семенников капусты.

Фото В. Лазарева.

# Окуучулардын жардамы

Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин коомдук мал үчүн тоютту тез арада жана коромжусуз жыйнап алуу жөнүндөгү токтомун жетекчиликке алышып, колхоздун бригадаларында тогузунчу беш жылдыктын экинчи жылында бул ишти темптүү жүргүзүп жатышат. Мындай компанияга чоң маани беришип, колхоздун ата-энелери менен катар мектеп окуучулары да жакшы жардамдарды көрсөтүшүүдө.

Колхоз үстүбүздөгү жылы коомдук мал үчүн 9740 тонна тоют даярдамак. Мунун өрөө жумуштарына Жданов атындагы колхоздун орто мектебинин 7—10 класстарынан 2 звено жайларында үзүрлүү эмгек тешип келишти. Алар № 2 бригаданын Орто-Нура жана Чет-Нура участкаларындагы чабылган чөптүн дээрлик көпчүлүк бөлүгүн чөмөлөп беришкен. Азыркы убактада да коомдук малга тоют камдоодо 7—9 класстын окуучулары иштеп жүрүшөт. Бригаданын Орто-Нура участкасында 5 гектар жерге куузика айдалган. Бүгүнкү күндө 6—8 класстын окуучулары колхоздо 80 тонна куузиканы жыйнап беришкен.

Биздин окуучулардын колхозго берип жаткан жардамы дейт окуучулардын өндүрүштүк бригадасынын жетекчиси Кадыке Жанбоев даңктуу 50 жылдык юбилейине [illegible] арналмакчы.

(Атайын кабарчыбыздан).



Алдашов Жакып ардактуу кесиптин ээси. Ал пенсионер-агроном. Үстүбүздөгү жылы чарбада 4 гектар жерге картошка, 5 гектарга куузика, 1 гектар жерге капуста айдалган. Аны багуу жумушу ушул Жакып аксакалдын колунан жаралып, мол түшүм алынып жатат.

Башкасын айтпаганда да куузиканын ар бири 6—10 килограммдан айлады.

СҮРӨТТӨ: Ж. Алдашов 10 килограмм куузиканы кармап турганын көрүп турасыздар.

З. ДАНИЯРОВдун фотосу.

*Жакшы адам жанында*

# ЭМГЕК КАРЫТПАЙТ

Атайын издеп барган кишим — Жакып акени алгач көргөнүмдө, кызыктай абалда калдым. Чынымды айтсам, бул чүйдөй чалды бүтүндөй бакчаны тейлейт деп ишенишкийин эле. Бирок, анын сергектиги, ар нерсеге дилгирлиги, [illegible] кыймыл аракетинин али тыңдыгы мендеги шектенүүлөрдү алыс кубалап салды. Эмгектин улуу күчүнө дагы бир жолу дилимден астейдил ыраазы болдум.

86 жашта. Баш айлантчудай мындай куракта маңдай тер төгүп эмгек кылмак турсун, өзүнүн кепичин бутуна сала албай, мештин түбүнөн чыкпаган карыларды көп көрүп жүрөбүз. Албетте, ар кимдин организми, дене боюнун сапаты ар башка эмеспи. Ошондой болсо да, айкындалып тургандай Жакып акенин ушул жашында колун иштен, оозун аштан үзбөгөн эмгектин таасири го. Жакып акенин өстүргөн жашылчалары, бакчалары менен таанышып жүрдүк.

[redacted] ал 1916-жылы үркүндө даана кордукту көрдү. Эл менен Кытай жерине сүрүлүп барышып, эптеп өлбөстүн күнүн кечирип турушкан. Ал кезде өрөзгө жетип калган Жакыпка кандай жумуш болсо да кеп эмес эле. Анын мындай эмгекчилдиги Ак-Суу шаарындагы бай соодагер Матилакунга жагып, бул жерде согуш жыл бою туруп калат. Мына ушул мезгилде ал соодагердин жалаң гана жер-жемишин, жашылчасын өстүрдү.

— Үйрөнгөн оокатымды өз жеримде көрсөтөөр бекем деп тилек кылчу элем. Бактыбыз толгой экен. Туулган жер жаңы турмуш менен тосуп алды.

Албетте ал убак Жакыптай кедей-кембагалдардын талабы гүлдөй ачылган убак эле. Ошентип, Жакып акенин максаты ишке ашты. Нарындагы комендатуранын огородчусу болуп иштей баштайт. Алгач туугандары бул кесипти жерип, аны мал багууга, тоого алгырын көндүрө албай жүрүштү. Кийин ал өстүргөн жашылчалардан татып көрүшкөндөр алкыштарын айтышып, жан-алы калышкан эмес. Ошол мезгилде мал багуу менен гана алектенген, дыйканчылыктан кабары аз биздин элге чоочун бул кесипти Жакып аке аяр бою аркалап калды.

— 1938-жылы азыр мен иштеп жаткан Кыргызстан дыйканчылык илимий өндүрүштүк бирикмесинин Нарындагы таяныч пункту ачылды. Мени бул жерге алып келген пикамонын алгачкы уюштуруучусу Крючков Петр Яковлевич болгон. Чынында ушул адамдан мен көп нерсени үйрөндүм, тажрыйбам байыды.

46 жылдан бери Жакып аке таяныч пунктта тынымсыз эмгектенип келе жатат. Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда ал Чыгышта — Монголияда болду. Ошол жерде да бакчачылыгын таштабай, бош боло калганда чек арачылардын огородуна капуста, пияз, бадыраң сыяктуу жашылчаларды өстүрүп, жоокерлердин арасында кадыр-барк тапкан.

Канча кылган менен биздин бийик тоолуу, мал чарбалуу областыбызда жашылча, жер-жемишке анча маани бербейт окшобойбузбу. Берсек да аба ырайынын катаалдыгын шылтоолоп келе жатабыз. Жашырганда не, жалкоолугубуздун айынан ар кандай витаминге мол жашылча-жемиштерден кол эле оксүйбүз.

А Жакып аке куру шылтоолорду жокко чыгарды. Бүгүнкү күндө таяныч пунктка караштуу 136 гектар аянтта жашылча-жемиштин кыйласы өсүп жатат. Жыл сайын алма, карагат, капуста, картошка, турп, бадыраң, помидордон кадимкидей эле түшүм алынууда. Албетте, мунун «жашыруун» сырын билүүгө да шашылдык.

— Бул боюнча атайын билимим деле жок. Бир гана жашымдан жакындашкан бакчачылык өмүр бою кызыктуу болуп келди. Дегинкисин, тажрыйбалуу адамдардан үйрөндүм. Бирок, аң негизинен өзүм мыктылардын ар кандай байкоолорду колдон келишинче жүргүздүм. Эми мунун сырын түшүндүрүп айткандай окумуштуу болбосом, мен билгенден жайчылык эмгек кылсаң, ошол ишти сүйүп мамиле этсең, анда ал натыйжа берет. Өзүңөр көргөндөй мобу парниктерде жаз алды менен ар кандай жашылчанын уруугун сээп, өстүрө баштайбыз. Буга өтө кылдат мамиле керек. Жаш бала баккан энедей эле айланчыктап турабыз. Анан алар тамырдап чоңойгондо чарбаларга да ге чыгарабыз. Жакып аке парниктерин көрсөтүп алардын маанисин түшүндүрүп жүрдү.

— Булардан көчөтүбүздүн аянттарга да айдадым. Аянт чукул эле, барып көрсөңөр болот.

Үч гектардан ашык жерде карагат, алма бактары көздүн жоосун алып тегиз өсүүдө. Таптаза чабылган арыктарда суу жетиштүү агып жатат. Бак арасынан куурап, дартка чалдыкканын же сынганын көрбөйсүң. Баары иреттүү. Бекча камбыл адамдын көзөмөлүндө экени көрүнүп турат. Атаганат бир гана бул саамалык шаарыбыздын бардык жерине жайылбаганына өкүнөсүң.

Жаңы эле жердин үстүнө кылтыйган картошка, шалгам жана көчүрүлүп келип отургузулган капуста, помидор, бадыраң тилке-тилке болуп жети гектардай аянтта көйкөлөт. Аянттар минералдык жана органикалык жер семирткичтер менен камсыз болгон. Топурак ой догудай майдаланып, ным топтоо сугаты өз учурунда жүргүзүлгөндүктөн жердин үстүңкү катмары да ным бойдон.

— Булар эми күн ысыган сайын мыкчалып өсөт. Убагында отоо чөптөрдөн арылтып, ар биринин түбүн жумшартуу менен күндүн ырайына карап кандыра сугарып туруу керек. Дегинкиси, бакчанын жумушу эми кызый баштайт. Жакында мектеп окуучуларынан да жардамга келишет. Жакып аке ушунча аянттагы өсүмдүктөрдүн өсүү шарттарын, багуу ыкмаларын эринбестен түшүндүрүп көрсөтүп чыкты.

— Урук сатып алганда жылдан-жылга арбын жатат — дейт ал. Аларга колдо келген көмөгүмдү, жардамымды берип турам. Бирок, огороддорунда жашылча айдагандар дагы эле аз. Буга эмне, көп деле күч кетпейт. Эртели-кеч карап кыймылдап койсоңуз болду. Балдарыңа эле сонун болбойт беле, үзүп жеп турушат. Ооба, — Жакып акенин айтканында калет жок. Бул баарыбызга тиешелүү.

— Жакып акесиз иштөө жүрүшү кыйын — дейт, таяныч пункттун бөлүм башчысы Тилекматов Маадан. — Бул кишинин тубаса агроному десе да болот. Ошондуктан жыл сайын аянтыбыздан талаптагыдай түшүм алып жатабыз. Өзүңөр күбө болдуңар, дайыма ушинтип аянтта жүргөнү жүргөн.

— Балдар, күзүндө да убакыт таап, бир келгиле. Бул жолку түшүмдүн кандай болорун көрөсүңөр, — деп кош тошту Жакып аке жайдары жылмайып.

Д. КЕРИМОВ,
гезитибиздин атайын кабарчысы.

## *УРМАТТУУ ЖОЛДОШ!* АЛДАШОВ ЖАНЫШ

*Көп улуттуу элибиздин эркиндиги үчүн болгон 1941-1945-жылдардагы алаамат согушта нечен эр азаматтар башын канжыгага байлап, атуулдук парзын өтөштү. Сиз да ошолордун бири катары колуңузга курал алып кан күйгөн казатка аттангансыз. Кырчын курак кезиңиз Улуу Ата Мекендик согушта чыңалып, бүгүнкү бакубат турмушубуз үчүн күрөшкөндөрдүн катарында жан аябай салгылаштардын нечени башыңыздан өткөрдүңүз.*

*Элибиздин тилеги кабыл болуп касташкан душмандын канаты кайрылып, таш талканы чыкты. Ошол кара жолтой согушта киндик каны тамган, тууган жеринин тузу буюрбай бөлөк эл, бөтөн жерди түбөлүккө жазданып калган Советтик жоокерлерге таазим кылып, башыбызды ийебиз. Бейпил заманыбыз үчүн курман болгон жоокерлерди эскерүү тирүүлөрдүн, биздин адамкерчилик ыйык парзыбыз.*

*Сиз абдан бактылуу адам экенсиз, эңсеген жериңизге аман эсен кайтып келип, тынчтык күндөрдө да эртеңки муундун келечеги үчүн кажыбас кайратыңыздан жазбай ак эмгегиңизди жумшадыңыз. Эми минтип кадырман карыя болуп, ардагер болуп отурасыз.*

*Анда эмесе, Сизге бекем ден соолук, дагы көп жыл өмүр сүрүүңүздү каалоо менен бала-бакыраңыздын урмат-сыйын көрө беришиңизге чын дилден тилектешпиз*

*9-Май Жеңиш күнү майрамыңыз менен куттуктайбыз!*

**Кыргызстан Компартиясынын Тянь-Шань райондук комитети**

**Эл депутаттарынын райондук Советинин аткаруу комитети**

Уважаемый Алдашев Акун

Нарынский Горком партии и Горис полком поздравляют Вас, активного участника войны, с XX годовщиной Победу Советского народа и его Вооруженных Сил в Великой Отечественной войне 1941–1945 г.г.

Желаем Вам доброго здоровья, многих лет жизни, славных успехов в труде.

СЕКРЕТАРЬ ГК КП КИРГИЗИИ

ПРЕДСЕДАТЕЛЬ ГОРИСПОЛКОМА

/К.ШАБОЛОТОВ/.

/К.СУЛТАНБАЕВА/.

1965-ж.

20 лет


Уважаемый Алдашов Якуп —

военный комиссариат поздравляет Вас, активного участника войны, с XX годовщиной победы советского народа и его Вооруженных Сил в Великой Отечественной войне 1941—1945 гг., желаем Вам доброго здоровья и многих лет жизни.

Военный комиссар НАРЫНСКОГО ОГВК МАЙОР

/БЕЙШЕБАЕВ/

1965 г.


*За нашу Советскую Родину!*

# ГРАМОТА

[illegible] [illegible]

[illegible] настоящей грамотой [illegible] усердие и добросовестное отношение к труду.

Командир войсковой части

(ЦЫГАНКОВ).

"[illegible]" апреля 1970 года.

20/II 1967. Моск. печ. ф-ка Гознака. Зак. 17636.

*Пролетарии всех стран, соединяйтесь!*

# ГРАМОТА



Нарынский горком ЛКСМ Киргизии награждает наставника [illegible] [illegible] за активн[illegible] в коммунистичес-ко[illegible] [illegible]ии подрастаптёно по-ко[illegible] достойной встрече 60-летия Ленинского комсомола.

[illegible] [illegible]
[illegible] горкома
Киргизии [signature] О.Коргонбаева.

1878г.

М. П.

ПРОЛЕТАРИИ ВСЕХ СТРАН, СОЕДИНЯЙТЕСЬ



# ПОЧЕТНАЯ ГРАМОТА

Награждается ДАДАБОВ ЖАКЫП

за достижение высоких показателей в труде и успешное выполнение социалистических обязательств.

| Руководитель предприятия | Секретарь партийной организации | Председатель МК | Секретарь комсомольской организации |
| --- | --- | --- | --- |

" 6 " октября 1978 г.

НАГРАЖДАЕТСЯ - АЛДАШОВ ЖАКЫП

ЗА ВЫСОКИЕ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ ПОКАЗАТЕЛИ
И В ЧЕСТЬ ОЗНАМЕНОВАНИЯ ВСЕСОЮЗНОГО ДНЯ
РАБОТНИКОВ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА.

Заведующий
Нарынским опорным
пунктом:- А. АЛЫБЕКОВ

Секретарь
первичной партийной
организации:- Б. СЫДЫКОВ

Председатель
местного комитета:- А. МАЗЕНОВ

Секретарь
первичной комсомольской
организации:- Б. ТОКТОРАЛИЕВ

13 октября 1979 года г. Нарын

ча жогорку билим алып калганда, Жакең илимдин доктору болмок. Анын өндүрүштүк бай тажрыйбалуу эмгеги эле окумуштууларды жаңылтат. Анын жардамы менен Крячков окумуштуу, доцент болду. Калгандары да илимий окумуштуулар болмокчу. Эмгеги Ала-Тоодой эле айтымдуу!» – дешчү.

«Жакшылык да үйүрлүү келет». Калетсиз сөз. Какеши баштагыдан да сүйкүм, сулуу, келбеттүү. Өзү да аталык наамга ээ болуп, төбөсү көккө жеткен. Аңгыча Какеши да ай күнүнө жетип, жаз айы гүлдөрүн төгүп, көктөм жерге көрк берген баар учурда, 1956-жылдын 20-майында Калыйкан туулат. Кубаныч кубанычка, жакшылык жакшылыкка кошулуп, Какеш ак жолтой аял аталат.

Жакып эми көпчүлүк убакта баштагыга салыштырмалуу сөзсүз үйүнө шашылат. Жумушунда канчалык чарчап-чаалыкпасын, үйүнүн эшигин аттаганда 4 жашар кызы Калыймандын «аталап» чуркаган жүрүшү, балдай таттуу, адамды өзүнө арбап алган сыйкырдуу тили, мойнуна оролуп, ар

кайсыны сурап, сүйлөшкөнү, Калыйкандын чукуранып ойгонгону, «эмчек сурап» ыйлаганы, ал үчүн дүйнөдөгү теңдеши жок кереметтей, бала кезинде укпай калган кызык жомогундай сезилчү.

## АК ЖОЛТОЙ КЫЗ ЖУМАГҮЛ

...Какеш Күн-Туудан чыкканда эле баккан атасы Масендин, анын аялы Толкундун (Толкун Какештин өз атасы Сыдыгаалы менен бир тууган, Какештин экинчи жактан эжеси) колуна келет. Ээрчите келген Шакирдин кызы Жумагүл да өзү менен бирге. Аңгыча Масен Какешти Жакыпка берип, Жумагүл Толкун таенесинин колунда калат (Апасы эрге тийип жатса, кошо ээрчите беришмек беле).

Минтип Какеш Жакыпты бактылуу кылып, эки кыз төрөп берип, өзү да экинчи никесинен бак айтып, бир үйдүн жарыгы, өчпөгөн оту болуп калат. Мезгил учкул, беш жыл өтөт. Акылдуу, алды-кийинге көзү жетик Жакып Какешке сөз салып, «Жумагүл деле

биздин кыз. Ак жолтой, ак издүү кыз болду. Жолу жакшы экен, сиңдилерин ээрчитип келди, колубузга эле алып алалы» – дейт. Бул маселе Масен менен Толкундун, Какештин оюнда да купуя жүргөн изги тилек эле. «Мен деле ошондой ойлоп жүргөнмүн» деген Какештин бир ооз сөзү менен, Жакып кайнатасы Масен менен кайненеси Толкунга барып, алардын зор ыраазылыгъы менен Жумагүлдү өздөрүнө алып алышат. Ал 6 жашка чыгып калган.

Эми Жумагүл сереленде, үй оокаттарын жасашууга апасына жардам берип, үй шыпырып, казан аягын жуушка көмөк көрсөтмөккө чоң дalалат кылып, үйдү ансайын көрктүү, шаңдуу кылат. Сиңдилерин сооротушка, ойнотушка дилгирленет. Жакыптын бет аарчысын «жууп берем» деп демилге жасайт. Буларды көрүп, Жакып кудайына ыраазы.

Жакыптын туугандары да үзбөй каттaшып, ак көрпө жайыл Какештин ысык чайын ичишке дайыма ынтызарланып турушат. «Аял жакшы-эр жакшы, увазир жакшы-хан жакшыны»

алар бул үйдөн дайыма чын дилдеринен туюшат. Ушундай жыргалдуу бир күнү Жакыптын карындаштарынан бирөө келет. Жумагүл тызылдап, апасына жардамдашкан болуп, «эже, жезделеп» экөөнө алмак-салмак эркелеп жүрөт. Чай ичип, дасмал жыйылгандан кийин Жакып менен Какеш ары жакта, Жакыптын карындашы менен Жумагүл өздөрүнчө сүйлөшүп турат. Ал эжеси Жумагүлгө «Сен эмне үчүн өз апаңды «эже», атаң эле болуп калды Жакып байкемди «жезде» дейсиң? Мындан кийин «ата», «апа» деп жүргүн, уят болот, антпесең?!» – деп, катуу айтат, Жумагүлдү биротоло көндүрүп. Таятасыныкында жүрүп, анча-мынча асыранды болуп, чаар ичегиге айланган, турмуш шартына жараша курбалдаштарына караганда эртерээк эс кирген сезимтал Жумагүл ичинен «чын эле эмеспи» деп таап, буга катуу уялат да, ошол боюнча экинчи ирээт «эже», «жезде» дебей, ушул күнгө чейин «ата», «апасынан» жазбай калган.

Жумагүлдүн «Ата» деген алгачкы сөзүн укканда Жакып бар дүйнөсү ту-

гөл болуп, өзүнчө эле бактыга балкыган. Жумагүлдү алдына алып олтуруп алып, кудайга миң мертебе жалынган, ыраазылыгын айтып.

## УУЛДУУ БОЛУУ УРМАТ

«Кыздуу болсоң, кымбаттуусуң», «Уулдуу болсоң, урматтуусуң», «Уулу бардын, мууну бар» дешет. Ата тукум деген кыргыз үчүн эң ыйык сөз. «Кудай кызды берген, эми уулду да берет. Берээрин унутпасын» деп, барына «тобоо» кылган Жакып, эми Жумагүл «ата» дегенден бери, үч кыздуу-ар бири менен «Кырк жылкылуу» болгонуна куштар.

1960-жылдын жаркыраган жазы Жакыпты өзгөчө сыймыкка, жашоодогу чоң кубаттануусуна бөлөдү. Болгондо да Какешинин майрамы-Аялдардын эл аралык күнү – 8-мартта уулдуу болду. Көлдө туулуп, үй-бүлө менен бирдикте Кытайга чейин тентип жүрүп, анан Теңир-Тоо койнунан орун алып, облустун борбору Нарын шаарын түбөлүк жердеп, андан чоң

алар бул үйдөн дайыма чын дилдеринен туюшат. Ушундай жыргалдуу бир күнү Жакыптын карындаштарынан бирөө келет. Жумагүл тызылдап, апасына жардамдашкан болуп, «эже, жезделеп» экөөнө алмак-салмак эркелеп жүрөт. Чай ичип, дасмал жыйылгандан кийин Жакып менен Какеш ары жакта, Жакыптын карындашы менен Жумагүл өздөрүнчө сүйлөшүп турат. Ал эжеси Жумагүлгө «Сен эмне үчүн өз апаңды «эже», атаң эле болуп калды Жакып байкемди «жезде» дейсиң? Мындан кийин «ата», «апа» деп жүргүн, уят болот, антпесең?!» – деп, катуу айтат, Жумагүлдү биротоло көндүрүп. Таятасыныкында жүрүп, анча-мынча асыранды болуп, чаар ичегиге айланган, турмуш шартына жараша курбалдаштарына караганда эртерээк эс кирген сезимтал Жумагүл ичинен «чын эле эмеспи» деп таап, буга катуу уялат да, ошол боюнча экинчи ирээт «эже», «жезде» дебей, ушул күнгө чейин «ата», «апасынан» жазбай калган.

Жумагүлдүн «Ата» деген алгачкы сөзүн укканда Жакып бар дүйнөсү ту-

гөл болуп, өзүнчө эле бактыга балкыган. Жумагүлдү алдына алып олтуруп алып, кудайга миң мертебе жалынган, ыраазылыгын айтып.

## УУЛДУУ БОЛУУ УРМАТ

«Кыздуу болсоң, кымбаттуусуң», «Уулдуу болсоң, урматтуусуң», «Уулу бардын, мууну бар» дешет. Ата тукум деген кыргыз үчүн эң ыйык сөз. «Кудай кызды берген, эми уулду да берет. Берээрин унутпасын» деп, барына «тобоо» кылган Жакып, эми Жумагүл «ата» дегенден бери, үч кыздуу-ар бири менен «Кырк жылкылуу» болгонуна куштар.

1960-жылдын жаркыраган жазы Жакыпты өзгөчө сыймыкка, жашоодогу чоң кубаттануусуна бөлөдү. Болгондо да Какешинин майрамы-Аялдардын эл аралык күнү – 8-мартта уулдуу болду. Көлдө туулуп, үй-бүлө менен бирдикте Кытайга чейин тентип жүрүп, анан Теңир-Тоо койнунан орун алып, облустун борбору Нарын шаарын түбөлүк жердеп, андан чоң

бакты тапкан Жакып, так ушул мазмун, мааниде карап, уулунун атын Нарынбек койду. Алтымыш эки жашында орун басарлуу, төрт баланын атасы болду. Ага-тууганларын чогултуп чоң тойду уулуна арнады. Өзү агарып-көгөрүп, ишинен баар тапкан жамаатына, ак жолтой кошуналарына, тели-теңтуш, жакшы санаалаштарына өз-өзүнчө чоң дасмал жазды, алардан ак баталарын уулуна багыштатты.

Жакшылык коштогон жылдар, алтындай эсте калган айлар, жылкылардай күтүрөгөн күндөр суудай акты. Жакып 65ке карап, балдарынын эч нерсеге теңдешсиз үнү, кыймыл-аракеттери, таттуу сөздөрү, байбичесинин мээрими менен жашы өтсө да жашаргансып, кайраттанды, турмушка күч-кубат алуу менен демденип жашоого белсенди. Жумагүлү 14кө чыгып, кадырсе эле бир тууганларына баш-көз, мектепте алдыңкы окуучу. Калыймaны 11 жашты басып, ал да мектеп окуучусу. Аларды ээрчиген Калыйкан да биринчи класста. Нарынбеги үч жашар, атасын басса-турса ээрчип,

эмне жасаса, ошону кошо бүтүрүшкүсү келип.

Таалайлуу учурга төп келтирип, 1963-жылдын 23-декабрында, жаңы жылдын астында Какеш Жакыпты дагы бир «Волгалуу» кылды. «Нарынбегимдин карындашы Нарынкүл болсун!» – деп атын Нарынкүл атады. Бакты бактыга, баш башка кошулду. Эгем Жакыпты оң көзү менен карап, ишинен да, үй-бүлөсүнөн да таалайды тартуулады.

## ЭМГЕГИН ЭЛИ БААЛАГАН

Жакыптын «Жакшы» деген аты Үркүндө Матилахун тарабынан белгиленсе, Нарынга келгенден баштап да эмгеги элдик маанайга түшкөн. Ал 1929-жылдан, 25-октябрь, 1938-жылга чейин чекара комендатурасында талаачылык боюнча бригадирликте сыналган. Алгачкы эле жылы командир тарабынан берилген алкыш баракчасына татыган. 1933-жылы комендатурадагы сезондуу иштеги кызматкерлердин профсоюздук жергиликтүү комитети-

нин сунушу менен «Эмгектин эпкиндүүсү» даражасына көрсөтүлгөн. Бараандуу эмгеги бааланып, 3-ноябрь, 1935-жылы Таш-Рабат чек ара комендатурасынын артелдик чарбасындагы мыкты ийгиликтери, эмгек эпкиндүүсү катары жетишкендиктери комендатуранын №11 буйругу менен тастыкталган. 1936-жылы чыгаан эмгеги үчүн Октябрдын 18 жылдыгына карата бир айлык маянасынын өлчөмүндө акчалай сыйлык менен сыйланган.

Кыргызстан дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикмесинин Нарындагы таяныч пункту согуштан кийин өзүнүн өндүрүштүк базасын кеңейткен. Канчалаган ар кандай сорттогу жер-жемиштерди, мөмө-жемиштерди, мөмө-бактарын тоолуу Нарын шартына чыдамдуу кылып, жергиликтүү сорт катары илимий сыноодон ийгиликтүү өткөрүшкөн. Ат-Башыга, Куланакка, шаарга жакын жайгашкан чарбаларга картошка ж.б. үрөндөрүн сатышкан, алардын жакшы өсүп чыгышына практикалык жакынтадан жардамдарын беришкен. Миса-

лы, 1952-жылы 1-январда Ийри-Суу сельСоветинин Ворошилов колхозунуң башкармасы Байдавлетов Муса менен келишим түзүп, ортолук малга жем үчүн 363 центнер арпаны 2160 сомго пункт тарабынан сатышкан. Ошондой эле ар жылы чарбаларга үрөн, көчөттөр берилип, таяныч пункттун материалдык базасына үлүштөр кийрилген. Андан башка куузика, жүгөрү, көп жылдык чөп, картошка сыяктуу тоют өсүмдүктөрүнүн мол түшүмү пункт тарабынан ар жылы камсыздалып, кирешеге жол ачкан.

Кийин Тянь-Шань район аралык мамлекеттик асыл тукум станциясы аркылуу практик агроном Жакыптын иши дагы ургаалдуу жүргөн. Анын директору Д.Молдобеков, доцент Крячков, Ж.Алдашов болуп асыл тукумдаштыруу багытындагы өсүмдүктөр, алардын өстүрүлүшү, алынган түшүм туурасындагы актылар сакталып калган. Анда жогорку түшүм алууга жетишилгендиги белгиленген жана Жакыптын иштеген учурларында ага өндүрүштүк мүнөздөмөлөр эң жакшы көрсөткүчтөрү менен жазылган.

Жакыптын талыбаган эмгеги Кыргызстан илимий өндүрүштүк бирикмеси, айыл чарба министрлиги, облустук, шаардык, райондук жергиликтүү жетекчиликтер, коомдук уюмдар тарабынан жыл өткөн сайын эске алынып, бааланып, анын эмгектик барааны чоңоюп, иши көзгө толгон. 1955-жылы айыл чарба күнүндө Фрунзеге жыйналышка чакыртылып, анда ал жөнүндө татыктуу сөздөр докладда айтылып, Жакып баалуу сыйлыкка ээ болот. Анын артынан эле чукул чечим кабыл алынып, СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнө өлкөнүн борбору Москва шаарына жиберилет. Артынан аны өстүргөн түшүмдөрү жөнөтүлөт. Алыскы бийик тоолуу өрөөндүн шартында өстүрүлгөн кулпурган гүлдөр, жашылча-жемиштер, мөмө бактарынын түшүмү москвалыктарды таңкалтырат. Ак эмгек адамдын ажары, даңкы, сыймыгы экендигине Жакып дагы бир жолу ынанат. Ага ВДНХнын күмүш медалы ыйгарылат.

Тубаса агрономдун үйдө сакталган, сакталбай калган, белгисиз ардак грамоталары, эске келбей калган баалуу сыйлыктары кудая шүгүр эле болсо керек. Анын үстүнө ал киши башкаларчылап андай сыйлыктарга маани берип, ал үчүн төш кагып, эч качан «мен, мен!» дебеген жөнөкөйлүгү, оор басырыгы менен да бийик турган. Сакталган сыйлыктарынан: Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Нарын шаардык комитетинин биринчи катчысы К.Шаболотовдун, шаардык аткаруу комитетинин төрайымы К.Султанбаеванын колдору коюлган (1965) Улуу Ата Мекендик согушта Совет элинин жеңишинин 20 жылдыгына арналган, ошондой эле облустук аскер комиссары, майор Бейшебаевдин колу коюлган (9-май, 1965), Улуу Жеңиш күнүнө карата берилген, чыныгы эмгектик каармандыгын көрсөткөндүгү үчүн аскер бөлүгүнүн командири Цыганковдун колу коюлган (21-апрель, 1970), Ленин комсомолунун 60 жылдыгына карата комсомолдун шааркомунун биринчи катчысы О.Коргонбае-

ванын колу коюлган (1978), жогорку өндүрүштүк көрсөткүчтөрү үчүн таяныч пунктунун башчысы А.Алыбековдун, партиялык уюмдун секретары Б.Сыдыковдун, профсоюздук комитетинин төрагасы А.Мазеновдун, комсомол уюмунун катчысы Б.Токторалиевдин колдору коюлган 1978, 1979 ж.б. жылдардагы жана Крячковдун колдору да коюлган таяныч пункт мекемесинин, район аралык Тянь-Шань мамлекеттик асыл тукум станциясынын Ардак грамоталары бул мыкты инсандын үйүнүн төрүнө көрк берген. Жыл сайын айыл чарба кызматкерлеринин Бүткүл союздук күнүнө карата каарман адамга акчалай сыйлыктары да берилип келген.

1975-жылы, майда согуштук жана эмгектик медалдарынын катарына «Улуу Ата Мекендик 1941–1945-жылдарда согуштун жеңгендигинин отуз жылдыгы» биринчи юбилейлик медалы урмат менен шаардык чоң жыйында тагылган.

## АРДАКТУУ АТА, БИЙИК АДАМ

Жакыптын кайрымдуулугу, адамга карамдуулугу, адамгерчилигинин чемсиз бийиктиги Жумагүлдү бир да ирет «кокуй, сен Шакирдин кызысың, тиги-бу» дедирген эмес. Аны жакшылыктардын баштоочусу, ак жолтой, улуу кызы катары жогору көргөн. Карегин менен тең айланып, ага ар тараптан биринчи кезекте көңүл чордонун бөлгөн, аталык мээримин айрыкча төккөн. Кийимди тандап кийгизип, качан болсо гүлдөй жасантып, «кимдин кызы» дегендей деңгээлде жүрүүсүн шарттаган.

Көп убакта жубайы Какешке кайрылып, «Дубанбектин дайнын билсек боло» деп, ага көңүлүн бөлүп, эне байкуштун тун уулу тууралуу сөзсүз сарсанаа болооруна боору ачыган. Так ушунусу үчүн да Какеш өмүршеригине кан-жаны менен тегеренип, чын дилинен жакшы көрүп, анын өмүрүн тилөөчү.

Ошентип жүргөн күндөрдүн бири нде ойлогондой эле Какештин улуу ба-

ласы Дубанбек апасын, бир тууганын издеп Нарынга келип калды. Жакып баштаган үй-бүлө той катары кабыл алышып, эң сонун тосуп алышты. Дубанбек да башка жерде өскөнүнө карабай, Жакыпты адеп көргөндө эле мыкты адам экенине көзү жетип, эч бир өөнсүрөбөй өз атасы сыяктуу сезди. Карындашын, апасын, кийинки энелеш бир туугандарын жайкы гүлдөй өздөрүнө жарашыктуу, эл суктангыдай багып жатканына тан берди. Өзүн ал эч бөлөксүнткөн жок. Жакыптын сураныччы менен ошол бойдон Нарында калып калды. Жашы он сегизге таяп калган уланды Жакып шаардагы мектепке алып барып, катарлаштарына кошуп окутуп койду.

Дубанбек Токтогул атындагы орто мектепти жакшы баалары менен аяктады. Какештин да көңүлү көккө эргип, Жакыптын бул уулуна өзгөчө камкордугуна айтаар сөзүн таба албайт.

Тубаса агрономдун эмгеги Нарындын эле айыл чарбасына эмес, министрликке, айыл чарба институтуна чейин таасирдүү өткөн эле. Ким болбосун оку-

муштуулардан тартып, айыл чарбасы боюнча жетекчилерине чейин белгилүү эле. Эми анын тун баласы Дубанбек болуп калган. Мурда Жумагүл аталса, Дубанбек келгенден кийин «биринчи балам эми сенсиң, экинчиси Жумагүл. Тагдыр сени мага бардык балдарыма баш-көз болсун деп биякка жөнөткөн да» – деп астейдил пейлин төккөн.

Ал 11-классты ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин ээрчитип алып, Бишкекке айыл чарба институтуна алып барган. Ошол жылы балдардын окууга өтүшү болуп көрбөгөндөй татаал эле. Себеби, ар бир мектептен 10-классты да, 11-классты да окуучулар бир убакта аяктап, билим берүү реформасы ушундай кыйынчылыкка кептелген. Андан кийин кайра баштагыдай болуп калган.

Таяныч пункттун белдүү адамы, курагы 70ти чамалап калган, кагелес, бою анча чоң эмес, орто бойлуу бул адам Дубанбекти Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехникалык факультетине өткөрүүгө жетишти. Барган мээнети кайтты. Өзү да, бала да, үй-бүлөсү да сүйүнүчкө ба-

тышты. Студенттик турмушун да Жакып сүрөөгө алды. Бардык жагынан камкордук көрүп, окуусун үзгүлтүккө учураттырбай, Дипломго ээ кылды. Ээ кылганда да андан кийинки эмгек жолун Нарын облусунун Нарын районунун Жданов атындагы колхозуна чектирип, андан баштатты. Мал чарбасынын белдүү адиси кесиптик ишин жакшы өздөштүрүп, такшалып калганда алыскы Тогуз-Торо районуна жиберилди. Турмуш-шартына байланыштуу кайра Нарынга келип, орто окуу жайында мугалим, Чүйгө-өз жерине барып Кызыл-Туу колхозунда зоотехник, өз айлы Күн-Тууда зоотехник болуп туруп, пенсияга чыкты.

Жакыптын адамдык жарыгы астында окуду, жогорку билимге ээ болду, иштеди, үй-жай күттү, очор-бачар үй-бүлө өлкөсүн куруп, тукумун улады. Дубанбектин улуу кызы Шакирова Света 1970-жылы, 8-мартта туулган. Кесиби – ашпозчу. Экинчи кызы Шакирова Жыпаркүл 1972-жылы туулган. Кесиби – медайым. Үчүнчүсү уул, Шакиров Алмаз. Кесиби-милиция кыз-

маты боюнча. Төртүнчүсү кыз, Шакирова Нургүл. Кесиби-чач тарач.

Экинчи кызы Жумагүл Жакыптын балдарынын ага эң сүйкүмдүүсү, боорукери, баарын оң жолго багыттоочусу болду. 1957-жылы 1-класска кирип, 1967-жылы Нарын шаарындагы Киров атындагы орто мектебинен 10-классты бүтүргөн. Турмуш шартка байланып, жогорку билимге жетише албай калган. Антсе да мыкты уз, жакшы тигүүчү, кол өнөрчүлүктө бараандуу эмгектерди жасаган. Турмушка чыгып, беш балалуу болгон. Алар:

1. Байсалов Баатыркан 1968-жылы туулган, кесиби шофер, бир кыздуу.

2. Байсалов Таалай 1970-жылы туулган. Дыйкан чарбада, фермер. 3 уулдуу, 2 кыздуу.

3. Байсалова Чолпон 1971-жылы туулган. Кесиби сатуучу. Эки уул, бир кыздуу.

4. Байсалова Жылдыз 1980-жылы туулган. Кесиби художник. Бир кызы бар.

5. Байсалов Манас 1981-жылы туулган. Кесиби шофер. 2 уул, бир кыздуу.

Жакыптын өзүнөн тун кызы Алдашова КАЛЫЙМАН 8-классты Нарындан аяктагандан кийин, эсепчинин окуусунан окуп, анын дипломуна ээ болгон соң, Бишкектеги бир министрликте 25 жыл иштеп, андан ардагерликке чыккан. Жубайы көлдүк Таалайбек Мамбетов 1953-жылы туулган. Кесиби художник. Экөөнүн бир кызы, үч уулу бар:

1. Мамбетова Бакыт-кызы. Жогорку билимдүү юрист.

2. Мамбетов Рустам-уулу. Жогорку билимдүү юрист.

3. Мамбетов Фархат-уулу. Жогорку билимдүү, мамкызмат боюнча адис.

4. Мамбетов Мирбек-уулу. Жогорку билимдүү адис.

Жакыптын экинчи кызы Алдашова КАЛЫЙКАН (1985-жыл дүйнөдөн өткөн). Жубайы Тентиев Дамир. Кесиби дарыгер.

Тентиева Жылдыз – кызы. 1980-жылы туулган. Университетти бүтүргөн. Дизайнер.

Жакыптын уулу Алдашов НАРЫНБЕК. Кесиби карапайым жумушчу. 4 кыздуу, бир уулдуу.

1. Алдашова Аида-кызы. Жогорку билимдуу. Коопсуздук комитетинде иштейт.

2. Алдашова Уулбубу – кызы. Жогорку билимдуу дарыгер. Ат-Башыда врач-гинеколог.

3. Алдашова Венера-кызы.

4. Алдашов Азамат-уулу.

5. Алдашова Перизат-кызы.

Жакыптын кичуу кызы НАРЫНКУЛ кесиби боюнча дарыгер. Бишкекте турат. Жолдошу Нурдин Сатаров врач. Экөөнун 3 баласы бар:

1. Сатарова Назима – кызы, жогорку окуу жайын буткөн.

2. Сатарова Жибек – кызы, АКШдан окуп келген.

3. Сатаров Нурсултан- уулу, университетти буткөн.

Бактылуу ата өмур жолунда Какештен таалай таап, андан уч кыз, бир уул көруп, бактысына балкып, таа-

лайына чалкыган. Эгем ага учураган бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө, ар кандай нерселерге сабыр тутууга, чыдоого, эмне болсо да арман кылбай жашоого, дайыма күрөшүп, жеңүүгө, келечектен үмүт үзбөөгө, жакшылыктарга сөзсүз жетүүгө, анын убайын-урматын көрүүгө, ак тилек менен жашоого каарман, мээнеттүү өмүр берген. Ошон үчүн ал кенен ойлогон ойлорунун үстүндө бакубат өмүр сүрүүгө жетишти. Жумагүлдү кошкондо 4 кыздуу, анын 11 небересин бирге эсептегенде (өзүнүкү 13 небере) 24 неберееге өмүрү уланды., Төрт күйөө баланын ак кызматында, бир келининин берген ысык чайында зор канааттануу тапты. Көзүнүн тирүүсүндө уул-кыздары турмуштан татыктуу орундарын ээлешти. Бардыгын тең өзү баш болуп эч нерседен кор кылбай өстүрдү, билимге, каалаган кесибине ээ кылды. Бардыгы тең өзүндөй чарбачыл, мээнеткечтикте өз жолдорун табышты. Ал гана эмес Какештин мурдагы эри Шакирдин уулун өзүнө бооруна тартып, улуу баласы катары ысык мами-

ле жасап, окутуп-чокутуп дегендей, жогорку билимге да өз кадыры менен ээ кылып, өз айылына алып келип иштетип, үйлүү-жайлуу кылышы, андан катышын үзбөгөнү чоң адамгерчиликтин теңдешсиз эрдиги да. Дубанбектин да чайын ичиши, анын балдары да (үч кыз, бир уул) Жакыпка небере эле болуп калгандыгы талашсыз.

Кудайдын буйругу деген улуу нерсе экен. Анын ага болгон ылаазымы менен улуу Үркүндөн өлбөй-житпей, ак эмгеги аркылуу жашылчачылыкты, бакчылыкты бактысына байлай келди. Чек ара комендатурасында, дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикменин Нарындагы таяныч пунктунда дароо эле талаачылык боюнча бригадир, практик агрономдук кызматка жетти, элге алынды. Улуу Ата Мекендик кан күйгөн согушка жашы жогорулап калганына карабай, кылчактабай кете берди. Пулемётчик аскердик кызматы менен канчалаган душмандарды жер жаздантып, майдандан да аман-эсен элине кайтты. Жалгыз башы кош канаттай асман-

лайына чалкыган. Эгем ага учураган бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө, ар кандай нерселерге сабыр тутууга, чыдоого, эмне болсо да арман кылбай жашоого, дайыма күрөшүп, жеңүүгө, келечектен үмүт үзбөөгө, жакшылыктарга сөзсүз жетүүгө, анын убайын-урматын көрүүгө, ак тилек менен жашоого каарман, мээнеттүү өмүр берген. Ошон үчүн ал кенен ойлогон ойлорунун үстүндө бакубат өмүр сүрүүгө жетишти. Жумагүлдү кошкондо 4 кыздуу, анын 11 небересин бирге эсептегенде (өзүнүкү 13 небере) 24 неберpermеге өмүрү уланды., Төрт күйөө баланын ак кызматында, бир келининин берген ысык чайында зор канааттануу тапты. Көзүнүн тирүүсүндө уул-кыздары турмуштан татыктуу орундарын ээлешти. Бардыгын тең өзү баш болуп эч нерседен кор кылбай өстүрдү, билимге, каалаган кесибине ээ кылды. Бардыгы тең өзүндөй чарбачыл, мээнеткечтикте өз жолдорун табышты. Ал гана эмес Какештин мурдагы эри Шакирдин уулун өзүнө бооруна тартып, улуу баласы катары ысык мами-

ле жасап, окутуп-чокутуп дегендей, жогорку билимге да өз кадыры менен ээ кылып, өз айылына алып келип иштетип, үйлүү-жайлуу кылышы, андан катышын үзбөгөнү чоң адамгерчиликтин теңдешсиз эрдиги да. Дубанбектин да чайын ичиши, анын балдары да (үч кыз, бир уул) Жакыпка небере эле болуп калгандыгы талашсыз.

Кудайдын буйругу деген улуу нерсе экен. Анын ага болгон ылаазымы менен улуу Үркүндөн өлбөй-житпей, ак эмгеги аркылуу жашылчачылыкты, бакчылыкты бактысына байлай келди. Чек ара комендатурасында, дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикменин Нарындагы таяныч пунктунда дароо эле талаачылык боюнча бригадир, практик агрономдук кызматка жетти, элге алынды. Улуу Ата Мекендик кан күйгөн согушка жашы жогорулап калганына карабай, кылчактабай кете берди. Пулемётчик аскердик кызматы менен канчалаган душмандарды жер жаздантып, майдандан да аман-эсен элине кайтты. Жалгыз башы кош канаттай асман-

дап, Какеши менен очор-бачар базарга айланды. Жакып Алдашов үчүн бул баа теңдешсиз жашоо бактысы эле.

## ЖЕРГЕ ДА ӨМҮР БЕРГЕН БААТЫР АДАМ

*(Маркум, «Нарындын Мичурини» аталган, чыгаан багбан, жашылчачы, мөмө-жемишчи, практик, тубаса агроном, жер сырдашы, мыкты дыйкан, согуштун катышуучусу Жакып Алдаш уулунун арбагына арналат).*

Ажалга жаш, кары өмүр бүркүм болгон,
Үмүттү бир өчүрчү Үркүн жолдон.
Каарман жаш өмүрү жайрап калбай,
Кытайда өтүп жүрүп түркүн колдон.

Кул, малай болбой ата-бабасынан
келсе да, эми турмуш жарасынан
арылбай, баштан баарын кечирди ал,
чет жердин сырын каткан калаасынан.

Эмгеги эки эселеп таза иштелип,
Үйүнө кимдин болсо жата иштелип.
Өлбөстүк күнүн көрүп жүрсө дагы,
Келечек жашоосуна бата изделип.

Күн көрбөй кайбирчилеп чагым менен,
Ойлонуп алды-кийнин баарын кенен.
Ак дилден малайлыкты тың аткарып,
Байга да башкаларга жагым менен.

Тескери жакка кирбей атын сала,
Сездирип жер экенин жакын ага.
Кыргыздын жөндөм шайын бир билгизип,
Кытайдан багын кошкон жашылчага.

Эмгегин таңга жууруп, күнгө жууруп,
Жылдыздар ойноп турган түнгө жууруп.
Жашылча өз канынан жаралгандай
өстүрүп, өскөнүнө мүлдө жуунуп.

Чет элден абийир таап, кадырын таап,
Чарчатпай өмүр атын акырын чаап.
Отуздап калганында Теңир-Тоого
конуштап, «иштөө зарыл» акылын таап.

Чекара бөлүгүндө терин төгүп,
Өзү ага жетпей турган кемин көрүп.
Жайнатып жашылчасын, алкыш алып,
Белсенип иштөө үчүн көңүл бөлүп.

Тагдырың, буйругуң да күлүк беле,
Билинтпей алып учкан жүрүш беле.
Бригадир, агроном практик ал,
Илимий өндүрүштүк бирикмеде.

Эми ал малай эмес, жанын үрөп,
Кайраты, эмгеги анын алын бүлөп.
Күн-түнү илимий иш багытында,
Жан тынбай иштеп жүрдү баарын сүрөп.

Жашылча-жемиш жана мөмө-жемиш.
Бой тартып, көзгө сүйкүм, төбө керип.
Түшүмдөн канчалаган жаңы сорттор,
Даңктады бул адамды бөлө көрүп.

Уруктар Украина, Белорустан,
Ар түркүн, изилдөөгө дем болушкан.
Эки жүз гектарлаган жерге эгилип,
Кабагым-кашым дебей бел ооруткан.

Көчөттөр канчалаган өсүп жатты,
Көргөндөр «чынбы?» дешип, көзүн басты.
Бул жерде бейиштеги өсүмдүктөй,
Бардыгы өстү, «мыкты» сөзүн тапты.

Ар убак эмгек деген кайноо болуп,
Булбулдар тили катып сайроо болуп.
Не деген гүлдөр жыты буркурады,
Нарынды көркке бөлөп, жайлоо болуп.

Ким болсо, бир бурулуп, токтой калып,
Кызыгып, куштарланып, октой барып.
Алманын канча сорту толгон Айдай,
Жылдыздай Раичка оттой жанып.

Бирикме бирден миңге жаңы уланган,
Уруктан аянт мыкты кабыл алган.
Картошка, куузикасы, капустасы,
Арпанын, буудай сорту жаңыланган.

Жакыптын эмгегинен татып алган,
Чарбалар дан эгинин сатып алган.
Ар убак жардам берип андан башка,
Эмгеги элге кадыр басып алган.

Илимдин ишке айкашкан салты калган,
Оозун басып кээнин каңкуулаган.
Мол тоют, түшүм алуу осуйпасын,
Практик агроном тартуулаган.

Өстүрүп ар бир түптү тайлык кылып,
Бул киши ээси эле бул жайдын тунук.
Киргизип кирешесин бирикмеге,
Жыл сайын миңдеген сом байлык кылып.

Чыгаандын чыгаандыгын өз көз көрө,
Ар кими ардактаган төргө өткөрө.
Эл баалап, министрлик, баары-баары,
Жөнөткөн Москвага көргөзмөгө.

Турмуштун жолу менен көбүн байкап,
Акыры тагдырга түш, көңүл байлап.
Ийгилик артып, дайым иши оңолуп,
Баш кошуп Какешине өмүр байлап.

Үйлөнүп эки бала көргөн жанга,
(Ал бакыт, баарысына көнгөн жанга).
Андан ал бир уул, үч кызды таап,
Бир башы таалай болуп өнгөн канча!?

Төп келет жаштайынан төрдү көргөн,
«Жүз тайбай, дароо гана өңдү көргөн».
Жарынын мурдагы эрден балдарын бүт,
Асырап, өз баласы өңдүү көргөн.

Дароо алты уул-кыздуу болуп алган,
Таалайдын кеми минтип толуп калган.
24 неберени күтүп алып,
Бактынын тоосуна ал конуп калган.

Адамдык бийиктиги ченебеген,
Айкөл ал эч нерсени кенебеген.
Бир гана ак эмгекти асыл тутуп,
Жашоодо башкага бир теңебеген.

Канынан кайрат, намыс, мээнет келген,
Муунга бабалардан нөөмөт менен.
Арыбай, чарчабай да, чаалыкпай да,
Чыккыча 90 жашка мээнеттенген!

Турмуштан эң тез өчөт көңдөй жандар,
«Барга көөп, жокко чөккөн» өңчөй жандар.
Аз болот Жакыптай жан жашообузда,
Эмгекте жашап, эч бир өлбөй калган!

Жашоодо ак тилеги бапыраган,
Жанына жалкоолукту батырбаган.
Өмүрүн жерге арнап, жер сырдашы,
Жерге да өмүр берген Баатыр адам!

## ДАНАКЕР

Жумагүл Жакыптын бардык жакшылыгы үчүн бул атасы айтып жүргөндөй «Ак жолтой» кыз болгон. Жакыптын чексиз адамгерчилиги, ага болгон ушунчалык мээрими, кареги менен тең айланып, эркелетип өстүрүшү аны өз атасынан да ашык баалоого алып келген. Атасы Шакирдин ал бир жашка чыгып-чыкпай келгени боюнча эч кабар албаганы, аны ата катары сезип, эстөөгө да анчалык жол бербеген окшойт. Турмуш, тагдыр, буйрук ар кандай да, ага чен-өлчөм берүүгө, бир жактуу карап, бүтүм чыгарууга да болбойт эмеспи.

Ж.Алдашовго Жумагүлдүн ушунчалык берилгендиги, анын адамдык, эмгектик ишмердик жолун таасын түшүнгөндүгү, апасын айрыкча сыйлагандыгы үчүнбү, эч бир бакма бала

Үйлөнүп эки бала көргөн жанга,
(Ал бакыт, баарысына көнгөн жанга).
Андан ал бир уул, үч кызды таап,
Бир башы таалай болуп өнгөн канча!?

Төп келет жаштайынан төрдү көргөн,
«Жүз тайбай, дароо гана өңдү көргөн».
Жарынын мурдагы эрден балдарын бүт,
Асырап, өз баласы өңдүү көргөн.

Дароо алты уул-кыздуу болуп алган,
Таалайдын кеми минтип толуп калган.
24 неберени күтүп алып,
Бактынын тоосуна ал конуп калган.

Адамдык бийиктиги ченебеген,
Айкөл ал эч нерсени кенебеген.
Бир гана ак эмгекти асыл тутуп,
Жашоодо башкага бир теңебеген.

Канынан кайрат, намыс, мээнет келген,
Муунга бабалардан нөөмөт менен.
Арыбай, чарчабай да, чаалыкпай да,
Чыккыча 90 жашка мээнеттенген!

Турмуштан эң тез өчөт көңдөй жандар,
«Барга көөп, жокко чөккөн» өңчөй жандар.
Аз болот Жакыптай жан жашообузда,
Эмгекте жашап, эч бир өлбөй калган!

Жашоодо ак тилеги бапыраган,
Жанына жалкоолукту батырбаган.
Өмүрүн жерге арнап, жер сырдашы,
Жерге да өмүр берген Баатыр адам!

## ДАНАКЕР

Жумагүл Жакыптын бардык жакшылыгы үчүн бул атасы айтып жүргөндөй «Ак жолтой» кыз болгон. Жакыптын чексиз адамгерчилиги, ага болгон ушунчалык мээрими, кареги менен тең айланып, эркелетип өстүрүшү аны өз атасынан да ашык баалоого алып келген. Атасы Шакирдин ал бир жашка чыгып-чыкпай келгени боюнча эч кабар албаганы, аны ата катары сезип, эстөөгө да анчалык жол бербеген окшойт. Турмуш, тагдыр, буйрук ар кандай да, ага чен-өлчөм берүүгө, бир жактуу карап, бүтүм чыгарууга да болбойт эмеспи.

Ж.Алдашовго Жумагүлдүн ушунчалык берилгендиги, анын адамдык, эмгектик ишмердик жолун таасын түшүнгөндүгү, апасын айрыкча сыйлагандыгы үчүнбү, эч бир бакма бала

Үйлөнүп эки бала көргөн жанга,
(Ал бакыт, баарысына көнгөн жанга).
Андан ал бир уул, үч кызды таап,
Бир башы таалай болуп өнгөн канча!?

Төп келет жаштайынан төрдү көргөн,
«Жүз тайбай, дароо гана өңдү көргөн».
Жарынын мурдагы эрден балдарын бүт,
Асырап, өз баласы өңдүү көргөн.

Дароо алты уул-кыздуу болуп алган,
Таалайдын кеми минтип толуп калган.
24 неберени күтүп алып,
Бактынын тоосуна ал конуп калган.

Адамдык бийиктиги ченебеген,
Айкөл ал эч нерсени кенебеген.
Бир гана ак эмгекти асыл тутуп,
Жашоодо башкага бир теңебеген.

Канынан кайрат, намыс, мээнет келген,
Муунга бабалардан нөөмөт менен.
Арыбай, чарчабай да, чаалыкпай да,
Чыккыча 90 жашка мээнеттенген!

Турмуштан эң тез өчөт көңдөй жандар,
«Барга көөп, жокко чөккөн» өңчөй жандар.
Аз болот Жакыптай жан жашообузда,
Эмгекте жашап, эч бир өлбөй калган!

Жашоодо ак тилеги бапыраган,
Жанына жалкоолукту батырбаган.
Өмүрүн жерге арнап, жер сырдашы,
Жерге да өмүр берген Баатыр адам!

## ДАНАКЕР

Жумагүл Жакыптын бардык жакшылыгы үчүн бул атасы айтып жүргөндөй «Ак жолтой» кыз болгон. Жакыптын чексиз адамгерчилиги, ага болгон ушунчалык мээрими, кареги менен тең айланып, эркелетип өстүрүшү аны өз атасынан да ашык баалоого алып келген. Атасы Шакирдин ал бир жашка чыгып-чыкпай келгени боюнча эч кабар албаганы, аны ата катары сезип, эстөөгө да анчалык жол бербеген окшойт. Турмуш, тагдыр, буйрук ар кандай да, ага чен-өлчөм берүүгө, бир жактуу карап, бүтүм чыгарууга да болбойт эмеспи.

Ж.Алдашовго Жумагүлдүн ушунчалык берилгендиги, анын адамдык, эмгектик ишмердик жолун таасын түшүнгөндүгү, апасын айрыкча сыйлагандыгы үчүнбү, эч бир бакма бала

катары саясат кылбастан, ак дилинен «Алдашова» болуп биротоло катталган. Жакып үчүн бул да өзүнчө бир сый катары сезилген, кызынан түбөлүк белек болгон. Ага тигиндей-мындай дебестен Жумагүлдүн өзүнүн чечүүсүнө койгон.

Жашоонун ушундай ар кыл жагы аркылуу эрте эс кирген Жумагүл балдарына баш-көз болуу менен, үй тиричилигинде апасынын орун басары катары роль ойногон. Аларга акылына акыл, эсине эс кошоору болуп калган. Мектепти бүтөөрү менен турмуш жолуна чыгып, энелик доор, 1968-жылдан 1982-жылга чейин улам уул-кызды төрөшү менен, мектепти жакшы баалары менен бүтүрсө да, билимге андан ары ээ боло албай калган.

Ошентсе да чоң турмуштун туткасын бекем кармап, өзүнүн бир туугаңы Дубанбекти Жакыпка данакерлеген, колун үздүрбөгөн Жумагүл. Өзү да турмушун бул атасына бекем чырмаган. Улуу кызы катары алардын бүт бойдон жамандык-жакшылыгына кеңешчи, баарын катташтыруучусу,

карым-катышын үздүрбөөчүсү болгон. Синдилеринин кесипке карата жогорку жана орто окуу жайларынан окуп, билим алышында, ага жараша иштешинде, өз жарларын табышында, инисинин үй-жай күтүшүндө, бул турмуштук нерселердин баарында-куда-сөөктүк толгон токой маселелерде, бардыгын жакшынакай жайгарууда алардын башында жүргөн. Ага-туугандардын ар биринин үй-бүлөлүк түйшүктөрүнүн туура жолго түшүшүндө, проблемаларынын туура чечилишинде адилет, калыс, жүйөөкеч, турмуштук тажрыйбасы мол адам катары келечектүү кеп-кеңеши менен таасын билинген.

Өзүнүн жеке турмушунда ооп-кыйыштар, көптөгөн кыйынчылыктар кездешсе да, «алыс карап, узун санап», утурумдук, убактылуу келип-кеткен бороон-шамал сыяктуу турмуштук жагдайларга дайыма туруштук берип, алдырбай, тоскоолдуктарга, жетишпестиктерге мөгдөп калбай, ийилсе да сынбай, бийикти карап түзөлүп, келечекти көздөгөн. Себеби, таятасы Ма-

катары саясат кылбастан, ак дилинен «Алдашова» болуп биротоло катталган. Жакып үчүн бул да өзүнчө бир сый катары сезилген, кызынан түбөлүк белек болгон. Ага тигиндей-мындай дебестен Жумагулдун өзүнүн чечүүсүнө койгон.

Жашоонун ушундай ар кыл жагы аркылуу эрте эс кирген Жумагул балдарына баш-көз болуу менен, үй тиричилигинде апасынын орун басары катары роль ойногон. Аларга акылына акыл, эсине эс кошоору болуп калган. Мектепти бүтөөрү менен турмуш жолуна чыгып, энелик доор, 1968-жылдан 1982-жылга чейин улам уул-кыздары төрөшү менен, мектепти жакшы баалары менен бүтүрсө да, билимге андан ары ээ боло албай калган.

Ошентсе да чоң турмуштун туткасын бекем кармап, өзүнүн бир туугандары Дубанбекти Жакыпка данакерлеген, колун үздүрбөгөн Жумагул. Өзү да турмушун бул атасына бекем чырмаган. Улуу кызы катары алардын бүт бойдон жамандык-жакшылыгына кеңешчи, баарын катташтыруучусу,

карым-катышын уздурбөөчүсү болгон. Сиңдилеринин кесипке карата жогорку жана орто окуу жайларынан окуп, билим алышында, ага жараша иштешинде, өз жарларын табышында, инисинин үй-жай күтүшүндө, бул турмуштук нерселердин баарында-куда-сөөктүк толгон токой маселелерде, бардыгын жакшынакай жайгарууда алардын башында жүргөн. Ага-туугандардын ар биринин үй-бүлөлүк түйшүктөрүнүн туура жолго түшүшүндө, проблемаларынын туура чечилишинде адилет, калыс, жүйөөкеч, турмуштук тажрыйбасы мол адам катары келечектүү кеп-кеңеши менен таасын билинген.

Өзүнүн жеке турмушунда оош-кыйыштар, көптөгөн кыйынчылыктар кездешсе да, «алыс карап, узун санап», утурумдук, убактылуу келип-кеткен бороон-шамал сыяктуу турмуштук жагдайларга дайыма туруштук берип, алдырбай, тоскоолдуктарга, жетишпестиктерге мөгдөп калбай, ийилсе да сынбай, бийикти карап түзөлүп, келечекти көздөгөн. Себеби, таятасы Ма-

сен да кыштакта айыл башы, кийин мечиттин имамы болуп, элге-журтка төбөсү көрүнгөн адамдардын катарында аталган. Негизги таятасы Сыдыгаалы да элге таанылган. «Эшигин көрүп, төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал» дегендей таянелери, апасы Какеш да акылдуу, ар нерсеге көзү жетик, мыкты аялзаттарынан болгондугу Жумагүлгө таасын тарбия, нарк-насилди алууга айкын чоң жол болгон.

Жумагүл Уй жылында туулган. Чыгыш өлкөсүндө жылдыздарга карап ой жоруу, адамдын жашын, кулк-мүнөзүн, ошондой эле ар бир жылдын өзгөчөлүктөрүн мүмкүн болушунча божомолдоп айтуу тээ байыркы замандардан бери эле маалым. Ага карата ишеним да жогору болгон. Ошол себептүү Өзбекстандын «Фан ва турмуш» журналына жарыяланган адамдын жаш мүчөлдөрүнө берилген мүнөздөмөлөр ал адамга белгилүү деңгээлде жакшы жоромолду алып келет. Мүчөлдөрдүн тарыхында маалымдалгандай, жашоо-аба, суу, от жана топурактан пайда болуп отургандай мү-

чөл дагы ЯН жана ЯНГдан жаралган. Ян-Жер жана Ай мүчөсү болуп, кыйынчылыктарды, суукту жоготууларды билдирген мүчөл болот. ЯНГ болсо нур жана баатырдык, Асман жана Күн, күч жана кудурет мүчөлдөрүн бириктирет.

Жумагүл төрөлгөн Уй жылы Ян тобуна кирет. Гороскопто айтылгандай ушул жылда жарыкка келген эркектер ар дайым аялдарга мээримдүү болушуп, аларды жакшы түшүнүшөт. Уй жылында туулгандардын кээ бирлери көпчүлүктөн оолак жүрүүнү жактырышат. Ошону менен бирге көпчүлүк арасында өз урмат-сыйларын сактай билишет. Алар акыл-эстүү, ар кандай кырдаалды туура түшүнө билишкен адамдар. Бактылуу өмүр сүрүшөт. Бул жылда жарыкка келген кыздар аялдык табияты жакшы болуп, бактылуу жашашат. Алар оорукчал болсо да узак өмүр сүрүшөт. Уй өзү оор табияттуу жандык болгондуктанбы, бул жылы туулгандар да өткөн күндөрүн эстеп, турмуш тажрыйбаларына жараша иш курушат. Уй жылында туул-

гандар токтоо жана аз сөздүү, өздөрүн ишенимге бат татыта алышат. Ошондой болсо да чыдамсыз, чексиз өкүм келишет. Көп сүйлөбөгөнү менен кунт коё билишет. Физикалык жана акылдуулук жактан жогору турат. Бир нерсеси аткарылбай калса, ага болгон карама- каршылыкка чыдай албайт. Сүйүүнү спорт катары көрүшөт. Ошондуктан алар менен ишенбөөчүлүктөр көп кездешет.

Уй жылында туулгандарга дос катарында идеалдуу же өмүрүнүн жандоочусу катарында Жылан, Тоок, Чычкан жылындагылар туура келет. Ал эми азыраак же көбүрөөк туура келгендер Улуу, Коён, Маймыл, Доңуз жылындагылар. Бул жылда төрөлгөндөргө карама-каршы келип, бактысыздыкка учуратуусу мүмкүн болгондор: Кой жылындагылар.

Илгерки кытай Гороскобу боюнча Уй жылында төрөлгөндөр сабырдуу, чыдамкай, өзүнө ишеним арттырган кишилер. Бирок, кээде алар өздөрүн кармай албай, чыдамсыздыктын чегинен чыгып кетиши мүмкүн. Мындай

учурда башкалар сак болгон жакшы, ачууга жеңдиргенде алар өздөрүн башкара албай калышат. Негизинен көп сүйлөшпөйт, анткен менен алаксып кеткенде өтө эле чечен болуп чыга келишет. Дене күчү жана акыл жагынан суктандырышат. Айрым учурда айтканын бербей өжөрлөнүшүп, өзүнө каршы чыккандарды жактыра беришпейт.

Сүйүүгө келгенде айрымдары ага бир башкача көз караш менен караганы түгөйлөрүнүн, жакындарынын ортосунда түшүнбөстүктү туудурат.

Чычкан жылында төрөлгөндөрдөн айырмаланышып, майда-баратка маани бериш, кызыгышпайт. Эгер, бул кытай гороскобундагы төлгөгө таянсак, анда Уй жылында төрөлгөндөрдүн мүнөзү таразадай бирде өйдө, бирде ылдый.

Жылдызы бөйөн (22.06–22.07) болгон Жумагулдун жашоо-турмуш, тагдырында, жеке мүнөзүндө, албетте аталган гороскоптун мүнөздөмөлөрү сөзсүз бар.

«Үй-оокатка жок аял үйүнөн бакыт таба албайт. Үйүнөн бакыт таба албаган аял-бакытты эч жерден таба

гандар токтоо жана аз сөздүү, өздөрүн ишенимге бат татыта алышат. Ошондой болсо да чыдамсыз, чексиз өкүм келишет. Көп сүйлөбөгөнү менен кунт коё билишет. Физикалык жана акылдуулук жактан жогору турат. Бир нерсеси аткарылбай калса, ага болгон карама- каршылыкка чыдай албайт. Сүйүүнү спорт катары көрүшөт. Ошондуктан алар менен ишенбөөчүлүктөр көп кездешет.

Уй жылында туулгандарга дос катарында идеалдуу же өмүрүнүн жандоочусу катарында Жылан, Тоок, Чычкан жылындагылар туура келет. Ал эми азыраак же көбүрөөк туура келгендер Улуу, Коён, Маймыл, Доңуз жылындагылар. Бул жылда төрөлгөндөргө карама-каршы келип, бактысыздыкка учуратуусу мүмкүн болгондор: Кой жылындагылар.

Илгерки кытай Гороскобу боюнча Уй жылында төрөлгөндөр сабырдуу, чыдамкай, өзүнө ишеним арттырган кишилер. Бирок, кээде алар өздөрүн кармай албай, чыдамсыздыктын чегинен чыгып кетиши мүмкүн. Мындай

учурда башкалар сак болгон жакшы, ачуугa жеңдиргенде алар өздөрүн башкара албай калышат. Негизинен көп сүйлөшпөйт, анткен менен алаксып кеткенде өтө эле чечен болуп чыга келишет. Дене күчү жана акыл жагынан суктандырышат. Айрым учурда айтканын бербей өжөрлөнүшүп, өзүнө каршы чыккандарды жактыра беришпейт.

Сүйүүгө келгенде айрымдары ага бир башкача көз караш менен караганы түгөйлөрүнүн, жакындарынын ортосунда түшүнбөстүктү туудурат.

Чычкан жылында төрөлгөндөрдөн айырмаланышып, майда-баратка маани бериш, кызыгышпайт. Эгер, бул кытай гороскобундагы төлгөгө таянсак, анда Уй жылында төрөлгөндөрдүн мүнөзү таразадай бирде өйдө, бирде ылдый.

Жылдызы бөйөн (22.06–22.07) болгон Жумагүлдүн жашоо-турмуш, тагдырында, жеке мүнөзүндө, албетте аталган гороскоптун мүнөздөмөлөрү сөзсүз бар.

«Үй-оокатка жок аял үйүнөн бакыт таба албайт. Үйүнөн бакыт таба албаган аял-бакытты эч жерден таба

албайт» (Л.Толстой) дегендей анын оокатка бышыктыгы, «ашы болбосо, кашы болгондугу», «ак көрпө жайылдыгы» бардык жерде зоболосун көтөргөн. «Акылдуу болсо алганың, ааламда болбойт арманың» накылына төп келген. «Ашыкканда салмактуу, ачууланганда сабырдуу» болгон. Элге жүк артпай, өзү көтөрө билген.

Ал тоо сересиндеги көлдөй сезилип, Дубанбек, өзү жана Жакып тараптар, ага жайы-кышы менен куюп турган суулардай болуп, аны бөксөртпөй толуктап, ажайып көркүнө чыгарып тургансыйт. Анын адамды терең баалоосу, бийик түшүнүүсү, туугандыгы, адилетчилдиги, кайрымдуулугу, боорукерлиги, чексиз ыймандуулугу, «кыз адеби-кымбат» деген накылды бала кезинен тутуна билүүсү, улуттук нарк-насилди, узчулук өнөрдү өзүнө бала чагынан калыптагандыгы, кандай учур болбосун адам менен жакшы мамиле түзө алгандыгы, турмушту ар тараптан туура аңдай билүүсү ага дайыма адамдардан чоң сыйды, улуу урматты тартуулап келет.

Бошой калганда узчулугу аны ар убак коштоп алат. Аялзатына тийиштүү тикмечилик, бычмачылык, сайма саюу ж.б. өнөрлөрү менен кыздарына өрнөк көрсөтөт. Неберелерин тартиптүү, жакшы балдардан болууга үндөйт.

Жумагүл Алдашова бир канча жылдардан бери Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн иш Башкармасынын клиникалык ооруканасында иштейт. Мында ар кандай кесиптеги, ар кыл курактагы, ар башка кызматтагы адамдар, сыркоолуулар жатып дарыланышат. Мүнөздөрү, кыялдары ар түрдүүчө кишилер менен тил табышып иштешүү, аларга сый, татынакай мамиле кылуу башкы нерсе экенин Жумагүл эң сонун түшүнөт. Ошондуктан, алар өз бир тууганындай сезишип, жазбай учурашышып, көргөн жерден ал-ахвал сурашып, жакын адамдарынан болуп калышкан. Албетте, мында Жакып атасынын жөнөкөй, бой көтөрбөгөн, өмүр бою жерге жакын жашаган аталык тарбиясы сөзсүз бар. Ошон үчүн

Жумагүл өзүнүн жана бала-чакасынын, бир тууганы Дубанбектин жашоосундагы бардык жакшылыктарды Жакып менен гана элестеп, аны менен түбөлүк бирге деп сезет. Жакшынын жарыгы эч качан өчпөйт деген ошол! Ушинтип, ал бактынын, таалайдын урук-тууганына жугумдуу болушуна данакер болгон.

Мыкты аялзаты адабиятка, маданиятка, көркөм өнөргө жан дили менен кызыгат. Адабий ж.б. китептерди, мезгилдүү басма сөз каражаттарын талбай окуйт. Барыдан да кыргыздын мыкты адамдары жөнүндө жакшы билип, алардын эмгектеринин түбөлүктүүлүгүнө абыдан баа берет. Маркум көркөм өнөр таануучу, этнограф, мыкты журналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр Союзунун, Кыргыз эл чеберлер союзунун жана Башкармасынын Президиумунун мүчөсү болгон, көп жылдар бою теленин «эл чыгармачылыгы», гезит-журналдардын «эл ичи-өнөр кенчи», радионун «маданий турмуш» рубри-

каларын алдындагы берүүлөрдү, үктуруулары ийине жеткире алып барган, Кыргыз Республикасынын аймагында 14 курдай экспедиция уюштурууга жандуу катышып, жүздөгөн чеберлерди таап, алардын жекече узануу-узданнуу ыкмаларын кагазга түшүргөн, Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын отличниги, ончакты китептердин автору Акматалиев Амантур Сейтаалы уулунун буюм-тайымдарын ж.б. өздүк чыгармаларын жыйнап, Нарын облустук тарых жана этнографиялык музейине берип, бул чыгаан этнограф жөнүндө атайын бурчту уюштурууга эң биринчи демилгечи, аны жүзөгө ашыруучу болгон.

Кыргыз жараны, катардагы жөнөкөй аялдын мындай патриоттук демилгеси анын тереңдиги, түшүнүктүүлүгү, мезгил талабын жакшы сезе билгендиги катары баалоого арзыйт.

Элге сиңип, эри менен аскалуу,
Кыз кезинен чоң турмушка такшалуу.
Акылдуу аял-айылынын ажары,
Сулуулугу, көркү, кенен дасмалы.

Сыр билдирбей, бардык жакта зымпыйган,
Келбетинен ар бир адам ыр туйган.
Кермаралдай басып турса керилип,
Кебелбеген кереметтүү сыр турган.

Көргөн жандар тазалыкка жуунган,
Бийиктикти сезе билген туурдан.
Аялдык бир аздектиги сейрек жан,
Суктантууга жаралгандай туулган.

Билеселүү, бийик жана жөнөкөй,
Акыл сөзү айтылуу бир төрөдөй.
Асыл баада ардактуу бул айымдын,
Адамдыгын айтып бүтпөс көмөкөй.

Жаштыгы алыс, кезегинде өртү көп,
Жакшы адамдар жакшы менен өөрчүмөк.
Уул-кызы жашоого анын белеги,
Неберелер балалыгы көркү төп.

Сейрек кендей сейрек болуп жаралган,
Өмүрү анын бөлүктөргө таралган.
Бак караган бактылуу бул байбиче,
Баар тапкан турмушунан, адамдан.

## АТАМДЫ ЭСКЕРҮҮ

Атам абдан эмгекчил адам болгон. Кичине кезимди эстесем эртең менен күн чыга электе жумушка кетчү. Жумушунан болгон билимин жумушчуларга жаштарга жаңы окууну бүтүп келген адистерге, агрономдорго жардам берип үйрөтүп иштеген. Беш илимдин кандидаты атамдын жардамы менен илимий изилдөөлөрүн Нарын шаарынын опорный пункт станциясында өткөрүп кийин ийгиликтүү жакташкан. Анын бири Петр Яковлевич Крячков Нарында бийик тоолуу гибрид картошканын сортун чыгарган. Петр Яковлевич Крячков Нарын шаарына командировкага келгенде биздин үйгө келип жашап кетчү. Бир колу протез болчу, мен кызыгып сураганда согуштан колунан жарадар болгонун айткан. Атам менен жакын дос мамиледе болуп, кыргыздын каада салтын жакшы билген адам болгон. Биздин үй-бүлө алардын үй бүлөсү менен жакшы тууганча мамиледе болгондуктан, күнү-түнү анда Фрунзе

шаарына барып калганда бизди жакшы тосуп алышчу. Ошол кезде автобустар кечки рейс менен каттаганына байланыштуу, атам кечки рейс менен барып кайра эртеси түнкү рейс менен кайра келгенге аракет кылчу. Анткени опорный пунктта, ар бир күн баалу болуп, атам жумушка дайым шашып, бир да күн болсо дагы иштеп калайын деп умтулчу. Түнкү саат 4–5те Фрунзе шаарына Петр Яковлевич Крячковдун үйүнө барып калганда, анан аялы дайыма «Жакыпты энеси түнкүсүн төрөгөн болуш керек» деп тамашалап айтып калчу. Жакшы мамиле жасап тамак-ашын белендеп, татар улуттук тамактары менен өзүнүн мейман достугун, сыйын көрсөтүп калчу. Мен кичи кызы катары, атамды дайым бир жакка бараарда алдын-ала билип алып жолдо күтүп алып ээрчип кетчүмүн. Атам Фрунзе шаарына көп каттаганына байланыштуу эки-үч жолу ээрчип барганым эсимде. Атам көп изилдөөлөрдү ишке ашырып башка адистер менен картошканын жаңы сортун чыгарып Москва шаарына

ВДНХ айыл чарба көргөзмөсүнө катышып медал алып келген. Ошол убакта Москва шаарынан панбаркут кездеме алып келип көйнөк тигип ал деп апамды ыраазы кылганын апам жана эжемдер дайым айтып жүрүштү.

Атам согуш жөнүндө көп айтчу эмес. Мен кызыгып көп сурачумун, бирок атам «ой балам согушту эмне кыласың» деп, андан кийин катуу ойлонуп калаар эле. Кээде көзүнөн жаш агып кеткенин байкап калаар элек. Менин оюмда, атам жети жыл согушта болуп эки жолу жарадар болуп, көп тозокторду башынан өткөрүп, Улуу Жеңиштен кийин Монголия, Япония согушуна катышып келип, баардык болгон кыйынчылыктарды кайра эстеп кайгылангысы келчү эмес окшойт. Бизге айтып берген окуяларынан эсте калганы бул: ал согушта окопто түш көргөнү болгон. Түшүндө атам чоң мөмө бактын түбүндө болуп калат. Ал мөмө бактын ар бир бутагы ар башка, бир бутагында алма өсүп, бириңде алмурут, биринде башка дагы бир жемиш өсүп калгандай. Бир убакыт-

тан кийин ар бир бутакка ар кандай кооз чымчыктар коно баштайт. «Ошол убакта мен түшүмдө абдан жылуу жана мелмирөө сезимде болуп калыптырмын – дейт. – Мындай уйку улана берсе болмок, бирок бирпаста ошол сүрөт замбиректен аткан ок менен жок болуп, ойгонуп кетсем немистер артиллериялык чабуулун башташыптыр. Ошол түш мага бекеринен кирбесе керек, жакшы жөрөлгө катары согуштан аман калат окшоймун деп өзүмчө ойлоп койдум. Эгерде согуштан аман эсен келсем сөзсүз кайра ошол согушка чейин иштеп жүргөн кесибиме кайра барып, ошондой алма бактарды өстүрүп, бутак жайып, көп балалуу болом деген ойлор менен согуштун аягына чейин кыялданып жүрдүм деп бизге кээде айтып калчу. Атам согушта эрдиги үчүн экинчи даражадагы Ата мекендик согуштун ордени менен, кийин эмгек жана юбилейдик медалдар менен көп сыйланган. Эки жолу жарадар болуп госпиталга жатып кийин кайра аскерлердин катарына барып, көптөгөн мактоолорго ээ болгон.

Азыркы убакта, Россиянын аскер архивдеринде миндеген согуштун катышуучуларынын тизмесинде нарындык баатырлар Дайыр Асанов, А.Чортеков жана башкалардын катарында атамдын ысымы бар экен. Согушта атам минометчик болгонун айтып, «жакшы мергенчидей таамай атчумун» – деп калаар эле. Согуш башталганы 316чы Панфилов дивизиясынын курамында аскерге чакырылып минометчик болуп даярдалып согуштун аягына чейин, жогоруда айткандай япондор менен дагы согушуп кийин 1946-жылы Нарынга келиптир.

Атамды эстесем ал абдан эмгекчил жана жумушунда, же үйдө деле көп сүйлөбөгөн адам болчу. Жер менен иштеп, Нарын облусуна көптөгөн жаңы өсүмдүктөрдү жайылтып, айыл чарбасын өнүктүрүүгө көп салым кошту. Айыл чарбага, жер жемишке кызыкканы, бул үркүн убагында Кытайда бир бай уйгур улутундагы адамдын мөмө бак дарактарында жана жеринде иштеп калганынан болуш керек. Үркүндө атам ата-энеси Жети Өгүздөн,

бир туугандар менен көп кыйынчылыктар менен Кытайга жетип ал жерде 10 жыл бою иштешип, кайра келип Нарын жергесине байыр алып калышкан. Атамдын Усуп деген агасы, Карачач аттуу эжеси, Адраң деген иниси жана Батма деген карындашы болгон. Кытайда жүргөндө ар дайым мекенине кайра кайтуунун жолун издеп жүргөнүн айтып калчу. Атам иштеген уйгур адамдын жети кызы болуптур, ал адам кызымдын бирөөнү берейин, бул жерде кал деп сунуштаган экен, бирок атам Кытайда калганга макул болбой коюптур. Жибек менен соода кылышкан кыргыз соодагерлердин кеңешин жолдоп эки ат сатып алып жана кыжым кездемесин сатып алып жолдон аны тамак-ашка алмаштырып аман-эсен Кыргыз жерине ата-энесин туугандарын алып келген. Нарын шаарына келгенде опорный пункт ачылып ошол жерде согушка чейин иштеп келген. Нарынга келгенде үйлөнүп, бирок балалуу болгон эмес экен, согуштан кайтып келгенде ал аялы «сен балалуу болушуң керек» деп кетип ка-

лат, кийин согуштан келгенде апама үйлөнүп алты балалуу болушкан. Эки эркек жана төрт кыздуу болушкан. Апам Сыдыгаалы таятабыздын кызы болгон. Ак жуумал татынакай айым болгон. Колунан көөрү төгүлгөн, шырдак-кийиз, чапан-тебетей жана башка кыргыздын буюмдарын тигип, сайма туш кийиздерди сайып баарыбыздын септерибизди даярдап берген. Ушул мезгилге чейин биз апабыздын буюмдарын колдонуп келе жатабыз. Тегеректеги кошуна-колоң, тууган-туушкандар дайым ар кандай буюмдарды тиктирип кетишчү. Жыл бою бош олтурган күнү болчу эмес, бир жагынан бизди жана неберелерди багып, бир жагынан кол өнөрчүлүгүн таштачу эмес, жайында жүн жууп сабап, кийин кийиз шырдак жасап алектенип, кышкысын жип ийрип, шырдак шырып бизге болгон бүт тажрыйбасын үйрөткөнгө аракет кылып жүрдү.

Мени атам 64 жашында көрүп, эң кичүү кызы болгондуктан абдан жакшы көрүп эркелетип баккан. Баарыбызды окутуп билим берип, сүйүктүү

ата эне болушкан. Улуу агам Дубанбек айыл чарба институтун бүтүрүп кийин сельхозтехникумда иштеп келген. Төрт балалуу болуп жеңем Айымбүбү бухгалтер болуп иштеп пенсияга чыгып, көп неберелүү болушуп өмүрлөрүнүн аягына чейин бактылуу жашоо сүрүштү. Алардын кызы Света атамдын биринчи небересин 72 жашында көрүп апам экөө жети жашка чейин багып чоңойтуп беришкен. Азыр Света төрт балалуу болуп Бишкек шаарында турат. Жумагүл эжем заводдо иштеп келген, кийин пенсияга чыкканда Президенттин аппаратынын алдындагы ооруканада иштеп келет. Ошол эле убакта кыргыздын кол өнөрчүлүгүн апаман үйрөнүп шырдак, туш кийиз, көлдөлөң, төшөк, сайма чапан, калпак тигип дагы иштеп жүрдү. 10 жыл Кыргызстандын белгилүү этнографы Амантур Акматалиев менен баш кошуп ал киши дүйнөдөн кеткенге чейин бир жашашты. Кийинки эжем Калиман билим берүү тармагында эл агартуу министрликте бухгалтериясында 36 жыл иштеп кийин пенсияга чыгып,

азыркы убакта 3 эркек бир кыз, 4 неберелүү болуп жездем Таалай экөө Бишкекте жашап келишет. Таалай жездем болсо Кыргызстандагы белгилүү зергерлердин бири, кемер кур, камчы жана аялдардын сөйкө, билериктерди жасайт. Балдары дагы атасынын жолун жолдоп келе жатышат.

Үчүнчү эжем Каликан окуусун Свердлов шаарынын университетин бүтүрүп, эки балалуу болуп 28 жашында оорудан каза тапкан. Дамир, Жылдызды атам апам багып чоңойтуп, Дамирди Казак университетинин медицина факультетин бүтүртүп азыр Чымкент шаарында дарыгер болуп иштеп келе жатат. Жылдыз азыр КАСИни бүтүп эки балалуу болуп Бишкекте жашап жатат.

Байкем Нарынбек азыркы убакта Нарын шаарында Замира жеңем экөө жашашат. Алар 5 балалуу болушуп, азыркы убакта 4 неберелүү болушкан. Нарынбек байкем телекомдо компьютер жаңы чыгып жатканда Москвадан окуусун бүтүп келип иштеген. Азыркы убакта пенсияда жана атам салган

үйдүн ордуна жаңы үй салып жатат. Өзү айткандай Нарыным алтын бешигим дегендей башкаларга окшоп Чүй тарапка жылбайм, туулуп өскөн жеримде атам энем коюлган жерде биреө болуш керек деп келет. Улуу кызы Аида азыркы убакта мамлекеттик кызматта иштейт Бишкекте, экинчи кызы Уулбүбү Казакстанда казак-түрк медициналык институтту бүтүп келип азыркы убакта Ат-Башы айылында райондук ооруканада акушер- гинеколог, бөлүм башчы болуп, Ат-Башы айылына турмушка чыгып иштеп келе жатат.

Мен болсо окууну бүткөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик медициналык институтту бүтүп Нарын шаарында участкалык педиатр, кийин лор врач болуп иштеп келдим. Азыркы убакта Бишкек шаарында косметолог-дерматолог дарыгер болуп иштеп келе жатам. Нарында участкада иштегенде атам иштеген опорный пункттун тегерегиндеги үйлөрдү тейлеп балдарды дарылап жүрдүм. Ошол убакта опорный пунктта иштеген бир эже атаңды

биз жакшы тааныйбыз, бул жерге көп эмгек жасаган деп башчылар ошол жерде жаңы бүткөн эки этаж үйлөрдөн бергенде жаш үйлөрү жок адистер алсын деп баш тартканын айтып бергени эсимде. Ал эже эле эмес башка адамдар дагы атамды адамкерчилигин, эмгекчилдигин, адилеттүүлүгүн жана ак-пейилдигин атып келишчү. Атам Нарындын шаарынын үч бурчуна суук кышка туруштук берген алма бактарды жана карагат, малинаны өстүрүп жана башка жер жемиштерин жана уруктарын элге таратып элдин оозуна алынып Нарындын Мичурини деген атка конгон. Анткени атам Нарындын катаал климатында ар кандай өсүмдүктөрдү, жер жемиштерди биринчилерден болуп окумуштуулар менен бирге чыгарып өстүрө баштаган. Биз кичине кезден бери эле жайкы жана күзгү мезгилдерде атама жардам берип жер сугарууга, жер жемиш тергенге дайым катышып жүрдүк. Короого кыш бүткөндө эле парник жасап жер капуста жана помидордун рассадаларын өстүрүп башка чарбаларга та-

ратып берчүү эле. Ак-Талаа районуна анделек, дарбыз эгип алардын быша турганын аныктап келген.

Мени мурда айткандай кичүү кызы катары көп эркелетип, мени кыргыздын салты менен 40 күн той берип турмушка берем деп эле айта берчү. Атамдын кыялы ишке ашып менин жолдошумдун ата-энеси мага кыргыздын салты боюнча ал убакта эн сейрек кездешкен салтты кайра жандандырып сөйкө салып атамдын алдынан өтүп колумду сурап барышкан. Ал кезде болочок кайын атам Сатаров Абдыбек, Нарын шаарынын райондук ооруканасында башкы дарыгер, кайын энем дарыгер неонатолог болуп иштеп келишкен. Кийин, кайын атабыз Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери болуп, пенсияга чыкканда коомдук долбоорлор менен иштеди. Жолдошум Нурдин экөөбүз отуз жылдан бери эки кыз бир уулду өстүрүп, эки неберелүү болуп, Бишкек шаарында жашап келе жатабыз. Өмүрлүк жолдошум кесиби боюнча дарыгер, Нарын шаарында терапия

бөлүмүндө бөлүм башчысы болуп иштеп, кийин райондук оорукана жоюлгандан кийин коомдук иштер боюнча эл аралык уюмдарда иштеп келе жатат. Азыр ХэлпЭйдж деген уюмда карылардын көйгөйлөрүн, кант диабет оорусуна каршы долбоор менен иштеп келет. Улуу кызыбыз Назима америкалык универститетин бүтүп азыр жеке балдар борборунда иштейт, күйөө балабыз Руслан Кыргыз телерадиокомпаниясында администрациянын башчысы. Экинчи кызыбыз Жибек Болгарияда америкалык университетти бүтүп азыр ал дагы жеке балдарды окутуу борборунда эмгектенет. Кичи уулубуз Нурсултан Кыргыз-Славян университетинин архитектура факультетин бүтүп азыр жеке ишмер болуп эмгектенет.

*Нарынкүл Жакып кызы.*

## ТЕҢИР-ТООГО ЖАҢЫ ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ӨСТҮРГӨН

Жумагүл баштаган балдары, жары Какеш ага бүтпөс демилге, алга умтулууну берген. Илимий өндүрүштүк бирикмеде иштеши бирикменин да абыроюн көтөрүү менен, талбаган эмгеги нечендеген сорттуу жаңы үрөндөрдү Нарын топурагына ыңгайлашып өсүүсүнө шарт түзгөн. Кыртышка ал илимий бай азыктарды илимий негизде берүү, иштөө менен жерди гүлдөткөн. Күнөскана республикалык негизде азыр ургаалдуу колго алынып жатса, Жакып ошол учурда эле аны турмушка кеңири киргизген. Көчөттөрдү өзү өстүрүп, ар бир чарбаларга, мекемелерге таратып турган. Айрыкча «сүт булагы» аталган куузиканы өз родинасынан ашыкча түшүм берүүгө алып келген.

## КУУЗИКА-СҮТТҮН БУЛАГЫ

Жакып аксакал жаңыга умтулган, жаңы нерселерди элдин турмушуна киргизүүгө жан дили менен аракеттенген адам болгондугу анын бүткүл өмүр

бою иштеген, элге калтырган ишинен даана көрүнөт. 1970-жылдары республикада малга эң сонун тоют болуучу куузика өсүмдүгүн өстүрүү маселеси көтөрүлүп, аны турмушка тереңдетип киргизүүнү баштоодо Нарын облусунда Жакып Алдашов башында турган, ал өзү Кыргызстан дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикмесинин Нарындагы таяныч пунктунда өстүрүп, облустун чарбаларына көрсөткөн.

Ал жөнүндө тубаса агроном Жакып Алдашов өздүк архивине жазып сактаган. Анда «Куузика тамыры жана жалбырагы тоют болуучу өсүмдүк. Прибалтика республикаларынын чарбаларында куузика менен тоюттандырылган ар бир уйдун орточо жылдык сүттүүлүгү 3500 килограммды түзгөн. Демек, мындай баалуу тоютту ар бир чарбада өстүрүүнүн зарылдыгы бар. Ысык-Көл ойдуңундагы жана Талас өрөөнүнүн айрым чарбаларында куузиканы өстүрүү боюнча алгачкы тажрыйбаларды жүргүзгөндө, иштин жыйынтыгы адам кубанаарлык бол-

гондугу, аны Нарын зонасында да өстүрүүгө болоорлугун шарттайт.

Коомдук малды дүркүрөтүп өстүрүүнүн чечүүчү шарттарынын бири тоют болуп эсептелет. Мал жыл бою ар түрдүү жана толук баалуу тоюттар менен камсыз кылынганда гана продуктуулугун арттырып, интенсивдүү өсүшкө ээ болот. Мына ошондуктан тоют бирдигине жана белокко бай өсүмдүктөрдү өстүрүүгө көбүрөөк көңүл буруу керек. Мал чарбасынын санын жана продуктуулугун жогорулатууда тоюттун маанисин КПСС БКнын июль (1970) Пленуму туура белгилеген экен.

Акыркы жылдарда республиканын айрым райондорунда колхоздор менен совхоздор көп жылдык чөп, жүгөрү, буурчак, күнкарама, сулу, арпа сыяктуу өсүмдүктөрдү эгүү менен бирге тоюттун жаңы түрүнүн бири болгон күузиканы өстүрүп, андан мол түшүм алууну көрсөтүшүүдө.

Ушундан улам, анын бардык шарттарын талдап көрүп, бул өсүмдүктү Тянь-Шандын ички дыйканчылык

зонасындагы райондордо да өстүрсө болооруна көзүм жетти. Анткени, куузика аязга чыдамдуу өсүмдүк болуп саналат экен. Ал 3–5 градус болгон жазгы суукта да жер үстүнө өнүп чыга берээри иш жүзүндө аныкталган. Анын тамыры менен жалбырагы күзгү 5–9 градус сууктагы тоңголокто да нормалдуу өсүшүн улантып, эч нерсе болбойт тура.

Тоюттук чамгырдын куузика сорту Эстониядагы дыйканчылык жана мелиорация илим-изилдөө институтунун эксперименталдык базаларында өстүрүлүп алыныптыр. Ал тоюттук чамгыр менен тоюттук капустанын аргындаштыруусунан келип чыгыптыр. Андан ары ал тамыры тоют өсүмдүктүн бири болгон турнепс менен аргындаштырылган. Ошентип аны тынымсыз жакшыртуунун жана тандоонун натыйжасында тоюттук чамгырдын жаңы сорту «куузика» пайда болгон.

Тоюттук чамгыр кайчы гүлдүү эки жылдык өсүмдүк болуп саналат. Анын уругу өтө майда, миң даанасынын салмагы 2, 5-3 граммга жетет. Өсүмдүк-

түн тамыры чамгырга, жалбырагы капустага түспөлдөш келет.

Куузиканы эгээрден мурда кыртышты (жерди) жакшылап иштетиш керек. Анын мүмкүн болушунча терең мөөнөттөрдө эгилгени жакшы. Анткени, ал 2–3 градус жылуулукта эле өсө берет. Бир гектарга эгилүүчү үрөндүн өлчөмү 1–1,5 килограммды гана түзөт. Үрөнду эгүү дискалуу сеялканын жардамы менен 1,5–2 сантиметр тереңдикте жүргүзүлөт. Катар аралыктары 60-70 сантиметр кеңдикте болот.

Бул баалуу тоютту ар кандай катар аралыктары иштетилүүчү өсүмдүктөр өстүрүлгөн аянттарга эге берсе болот. Аш болумдуу мол түшүмдүн алынышына кыртыштын асылдуулугу да чоң таасир этет. Ошон үчүн ал айдалуучу аянттын ар гектарына 20–30 тонна кык, 4–6 центнер суперфосфат, 2–3 центнер аммиак селитрасын берсе, түшүмдүн жогорулашына мыкты өбөлгөлөрдү түзөт.

Куузиканын алгачкы катар аралыктарын анын үрөнү жер үстүнө текши өнүп чыккан кезде иштетүү керек.

Эгерде жер үстүнө өсүп чыккан учурда аянттарды бүргөлөр басып калса, аны 12 проценттүү гексохлорамин же метафоса дусу менен иштетип чыгуу зарыл. Өсүмдүктүн эки жалбырагы пайда болгондо суюлтуу талап кылынат. Туурасынан суюлтууну аралыктары 60-40 сантиметр өлчөмүндө болгондой кылып жүргүзсө дурус болот.

Топот чамгыр-нымдуулукту сүйүүчү өсүмдүк. Анын түшүмдүүлүгү кыртыштагы нымдуулукка байланыштуу. Өсүмдүктү климаттык шарттарга ылайык 2–5 жолу бороздор боюнча сугаруу керек. Топот чамгырын сентябрь айынын акырында же октябрда жыйноо сунуш кылынат. Чамгырды жыйноо иши көп эмгекти талап кылат. Анын тамырын жыйнап алуу үчүн атайын техника жок. Ошондуктан, ал кызылча казуучу машинанын жардамы менен казылып, тазалоо жана жүктөө иши кол күчү менен аткарылат.

Куузиканын составында 10–14 процент кургак зат, 1–1,4 процент протейин болот. Анын бир топот бирдигине 8–10 килограмм тоюттук тамыры, 10–

12 килограмм жалбырагы туура келет. Ал эми тамырдагы бир тоют бирдигинде 110–120 грамм, жалбырагында 150–170 грамм протейин жана жетиштүү өлчөмдө аминокислота бар. Мындан сырткары куузиканын составында метионин, кальций, фосфор, кант, витамин жана клетчатка да кездешет. Айрыкча анда «С» витамини көп.

Мына ушундай сапаттарга ээ болгон тоюттун бул түрү кыш күндөрүндө уйлардын сүттүүлүгүн жогорулатуу менен анын майлуулугун көбөйтүүгө өбөлгөлөрдү түзөт. Ошон үчүн эстониялык малчылар куузиканы «Сүт насосу» деп аташкан.

Азыркы күндө республиканын чарбаларында куузиканын аянты анын үрөнүнө жараша белгиленүүдө. Бул өсүмдүктү өстүрүү чарбаларга милдеттендирилген. Үрөндүн бир килограммынын баасы 12 сом өлчөмүндө белгиленген. Бул чарбанын материалдык кызыкчылыгын толук канааттандырат. Илимий кызматкерлердин аныктоолоруна караганда ушул беш жылдыкта чарбаларды үрөн менен

камсыз кылуу жагы толук чечиле тургандыгы белгиленип жатат.

Куузика-арзан жана баалуу тоют экендиги практикадан даана көрүнду. Ошондуктан, колхоздор менен совхоздордун жетекчилери жана адистери аны кеңири өстүрүүгө ар тараптан камкордук көрүүлөрү керек» – деп илимий негиздеги жазууларын калтырганы, бул илимий жагдайда жазылган макаладан экендиги сезилет.

Жакып Алдашовдун Нарын облусунун чарбаларында куузика өсүмдүгүн өстүрүүнү өзүнүн таяныч пунктунда практикалап өстүрүп, үлгү көрсөткөндүгү, ошол жылдардагы чарбалардын бул багыттагы ишмердүүлүгүнөн байкоого болот. Мисалы, Нарын районунун «Эмгек жолу» газетасынын 11-октябрь, 1972-жылдагы санында Жданов атындагы колхозунун №2 бригадасынын Орто-Нура жана Чет-Нура участкаларындагы тоют топтоо иштери, өзгөчө Орто-Нурадагы 5 гектар жерге куузика айдалганы, анда иштеген 6–8-класстын окуучулары 80 тонна куузика жыйнашкандары жазылган.

Ошол эле гезитте Жакып аксакал ак калпак кийген сүрөтү менен берилип, «Алдашов Жакып ардактуу кесиптин ээси. Ал пенсионер – агроном. Үстүбүздөгү жылы чарбада (таяныч пунктунда) 4 гектар жерге картошка, 5 гектарга куузика, бир гектар жерге капуста айдалган. Аны багуу жумушу ушул Жакып аксакалдын колунан жаралып, мол түшүм алынып жатат.

Башкасын айтпаганда да куузиканын ар бири 6–10 килограммдан айланды.

Сүрөттө: Ж.Алдашов 10 килограмм куузиканы кармап турганын көрүп турасыздар.

З. ДАНИЯРОВдун фотосу» – деп, даана чагылдырылган.

## ЖАКЫПТЫН ҮЙҮНДӨ САКТАЛЫП КАЛГАН АЙРЫМ ДОКУМЕНТТЕРИНЕН

Нарын облустук «Нарын правдасы» газетасы 29-апрель, 1955-жылдагы санында фоторепортаж берген. Анда гезиттин сол жактагы колонкасынын башында сүрөт. Сүрөттө эки аял жана

Ж.Алдашов парниктеги өскөн уруктарды текшерип, карашууда. Мында: «Ежегодно Нарынский плодоовошной опорный пункт выращивает хорошую рассаду капусты, который снабжаются жители Нарына и соседник колхозов.

На снимке: (слева направо) работницы опорного пункта Батима Есеналиева и Марья Джолчибаева за прополкой рассады. На заднем плане - агроном опорного пункта т.Алдашев проверяет парники.

Фот о Н.Денисова.» – деп берилген.

Ушунун эле туурасында, экөө бир эле бетте чоң шрифттер менен «ФОТО-РЕПОРТАЖ» деп, текстин астында, жогору жагында да сүрөттөр. Анда: «Кыргызстан дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикмесинин Нарындагы таяныч пункту жыл сайын жашылча-жемиш өсүмдүктөрү боюнча көптөгөн жаңы ачылыштарын жаратууда.

Мында иштеген илимий кызматкерлер өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун табышууда. Азыркы кезде мында

алманын 14 түрү жана карагат, помидор, бадыраң, капуста, кызылча жана жашылча өсүмдүктөрү өстүрүлүүдө.

СҮРӨТТӨ: (Жогоруда) карагат терүү учурунда. (Төмөндө, оңдо) 62 жаштагы карыя агроном Алдашов Жакып кызылчанын өсүшүн текшерүүдө. (солдо) башкы илимий кызматкер Сыдыкова Асылтай өз кесиптештери менен алынган түшүмдүн сорттуулугун текшерүүдө.

Ө.БАБАЕВДИН фоторепортажы

Сүрөттөгү кара шляпачан, мурутчан, кагелес, жумуштук кийим кийинген Жакып сол колуна кызылча кармап турат.

Ушундан улам, бул кишинин эмгеги эл оозунда жомоктой айтылуу менен массалык маалымат каражаттарында да байма-бай болбосо да көрүнүктүү чагылдырылып турганы айкын баамдалат. Облгезиттин кызматкерлери, айтылуу журналисттер Дүйшөнбек Керимов Жакып Алдашовду 89 жашында иштеп жаткан жеринен үстүнөн чыгып жазып келсе, Бурулсун

Дыйканбаева көзү өткөндөн кийин Жакыптын жубайы Какиш Масенова менен кеңири маек куруп, аны басма сөзгө чагылдырган. Басылмаларда анын эмгеги, сүрөт элеси жаркырап калган. Ушунун өзү эле жаркын эмгектин түбөлүктүүлүгүн айтып тургансыйт.

Биле жүрүңүз

## БӨДӨНӨНҮН ЭТИ ДАРЫ

**Жакып Кытайда жүргөндө ал жерде шаарда бөдөнөлөр атайын багылаарын, анын эти, жумурткасы ушунчалык дарылык касиетке ээ экендигин кийин үй-бүлөсүнө, бирге иштешкендерине такай айтып жүрүүчү экен. Дагы бир жагы, Жакып Алдашовдун Үркүндөн азап-тозокту көп тартып, анан Кытайда «кулча иштеп» жүргөнү, ден-соолугуна канчалык залал келсе да ушунчалык күч-кубатка, толуп-ташып турган жигерге, кара мээнетке ээ болушу, аны Матилахун өз баласындай санап, жакын көрүп,**

**эмгегин эң жогору баалап калгандан кийин, мүмкүн ошол бөдөнөнүн этин, жумурткасын Кытайда ара-чолодо көбүрөөк жеп жүргөндүгүнөн болсо керек деген да ой кетпей койбойт. Ошон үчүн бул канаттуунун этинин, жумурткасынын адамга пайдалуу жагын айта кетүүнү туура таптык.**

Кийинчерээк элибиз негизги, экологиялык жактан таза, кубаттуу тамак-аштарга басым жасап калышты. Байыртадан эле хандар, бектер бөдөнөнүн этип жеп, жумурткасын 17 күнгө чейинкисин дары үчүн чийкилей ичип. 17 күндөн 60 күнгө чейинкисин тамак катары бышырып жешчү экен деп айтылып келет.

Азыркы кезде шаарда, айрым айылдарда, чет өлкөлөрдө да бөдөнөканаларды уюштурган, бөдөнө багып, анын азык-түлүгүн элге тартуулагандар улам арбып бaратат. Көрсө, адам баласына эң керектүү витаминдерге бай, дарылык касиети менен бөтөнчө болгон бөдөнөнүн жумурткасы тура. Ал биринчиден адамга дарман берсе, экинчиден, каны аздарга, кант диа-

бетинен азап чеккендерге, кан басымы жогоруларга нормалдаштыруу касиетине ээ экен. Жада калса, жумуртканын сырткы кабыгы чылгый, тагыраак, 97,7 % кальций экендиги таңкалычтуу эмес. Акылман кыргыз элибиз эзелтеден эле төрөлгөн балдарды аң-сезимдүү, акыл-эстүү, ден-соолугу чың, толук кандуу адам болсун деп, бөдөнөнүн жумурткасын берип, каны аз төрөлгөн наристелерди бөдөнөнүн парынан жаздык жасап, бешикке олпокко да пайдаланып келишкендиги бекеринен эместир.

Ушул кезде Бишкекте бөдөнө баккандар 17 күнгө чейинки жумурткаларды бир даанасын 10 сомдон, андан ашканын тамак-ашка пайдалануу үчүн 5 сомдон сатышат. 17 күндөн кийинки жумурткасын бөдөнөгө бастырууга, чийки ичүүгө да болбойт. Себеби, эскиргендигине байланыштуу, андан балапан чыкпайт, ичкенге дарылык касиетин да жоготуп коёт. 18 күндөн 60 күнгө чейинкиси 5 сомдон болуп, ал тамак-аш үчүн пайдалуу. Ал тооктун жумурткасынан 4,5 эсе ку-

баттуу. Тактап айтканда, тооктун бир жумурткасы 100 гр. этке барабар болсо, бөдөнөнүн жумурткасы 450 грамм этке барабар. Жылкынын денеси 42 градус энергия чыгарса, бөдөнөнүн денесинен 42 градус энергия чыгаарын Германия, Япония, Кытай окумуштуулары аныкташкан.

Элибиз кылымдар бою бөдөнөнү талаадан кармашып, жумурткасын жешкен. Учурда аны үй канаттуусу кылып багышат. Албетте, табигый чөптөр менен азыктанган жапайы бөдөнөгө караганда анын азык-түлүгү ылдыйыраак болсо керек. Ошентсе да сапаттуу экендигин лабораториялык анализдөөлөр көрсөткөн.

Япония 1945-жылы Хиросима жана Нагасаки шаарларына бомба түшкөндөн кийин Кытайда багылган бөдөнөлөрдү сатып келип, радиациядан ууланган элди сактап калуу үчүн дарыгерлердин рецеби менен күнүгө 2 даанадан чийки ичиришкен. Ушу күнгө чейин мамлекеттик деңгээлде мыйзамдар иштелип чыгып, ар бир наристе жогорку аң-сезимдүү өсүшү

үчүн күндө 2 даанадан чийки жумуртка ичиришет. Анткени, организмдеги уу заттарды бөдөнөнүн жумурткасынан башка эч нерсе тез чыгара албайт. Ал канды тазалап, жүрөк-кан тамырларын жакшыртаары Япониядан изилденген.

Демек, бөдөнөнүн этин, жумурткасын жеп, белгиленген күнгө чейинкисин чийкилей ичүү ден-соолукка шыпаа экенин унутпайлы.

*(Маалымат булактарынан топтогон Ө. Дөлөев)*

*2015-жыл, 25-апрель, 2017-тоок жылы.*

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ



Дөлө уулу Өмүрбек, 1947-Доңуз жылында, 15-сентябрда, Дүйшөмбү күнү, Нарын облусунун, Ак-Талаа районунун Коңорчок айылында, жылкычынын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. Билими жогорку.

1964–65-окуу жылында Чолок Кайың айылындагы Ленин атындагы №1 орто мектебин бүтүрүп, 1966-жылы Нарын шаарынан шоферлук курсту аяктап, 8.04.1966–30.07.1967-ж.ж. «Кыргыз айыл чарба техника-

сынын» Ак-Талаа райондук өндүрүштүк бирикмесинде шофер болгон. 1967–1970-ж.ж. Бишкекте финансы-экономикалык техникумунда окуган. 1970-жылы августтан, 1970-ж. 22-декабрына чейин Ак-Талаа райондук финансы бөлүмүндө киреше боюнча инспекторлукта иштеген.

22.12.1970-1.08.72-ж.ж. Ак-Талаа райондук «Колхоз эмгеги» гезитинде адабий кызматкер, 5.06.1980-ж.чейин аталган басылмада айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 4.12.1999-ж.чейин «Колхоз эмгеги» газетасында редактордун орун басары, 4.12.1999-жылдан бери «Айыл турмушу» (мурдагы аты 1988-жылы өзгөргөн) газетасында редактор, 2013-жылдын июль айына чейин коллегия мүчөсү.

1982-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «журналистика» факультетин бүтүргөн. СССР Журналисттер Союзунун (1978), СССР Жазуучулар Союзунун (1988), эки кошуундун тең башкармалыктарынын мүчөсү. Окурмандарга таанымал белдүү таланттын чыгармалары калың

журтка 1-январь, 1969-жылдан бери («Ленинчил жаш» республикалык газетасынын аталган жылдагы №1-саны) белгилүү. Азыр 24 китепке, ырдалып жүргөн обондуу 90дон ашуун ырларга, 7 дастандарга автор.

Демократияны калыптоодо №22-Ак-Талаа округдук шайлоо комиссиясынын (1995-ж.Президенттик шайлоодо) төрагасы, шайлоо жана Референдум өткөрүүдө №12-Кара-Суу (эки жолу) жана №6-Байгөнчөк участкалык шайлоо комиссиясына (бардыгы үч жолу) төрага болуп, өз үлүшүн кошкон. Эки жолку Президенттик шайлоодо (күбөлүк №55.22.09.2000-ж. күбөлүк №218. 19.06.2008-ж) «Президентке ишенимдүү адамы» кызматын өтөгөн.

СССР Эл депутаттыгына талапкер Жунусбек Туташовдун (1989), КР Жогорку Кенешине талапкерлер Жайлообай Абдиев, Эркинбек Аманалиев (2000), Дөөлөтбек Берикбаевдин (2005) ишенимдүү адамы болуп, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа райондорунун, Нарын шаарынын шайлоочуларында айлар бою жолугушууларда жүрүп, кеңири чыгып сүй-

лөө вазийпасын аткарган. КР Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Шамшыбек Осмонкулович Медетбековдун (2000-2005) Ак-Талаа району боюнча коомдук жардамчысы (күбөлүк №717) болгон.

1975-жылдан 1990-жылга чейин республикалык «Советтик Кыргызстан», «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» газеталарынын штаттан сырткаркы кабарчысы болгон жана Ак-Талаа району боюнча алардын кабарчылар постун жетектеген. Бул милдет ага «Коммунист», «Кыргызстан аялдары», «Жаш Ленинчи», «Ден-соолук» журналдарынын редакциялары тарабынан да зор ишеним менен жүктөлгөн. Облустук «Нарын правдасы», «Ысык-Көл правдасы» гезиттери, республикалык жана облустук радио, телеберүүлөр редакциялары менен дайыма тыгыз байланышта, активдүү иштешкен. ММКларга Ак-Талаа жөнүндө ар убак ар кыл материалдарды берип турган жана азыр да берүүдө.

1995-жылдан облустук «Теңир-Тоо», 1997-1998-ж.ж. республикалык «Асаба», 2008-ж. республикалык «Айыл

журтка 1-январь, 1969-жылдан бери («Ленинчил жаш» республикалык газетасынын аталган жылдагы №1-саны) белгилүү. Азыр 24 китепке, ырдалып жүргөн обондуу 90дон ашуун ырларга, 7 дастандарга автор.

Демократияны калыптоодо №22-Ак-Талаа округдук шайлоо комиссиясынын (1995-ж.Президенттик шайлоодо) төрагасы, шайлоо жана Референдум өткөрүүдө №12-Кара-Суу (эки жолу) жана №6-Байгөнчөк участкалык шайлоо комиссиясына (бардыгы үч жолу) төрага болуп, өз үлүшүн кошкон. Эки жолку Президенттик шайлоодо (күбөлүк №55.22.09.2000-ж. күбөлүк №218. 19.06.2008-ж) «Президентке ишенимдүү адамы» кызматын өтөгөн.

СССР Эл депутаттыгына талапкер Жунусбек Туташовдун (1989), КР Жогорку Кенешине талапкерлер Жайлообай Абдиев, Эркинбек Аманалиев (2000), Дөөлөтбек Берикбаевдин (2005) ишенимдүү адамы болуп, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа райондорунун, Нарын шаарынын шайлоочуларында айлар бою жолугушууларда жүрүп, кеңири чыгып сүй-

лөө вазийпасын аткарган. КР Жогорку Кенешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Шамшыбек Осмонкулович Медетбековдун (2000-2005) Ак-Талаа району боюнча коомдук жардамчысы (күбөлүк №717) болгон.

1975-жылдан 1990-жылга чейин республикалык «Советтик Кыргызстан», «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» газеталарынын штаттан сырткаркы кабарчысы болгон жана Ак-Талаа району боюнча алардын кабарчылар постун жетектеген. Бул милдет ага «Коммунист», «Кыргызстан аялдары», «Жаш Ленинчи», «Ден-соолук» журналдарынын редакциялары тарабынан да зор ишеним менен жүктөлгөн. Облустук «Нарын правдасы», «Ысык-Көл правдасы» гезиттери, республикалык жана облустук радио, телеберүүлөр редакциялары менен дайыма тыгыз байланышта, активдүү иштешкен. ММКларга Ак-Талаа жөнүндө ар убак ар кыл материалдарды берип турган жана азыр да берүүдө.

1995-жылдан облустук «Теңир-Тоо», 1997-1998-ж.ж. республикалык «Асаба», 2008-ж. республикалык «Айыл

журтка 1-январь, 1969-жылдан бери («Ленинчил жаш» республикалык газетасынын аталган жылдагы №1-саны) белгилүү. Азыр 24 китепке, ырдалып жүргөн обондуу 90дон ашуун ырларга, 7 дастандарга автор.

Демократияны калыптоодо №22-Ак-Талаа округдук шайлоо комиссиясынын (1995-ж.Президенттик шайлоодо) төрагасы, шайлоо жана Референдум өткөрүүдө №12-Кара-Суу (эки жолу) жана №6-Байгөнчөк участкалык шайлоо комиссиясына (бардыгы үч жолу) төрага болуп, өз үлүшүн кошкон. Эки жолку Президенттик шайлоодо (күбөлүк №55.22.09.2000-ж. күбөлүк №218. 19.06.2008-ж) «Президентке ишенимдүү адамы» кызматын өтөгөн.

СССР Эл депутаттыгына талапкер Жунусбек Туташовдун (1989), КР Жогорку Кенешине талапкерлер Жайлообай Абдиев, Эркинбек Аманалиев (2000), Дөөлөтбек Берикбаевдин (2005) ишенимдүү адамы болуп, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа райондорунун, Нарын шаарынын шайлоочуларында айлар бою жолугушууларда жүрүп, кеңири чыгып сүй-

лөө вазийпасын аткарган. КР Жогорку Кенешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Шамшыбек Осмонкулович Медетбековдун (2000-2005) Ак-Талаа району боюнча коомдук жардамчысы (күбөлүк №717) болгон.

1975-жылдан 1990-жылга чейин республикалык «Советтик Кыргызстан», «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» газеталарынын штаттан сырткаркы кабарчысы болгон жана Ак-Талаа району боюнча алардын кабарчылар постун жетектеген. Бул милдет ага «Коммунист», «Кыргызстан аялдары», «Жаш Ленинчи», «Ден-соолук» журналдарынын редакциялары тарабынан да зор ишеним менен жүктөлгөн. Облустук «Нарын правдасы», «Ысык-Көл правдасы» гезиттери, республикалык жана облустук радио, телеберүүлөр редакциялары менен дайыма тыгыз байланышта, активдүү иштешкен. ММКларга Ак-Талаа жөнүндө ар убак ар кыл материалдарды берип турган жана азыр да берүүдө.

1995-жылдан облустук «Тенир-Тоо», 1997-1998-ж.ж. республикалык «Асаба», 2008-ж. республикалык «Айыл

өкмөтү» гезиттеринде Ак-Талаа району боюнча өз кабарчылыгында иштеген.

Журналисттердин республикалык У1 (28.11.1981), У11 (31.01.1987), Кыргыз ССРинин жумушчу жана айылдык кабарчыларынын 11 (1989) съезддерине, Кыргызстан элдеринин Курултайына (6.03.2003), Журналисттердин улуттук конгрессине (21-23.08.2001), Кыргыз Жазуучуларынын У111 Курултайына (23.12.2006), андан кийинки эки курултайына, Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын VI Курултайына (17.04.2009) катышкан.

1985–1986-ж.ж. коомдук башталышта «Сергектик» коомунун райондук Советинин төрагасы милдетин аркалаган. 1992-жылдан бери «Ак-Талаа-Эл» коомунун Ак-Талаа району боюнча вице-президенти. 2001-жылдан бери «Тайлак баатыр» коомдук фондусунун төрагасы (2014-жылга чейин). 2003-жылдан 2013-жылга чейин Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун облустук бөлүмүн жетектеген. Ак-Талаа райондук ардагерлер кеңешинин 2013-жылдан бери төрагасы. Эл аралык Ч.Айтматов атындагы клубдун мүчөсү.

Май, 1974-жылдан, август, 1991-жылга чейин КПССке мүчө болгон. Райондун 50, 60, 70 жылдыгын, Тоголок Молдонун 130, 150, Мусанын 90, Тайлак баатырдын 200, 220, Муса Баетовдун 100, Казыбек казалчынын 100, Ажыбек баатырдын 200 жылдыктарын өткөрүүгө өз салымын кийирген. Илимий-практикалык конференцияларда доклад менен чыккан. Кыргыз Эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин 60 жылдыгы (1988) Ак-Талаада өтүп, башкы докладчы Ө.Дөлөев болгон. Жазуучунун 70 (1998) жылдыгына да активдүү кызмат жасаган. Ак-Талаанын 70, 80 жылдык, Нарын облусунун 70 жылдык энциклопедияларына автор.

КР Журналисттер Союзунун республикалык чыгармачылык конкурсунун Нарын облусундагы үч жолку жалгыз жеңүүчүсү. Жаш акындардын Токтогул районунда өткөн республикалык фестивалынын (1988), КР Журналисттер Союзунун Нарын облусундагы Сулайман Мамбеталиев атындагы сыйлыгынын биринчи лауреаты (1998). « Маданияттын мыкты кызматкери»

(2004), «КР Президентине караштуу тил боюнча улуттук комиссиясынын «Кыргыз тили» (2007), «Айыл чарбасынын отличниги» (2008), ВЛКСМ БКнын «Комсомолдук активист» (1973), Тоголок Молдонун 150 жылдыгына арналган жана «Ак-Талаа районунун 80 жылдыгы» төш белгилеринин, КР өзгөчө кырдаалдар министрлигинин «Аскердик-жарандык кызматташтыкты чыңдагандыгы үчүн» медалынын ээси.

«КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» (16.10.2006) наамын, «КР алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсия алуучу» (6.02.2007) наамын, «Нарын облусунун Ардактуу атуулу» (2007), «Ак-Талаа районунун Ардактуу атуулу» (2008), Баетов (2008), Ак-Кыя, Конорчок (1997) айылдарынын Ардактуу атуулу Ардак наамдары, КР өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Канатбек Муратбековдун «Ыраазычылык Каты» ыйгарылган.

КР Грамотасы (1995) баштаган КР көзөмөл комитетинин, КР Журналисттер Союзунун, «Билим» коомунун, ВЛКСМ БКнын, Кыргызстан ЛКЖС БКнын, партиянын Нарын об-

комунун, Ак-Талаа райкомунун, комсомолдун райкомдорунун 24 Ардак грамоталары, «Манас-1000» эстелик кол сааты менен сыйланган.

Райондо «Талант» музейин (1992) түзгөн. Шаардагы жашаган ак-талаалыктар менен райондун байланышын чыңдоого, «Ак-Талаа-Эл» коомун ошол биримдик менен түзүүгө жеке салымын кийирген. 1982-жылдан гезиттин алдындагы «Үмүт оттору» адабий ийримин түзгөн жана жетектеген. Республикадагы 20дан ашуун аты элге белгилүү журналисттер, акын-жазуучулар «Үмүт оттору» адабий ийриминен таалим алгандар, райгазета аркылуу алгачкы чыгармачылык тушоосу кесилгендер. «Түрк антологиясында» «Кыргыз адабияты» томдугунда (410–412-беттер. Анкара-2005), «Кыргыз поэзиясынын антологиясында» (2000) өмүр баяны, ырлары жарык көргөн, «Кыргыз поэзиясы англис тилинде» китебине (2010) басылган, жаштардын орус тилиндеги жыйнагына киргизилген ырлары кирген. Чыгармачылыгы «Азаттык» эл аралык радиосунда, республикалык мезгил-

дүү басма сөздөрдө, үналгы, сыналгы берүүлөрүндө 1969-жылдан бери берилип, чагылдырылып келүүдө.

Ак-Талаада 1993-жылы сентябрда эл массасынын катышуусу астында адабий чоң кечеси, 1997-жылы 50, 2007-жылы 60 жылдык маарекелери Кыргыз Жазуучулар, Журналисттер Союздарынын биргелешип түзгөн жана Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын, райкенештин түзгөн юбилейлик уюштуруу комиссияларынын жетекчилиги, Шүкүрбек Бейшеналиев, Маркабай Ааматов, Кожогелди Култегин, губернатор Эмилбек Узакбаев сыяктуу республикадан, облустан келген жетекчиликтердин, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн жоон топ делегацияларынын катышуусу астында салтанатталган.

2015-жылы «КР эмгек сиңирген мугалим», Нарын облусунун, Ак-Талаа районунун Ардактуу атуулу, маркум Жамангулов Мукамбет (Мукаш) ажы атындагы адабий, маданий кароо-сынактын 1-Майга карата чыгарылган жыйынтыгы менен жеңүүчү аталып, Араб Эмираттарына атайын жолдомо

аркылуу жубайы менен 20-сентябрдан баштап, бир жумага барып келген.

Ушул эле 2015-жылдын, 15-майында түрк тилдүү калктардын маданияты эл аралык ТҮРКСОЙ, Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзу, коомдук телерадиоберүү корпорациясы биргелешип уюштурган «Беш акын» теледолбоорунун алгачкы адабий-музыкалуу кечесине катышкан. Ал кече жыл бою телекөрсөтүүдөн берилген. Аны жыйынтыгы менен Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун «Сиңирген эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган. Улуттук балдар адабиятын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн акын Өмүрбек Дөлөевге Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыгы Диплому, төш белгиси менен 1-июнь, 2017-жылы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү. Кыз алган жары Турганова Бурганбүбү (2-февраль, 1952–2005-ж. 29-май) 34 жыл бирге жашап, капилет сыркоодон каза болгон. Бул багытта «Кош бол, жазым!» эстелик китебин чыгарган. Кийинки жубайы Арыкова Айнаш Жумабековна жеке ишкер.

дуу басма сөздөрдө, уналгы, сыналгы берүүлөрүндө 1969-жылдан бери берилип, чагылдырылып келүүдө.

Ак-Талаада 1993-жылы сентябрда эл массасынын катышуусу астында адабий чоң кечеси, 1997-жылы 50, 2007-жылы 60 жылдык маарекелери Кыргыз Жазуучулар, Журналисттер Союздарынын биргелешип түзгөн жана Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын, райкенештин түзгөн юбилейлик уюштуруу комиссияларынын жетекчилиги, Шүкүрбек Бейшеналиев, Маркабай Ааматов, Кожогелди Култегин, губернатор Эмилбек Узакбаев сыяктуу республикадан, облустан келген жетекчиликтердин, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн жоон топ делегацияларынын катышуусу астында салтанатталган.

2015-жылы «КР эмгек сиңирген мугалим», Нарын облусунун, Ак-Талаа районунун Ардактуу атуулу, маркум Жамангулов Мукамбет (Мукаш) ажы атындагы адабий, маданий кароо-сынактын 1-Майга карата чыгарылган жыйынтыгы менен жеңүүчү аталып, Араб Эмираттарына атайын жолдомо

аркылуу жубайы менен 20-сентябрдан баштап, бир жумага барып келген.

Ушул эле 2015-жылдын, 15-майында түрк тилдүү калктардын маданияты эл аралык ТҮРКСОЙ, Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзу, коомдук телерадиоберүү корпорациясы биргелешип уюштурган «Беш акын» теледолбоорунун алгачкы адабий-музыкалуу кечесине катышкан. Ал кече жыл бою телекөрсөтүүдөн берилген. Аны жыйынтыгы менен Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун «Сиңирген эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган. Улуттук балдар адабиятын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн акын Өмүрбек Дөлөевге Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыгы Дипломуу, төш белгиси менен 1-июнь, 2017-жылы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү. Кыз алган жары Турганова Бурганбүбү (2-февраль, 1952–2005-ж. 29-май) 34 жыл бирге жашап, капилет сыркоодон каза болгон. Бул багытта «Кош бол, жазым!» эстелик китебин чыгарган. Кийинки жубайы Арыкова Айнаш Жумабековна жеке ишкер.

Акын, журналисттин үч баласы бар – Кылычбек, Жылдызбек, Сыймыкбек. Кылычбеги төрт кыздуу. Жылдызбеги эки уул, бир кыздуу (бир уул, бир кызы эгиз). Кичүү уулу Сыймыкбек үйлөнө элек. Үчөө тең жогорку билимдүү. Кылычбек менен Сыймыкбек техникумду да бүтүшкөн. Неберелери жетөө. Үй-бүлөсүнөн, бир тууганадарынан эч кимиси соттолгон эмес.

Райондук «Айыл турмушу» газетасы 8-март, 1940-жылдан бери чыгат. ӨМҮРБЕК анда 1970-жылдан же гезитке 77 жыл толсо, анын 47 жылында иштеп келаткан. Газета республикада алдыңкы газеталардан аталат. 2016-жылы Тарых жана маданият жылындагы иш-чараларды басма сөздөрдө мыкты чагылдыргандыгы үчүн «Айыл турмушу» газетасынын эмгек жамааты республикада экинчи орунду ээлеп, Диплом, 30 миң сом акчалай сыйлыгы менен сыйланган.

## Мазмуну


Теңир-тоонун «Мичурини» .................... 5
Аны Жети-Өгүз жергеси жараткан .................... 13
Доңуз жылында туулган .................... 14
Мүйүздүү эне же Бугу уруусу баяндары .................... 17
Калыгул олуянын Бугу эне баяны .................... 29
Үркүнгө чейинки турмуш .................... 31
Кытайдагы кыйынчылык жашоо .................... 37
Эмгек жолу-эрезеге сапар .................... 40
Көксөгөн эли-жеринде .................... 45
Таш-Рабат чекара комендатурасында .................... 49
Илимий өндүрүштүк бирикмеде .................... 59
Согушта да эрдик көрсөткөн .................... 65
Урматтуу Жакып Алдашов ата! .................... 70
Кайрадан кандим ишинде .................... 72
Жаңы турмуш, жаркын келечек .................... 75
Үмүтү акталып, үйү базар болду .................... 79
Ак жолтой кыз Жумагүл .................... 82
Уулдуу болуу урмат .................... 85
Эмгегин эли баалаган .................... 87
Ардактуу ата, бийик адам .................... 93
Жерге да өмүр берген баатыр адам .................... 102
Данакер .................... 107
Атамды эскерүү .................... 119
Теңир-тоого жаңы өсүмдүктөрдү өстүргөн .................... 132
Куузика-сүттүн булагы .................... 132
Жакыптын үйүндө сакталып калган
айрым документтеринен .................... 140
Бөдөнөнүн эти дары .................... 143

Автор жөнүндө .................... 148

**Өмүрбек Дөөлөев**

# ТЕҢИР-ТООНУН «МИЧУРИНИ»

Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Басууга 20.06.2017-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70х90[1]/[32].
10,0 б.т. Нускасы 500.

---

«Улуу тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.